# КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!

Өз чөлүңөрдү күч менен максатка айландыргыла

ДЖОН БИВЕР

Кымбаттуу досум,

Качан биз сыноолор жана кыйынчылыктарга дуушар болгонубузда, Кудайдын убадаларын көз алдыбыздан жоготуп коёбуз. Мен бул китепти силерди шыктандыруу үчүн жаздым, жашоонун ар бир баскычында максаттар болот, ал тургай чөлдө дагы.

Так ошол чөлдөн өтүп бараткан кезибизде Ал алдын ала биз үчүн белгилеп койгон улуу пландарга бизди даярдоо менен, мүнөздөрүбүздү калыптандырып жана жүрөгүбүздү жумшартат. Бизге Кудай унчукпаган сыяктуу, Ал бизден алыс жакта болгон сыяктуу сезилет, бирок Кудай бизди калтырган жок; Ал бизде Өзүнүн иштерин жасап жатат. Бул китептин беттеринен силер качан чөлдөн ийгиликтүү өтүп бараткаnyңарда кыймыл – аракет башталарын көрөсүңөр.

Бул китеп – силер үчүн белек. Шыктандырууга муктаж болгон башка ишенгендердин баары менен аны тайманбастан бөлүшө берүүгө болот. Ошондой эле, өзүңөрдүн тилиңерде жашооңорду өзгөртө ала турган, көптөгөн каражаттарды окуп-билүү үчүн CloudLibrary.org, сайтына киргиле.


Азаптардан өтүү аркылуу силер Анын үнүн жакшы угууга жөндөмдүү болуп, Анын күчү менен бийлигин алып, өз чөлүңөрдөн чыгышыңар үчүн сыйынам.
Алтын отто тазаланган сыяктуу эле, силердин тазалануу убактыңар да таза алтынды жаратсын деп мен сыйынам.

Анын убадаларын сактап жана өз сапарыңарды ийгиликтүү аяктагыла!

Баталуу болгула!

Джон





CloudLibrary.org

Джон Бивер
JohnBevere@ymail.com

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

# КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!

Өз чөлүңөрдү
күч менен максатка
айландыргыла


КУДАЙ,
СЕН
КАЙДАСЫҢ?!
Өз чөлүңөрдү
күч менен максатка
айландыргыла
ДЖОН БИВЕР

God Where Are You?! by John Bevere, Kyrgyz
© 2019 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Originally published in English as God Where Are You?!
Additional resources in Kyrgyz by John Bevere are available
for free download at: www.CloudLibrary.org
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

«Кудай, Сен кайдасын?!» Джон Бивер, кыргыз тилинде
© 2019 Messenger International
www.MessengerInternational.org
«God Where Are You?!» деген ат менен англис тилинде басылып чыккан.
Джон жана Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча
каражаттарын www.CloudLibrary.org сайтынан бекер жүктөп алууга болот.
Автордун байланыша турган электрондук дареги: JohnBevere@ymail.com

# МАЗМУНУ


БАШКЫ СӨЗ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . vii

КИРИШҮҮ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1

1 «СЕН КАЙДАСЫҢ?» . . . . . . . . . . . . . . . . .5

2 ЖАКШЫ КОМПАНИЯДА . . . . . . . . . . . . . . .19

3 ЗАРЫЛ БОЛГОН ЧӨЛ . . . . . . . . . . . . . . . .31

4 ӨЗ АРА МАМИЛЕ . . . . . . . . . . . . . . . . . .43

5 ЖАҢЫ ШАРАП . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .59

6 АСМАНДАГЫ СЫЙЛЫК . . . . . . . . . . . . . . .77

7 КУДАЙДЫН КЕРЕМЕТТҮҮ ЖОЛУ . . . . . . . . .91

8 ПАЙДУБАЛЫ МЕНЕН КУРГУЛА . . . . . . . . .109

9 КҮЧ МАШЫГУУСУ . . . . . . . . . . . . . . . .127

10 ЧӨЛДӨГҮ СУУ . . . . . . . . . . . . . . . . . .143

11 ТЕҢИРГЕ ЖОЛ ДАЯРДАГЫЛА . . . . . . . . . .159

12 ЧӨЛДӨГҮ ЖЕҢИШ. . . . . . . . . . . . . . . . .177

ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР . . . . . . . . . 199

ТИРКЕМЕ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 205

# БАШКЫ СӨЗ

*«Теңир Сионду ушинтип сооротот, анын бүт урандыларын сооротот, анын чөлдөрүн бейиштей кылат, ээн талааларын Теңирдин багындай кылат. Ал жерде кубаныч жана шаттык болот, даңктоо сөздөр жана ырлар болот».*

**– Ышайя 51:3**

Мен Ышайанын китебин жактырам – ал менин Байыркы Осуяттагы эң бир сүйүктүү пайгамбарым. Бул аятта биздин багыбыздагы түшүмсүз боштуктарыбызды чын жүрөгүнөн өмүргө толтургусу келгендигин көрсөтүү үчүн Ышайа аллегорияны колдонот. Анын сөзү чөлдөгү кургак топурак чынында эле биздин өзгөрулүшүбүз үчүн стимул болорун көргөзүп турат. Качан бизден болгон нерсебиздин баарын тартып алышканда, биз эмне болоору тууралуу аян алабыз. Биздин Атабыз бизди баталуу жерибизге чейин алып келүү үчүн, даярдануу сезону аркылуу нан алып өтөт.

Бизди капалыктын эшилме кумдары каптап калуу коркунучу туулган көңүл чөгүүнүн чөлүнөн өтүп бара жатып, мага өз күйөөмдүн жанында болуу артыкчылыгы туура келди. Мен анын кантип сыйынып, кантип талкуулап жана кантип «Кудай, Сен кайдасың?!» деп чакырганын байкап жүрдүм.

Биз көбүнчө эле кечке чейин отуруп, анан эмне туура эмес болуп калды деп өзүбүздөн сурай берчүбүз. Балким, биз көзөмөлдөөгө жол берип койгондурбуз, же оңдогонго боло турган каталыктарды жиберип койгондурбуз?

Күн сайын эртең менен эрте күн чыга электе эле Джон үйдөн чыгып, жооп издеп, аны уккусу келип … ошентүү менен бул күн

айкындык жана өзгөрүүлөрдү алып келет деп үмүттөнө берчү. Мен анын кайтып келишин тынчсызданууу менен күтчүмүн. Ал кайтып келгенге чейин биздин уулдарыбыз уктап калышар эле.

- Сен Кудайдан бир нерсе уга алдыңбы? – деп шыбырап сурачумун.

Джон башын чайкачу. Менин жүрөгүмдү кайгы каптап, анан ниүмүтүм караңгылап кетчү.

Балким, биз келесоо болгон чыгаарбыз? Биз чын эле Кудайдан бир нерсе укчу белек? Кантип эле ошол чындык болчу? Эгерде бул жерге бизди Кудай алып келген болсо, анда эмне үчүн биздин ээн калган жерлерибизде Ал унчукпайт?

Ооба, мен чөлдө наалычумун.

Ошол мезгилде мен азыр билгендеримди билүүнү канчалык каалаган болчумун! Андай болгондо, мен ээн жерден жеңилденген жүрөк жана жеңилденген кадамдар менен, ишенимге толуп өтмөкмүн. Мен анда тазалануунун жана даярдануунун процессиннен өтүп жатам деп түшүнмөкмүн.

Ушунун баарынын айдыңынан алып караганда, бул китеп – көп жагынан жол көрсөтүүчү жана белек. Бул сезондун сабактарын кабыл алгыла жана алар кийин силерге кызмат кылат.

Сергек болгула! Силер жалгыз эмессиңер!

- Лиза Бивер.
«Нью-Йорк Таймс» тын версиясы боюнча бестселлерлердин автору, «Мессенджер Интернейшнл» кызматынын куруучуларынан.

# КИРИШҮҮ

Бул китеп менин чөлдө жүргөн мезгилим жөнүндө жана ошондой эле, көптөгөн адамдардын ушул сыяктуу күндөрү жөнүндө айтып берет. Мен али «жеткен» жокмун жана мен үчүн Кудайда болгон нерселердин баарына жете элекмин. Бирок, мен силер бул китептин беттеринен күч алып жана Кудайдагы чакырылган максатыңарга баруудагы жеңишиңерге умтулушуңар үчүн сыйынам.

Мен муну ар тараптуу жана баарын камтыган изилдөө деп айта албайм. Бул темага карата жазылган көп нерселер бар. Бирок, мен чын жүрөгүмдөн бөлүшкүм келип жаткан таржымал, чөлдөгү сезондун негизги аспектерин өз ичине камтыйт. Бул китептин максаты – ушул жазылгандарды Ыйык Рухтун силердин жашооңорго колдонушуна жол берүү менен, бул тема менен силерди тааныштыруу.

Бул китепте чөл эмне болуп эсептелери жана эмне болуп эсептелбери – анын максаты жана пайдасы жөнүндө айтылат. Ушул китептеги мисалдардын жана насааттардын жардамы менен ушул чөл сезонунан акылмандык менен өтүп кетсин деп мен силер үчүн сыйынам.

Китепти окуп жатканда силер менин кызматтагы эки милдетиме тиешелүү болгон көптөгөн мисалдарды байкайсыңар. Биринчи милдетте мен өзүмдүн пасторума жана анын Далластагы, Техастагы конокторуна төрт жарым жыл кызмат кылдым. Менин чөлдөгү мезгилим ушул кызматта жүргөн акыркы он сегиз ай ичинде болду. Менин чөлдөгү экинчи мезгилим Флоридадагы жыйындардын биринде эки жарым жыл жаштардын кайтаруучусу болгон кезимде келди. Ошондо башымдан өткөргөн чөлдөгү учурум менен салыштырганда, Далластагы чөл сезону пикникте жүргөндөй эле болуп калат эле. Таң калыштуусу, күч келтирген чөл сезону ушул эле

кызматтын акыркы он сегиз айын да өз ичине камтыды.

Менин жашоомдо мындан башка да чөл сезону болду беле? Ооба. Бирок, мен алар келе турган мезгилге карата, алар кандай болоорун бир топ көбүрөөк түшүнүп кала баштадым. Белгилүү болгондой, мен кайра-кайра: «Кудай, эмне болуп атат?» же «Кудай, Сен кайдасың?!» деп чакырып жаттым. Кийинки сезондор келгенге чейин чөлдө эмнелер болоору жана ага кандай таасирленип, кандай маани берүү боюнча мен көп нерсеге үйрөнүп калдым.

Мен ушундай сезондо жүргөн сансыз көп эркектер жана аялдар менен сүйлөштүм. Мындай сүйлөшүүлөрдө адатта өзүн жоготкон абал жана көңүл калуулар жөнүндө укчумун. Көпчүлүгү эмне болуп жаткандыгы тууралуу эч нерсени түшүнө алышпайт эле.

Жакында мен жана аялым Лиза экөөбүз чөл жөнүндө эки аудио программа жаздырдык, анан ушул темага карата биз качандыр бир кезде алгандан да өтө көп ой-пикирлерди алдык. Бул мени мурда жазган жана жарык көргөн «Чөлдөгү жеңиш» деп аталган китебимди кайра карап чыгууга мажбурлады.

Ал китепти болжол менен отуз жыл мурда жазгам. Аны кунт коюп кайра карап чыгуу менен, мен анын 1980-жылдардын аягы жана 1990-жылдардын башындагы мезгилге карата пайгамбарчылык жазуу болгондугун түшүндүм. Ошентип, мен жана менин редакторум алдына ала чындыкты бөлдүк, ошол отуз жыл аралыгындагы көптөгөн аяндарды кошумчаладык жана китепти толугу менен кайра жазып чыктык. Ансыз деле бул - жаңыланган жана каралып чыгылган китеп эмес, жап-жаңы жазылган китеп. Силер колуңарда кармап турган китеп, бүгүнкү күндө жардам берип жаткан сыяктуу эле, кийинки муундарга да ушул маанилүү сезонду баштарынан өткөрүүдө жардам берүү үчүн алдын ала жиберилген кат деп ишенем.

Насаатчыда 3:1 де жазылып тургандай: «Асман алдындагы бардык нерсенин өз убактысы бар». Биздин жашообузда да ар кандай сезондор бар жана ар бир сезондун максаты бар. Туура

кадам жасоо үчүн ар сезондун максатын билиш керек. Кимдир бирөөнүн аркан жолдор менен кышкы комбинизонду кийип алып сноуборддо муз тепкени тоого чыгып бара жатканын, анан ал жактан түшкөндөн кийин дароо жүз төмөндөп жыгылып жатканын карап туруу кызык болсо керектир эле. Эмнеге? Кептин баары бул окуянын кар жок, жай айларында болуп жаткандыгында! Анын аракеттери кыш мезгилинде болсо, ага пайда алып келмек, бирок алар жайкы сезондо ага талкалоочу, зыяндуу нерсе болуп калды.

Бул китептеги менин ниетим – ушул маанилүү сезондогу тазалоолор жана бекемдөөлөр тууралуу акылмандуулук менен бөлүшүү болуп саналат. Бул сезондун максаты – даярдануу. Мен кызмат жөнүндө өтө көп айтканымды дароо эле баамдайсыңар. Биздин баарыбыз эле ар кандай сфералар үчүн – бизнес, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик башкаруу, ж.б. үчүн чакырылганбыз. Менин чакырылуудагы максатым – беш жактуу кызмат кылуу жана бул менин таржымалымда чагылдырылган. Бирок, бул принциптерди Кудай силерди чакырып алгандагы ар кандай сферада колдонууга болот. Бизнес жаатындагы адамдардын өзүнүн чакырылып алынгандагы максатына даярдануу да, Жакшы Кабардын кызматчылары сыяктуу эле даярдыктарга муктаж. Анан да, бул жашоонун бардык сферасы үчүн ишенимдүү.

Анан дагы бир нерсе, мен бул китепке «Чөлдөн кантип өтүш керек» деп аталган текстти кошуп койдум. Бул кыскача жазылган идеялар менен шыктандыруулар силердин чөлдөн өтүп жаткан убактыңарды көбүрөөк жемиштүү кылууга жардам берет. Бул китеп айкындыкты алып келет, анан силер, бир кездеги мага окшоп билбестиктен азап чекпейсиңер. Ошондой эле, силерди Жалгыз, бизге чыныгы ырахатты бере ала Турганга туруктуу умтулуп калышыңар үчүн жандандырат.

Чын жүрөктөн силердин,
Джон Бивериңер.
Январь, 2019

1

# «СЕН КАЙДАСЫҢ?»

*«Биз кургакчылыкты, боштукту наалыбастан баштан кечирип жатканыбызда, Кудайдын сүйүүсү жөнүндө күбөлөндүрүп жаткан болобуз; бирок качан Ал Өзүнүн бирге болуу ырайымы менен келгенде, Ал бизге карата болгон Өзүнүн сүйүүсү жөнүндө күбөлөндүрөт».*

**– Мадам Гюйон / Жанна-Мария Бувье де ла Мотт Гюйон**

*«Бирок мен чыгышка барсам да, Ал жок, батышка барсам да, Аны байкабайм. Түндүктөн издесем да, Аны таппайм, Ал түштүктө жашынып турабы дейин десем, ал жактан да көрүнбөйт».*

**– Аюб 23:8-9**

Мен баарына ачуулангам. Эмнеге мындай болгонун өзүм да билбейм.

Бардыгы туура эмес болуп аткандай көрүнчү.

Биздин тунгучубуз, Эдисон 18 гана айлык куракта эле жана мен ага чыдай алчу эмесмин.

Мен аялым Лизага да кыйкырчумун.

Өзүмдүн кайтаруучуман да көңүлүм калган эле.

Мен чогуу иштеген адамдарга да капаланып жүргөм.

Чындыкты айта турган болсом, мен ушул Кудайдын Өзүнөн да көңүлүм калып, Ага да таарынып жүргөм. Мен: «Сен эмне кылып атасың?» деп наалычумун.

«Эмне үчүн Сен менин жашоомо таасир этпейсиң?»

«Сен мага берген убадалардын аткарылганы кана?»

«Эмнеге баары башкача?»

Эмне үчүн Сен мени менен сүйлөшпөйсүң?

Мен өзүмдүн нараазычылыктарымды кайра-кайрадан «Сен кайдасың?» деп наалып билдирип жаттым.

Силер качандыр бир кездерде Теңир силерге ушунчалык абдан жакын болгондой, силер Анын ысымын шыбырап эле койсоңор, Ал дароо эле силер менен болуп жана дароо эле жооп берген учурду башыңардан өткөрүп көрдүңөр беле?

Бирок, биз Ага билдирүүлөрдү биринин артынан бирин жөнөткөн

учурлар болуп, бирок жооп болбогон мезгилдер болгон. Кээде Ал толугу менен силердин жашооңордон жок болуп кеткендей болуп сезилген учурлар да болгондур. Балким, азыркы учурда ошондой кырдаалды башыңардан өткөрүп жаткандырсыңар жана силер да мен сыяктуу: «Кудай, Сен кайдасың?!» деп тынчтыкты бузуп кыйкыргыңар келип жаткандыр.

Мен чөлдө болгом, бирок, ал жөнүндө билген эмесмин. Мен өзүмдү Техас штатындагы Далласта жашаган, Кудайдан унутулуп калган, Ыйсанын жолун жолдогон жакшы адам катары эсептечүмүн. Мен анда жаш машайакчы болчумун, менин оюмча чындап чөлдө калгандай болгон бул абал менин жашоомдо биринчи жолу болду.

Мурда мен Теңирди чакырып сыйынганымда эле, Ал мага дароо жооп берчү. Ал такыр маанисиз эле болгон нерселерге да тездик менен жооп бергендиги эсимде. Ал менин жаныма өтө жакын, көрүнүктүү жана күчтүү сезилчү. Анан мен эмне болуп жатканын жөн гана түшүнө албай жаттым. Күндөн-күнгө тиземе туруп чөгөлөй: «Кудай, эмне болуп жатат? Менин оюмча Сен менден миллиондогон километрлер алыста окшойсуң!» деп жалынган күндөрүм болгон.

Мен дайыма: «Кандай тири-укмуш күнөөлөрдү кылып койдум экен?» деп суроо менен, өз жашоомду дайыма кайрадан карап чыкчумун.

Чынын айтканда, мен да башка адамдар сыяктуу эле мезгил-мезгили менен күнөө кылып койчумун. Бирок, мен Ыйса сунуш кылгандай, дароо эле тобо кылып, кечирим сурачумун. Менин жашоомдо атайын кылган жана узакка созулган күнөөлөр деле жок болчу.

Ошол кургакчылык маалында мен күн өткөн сайын: «Кудай, Сен эмне үчүн мени менен сүйлөшпөйсүң?» деп сурай берчүмүн.

Албетте мени Библиядагы улуу каармандар менен салыштырууга кайдан болсун, бирок, менин ал мезгилге карата таасирленүүмдүн кээ бир жактары анын таасирленүүлөрүнө окшош болчу. Бир кезде мага бейтааныш болгон Аюбдун сөздөрү эми мааниге ээ боло

баштады. Анын сөздөрүнүн ичинен кээ бирлери менин чөлдө калтырылгандагыдай болгон сөздөрүмдү абдан так сүрөттөп турду:

> Мына, мен алдыга бара жатам – Ал болсо, жок;
> Артка баратам – бирок, Аны таппайм;
> Ал сол жагында бир нерсе кылып жатабы десем, эч нерсе көрүнбөйт; Оң жакта жашынып турабы десем, карап таппайм. (Аюб 23:8-9).

Мен сыйынууну улантып жаттым, бирок асман жездей болуп тура берди.

Ошондо Теңир мага машайакчылык жашоо баланын өсүп жатышы менен белгилүү бир параллелге ээ экендигин көрсөттү

Мен рухий жактан наристе болчумун, бирок, жаңы этап да аралашып калган. Ошол мезгилде мен мунун эң сонун табийгый мисалдарын көрүп турдум. Эдисон болжол менен он сегиз айлык болуп калган. Лиза эң сонун эне болчу, ал Эдисон кыңк этер менен эле дароо жетип барып, ал үчүн кам көрчү. Бир гана көз ирмемде ал анын жардамынын, сооротуусунун кучагында болуп, эмчегин эмип, жыргап калчу.

Бирок, Эдисон да башка балдар сыяктуу эле, жеткилеңдикке жетишүү үчүн, өсүш керек болчу. Биздин уулдарыбыздын баарынын, алар бизде төртөө, өз колдору менен тамак жей турган мезгилдери келчү. Ой, кандай тартипсиздик башталды! Билем, силер мени түшүнүп жатасыңар. Алар тамак жегенге аракеттенип жатып, анын жарымысын полго, отургучка түшүрүп салышчу.

Балдар аларды мурдагыдай тамактандырбай калганыңар үчүн капаланышат, бирок силер андай кылууну токтотосуңар. Анткени, силер жоопкерчиликтүү ата-энелерсиңер. Уулдарыбыз тамак-аштарды ар кайсы жактарга чачып салганда, биз аларга кийлигишкибиз келген, бирок, биз андай кылсак, алардын өсүп-өнүгүшүнө тоскоолдук кылган болмокпуз. Биз балдарыбыздын

өсүшүнө мүмкүнчүлүк бердик. Биз алардын бирөөсүн дагы он сегиз жашына чейин кашык менен тамактандырууну уланткыбыз келген жок!

Жаңы төрөлгөн балдар өсө баштайт жана алар алган жардамдын деңгээли алмашып баштайт, мунун баары алардын чоңоюшу жана өсүшү үчүн. Кудай да биз рухта өсүп-чоңоюшубуз үчүн ушул сыяктуу мамиле кылат. Качан биз жогорудан төрөлүп жана Анын Рухуна толгонубузда, бир нече убакытка чейин Ал биздин биринчи чакырганыбызда эле даяр болуп турат. Бирок, кийинчерээк биз чоңоюп жетиле турган мезгил келгенде (менин оюмча биз ошондо сүттү эңсей бергенди токтотсок керек, Эврейлерге 5:12), Ал ар бир эле чакырганыбызга жооп бербей, бизге ээн жерден өтүүгө шарт түзөт.

Качан Теңир мага рухий жеткилеңдикке жетүү процесси дагы, ар бир адам балалык мезгилинен жетилген куракка жете турган мезгилге чейинки процесске окшош экендигин ачып бергенде, мен бул жөнүндө ойлонуп жана өзүмдөн сурап баштадым: «Кантип эле мен адашып калдым? Эгерде мен ошондой ээн жерден өтүп жаткан болсом, анда бул Теңирден болгон жаза эмеспи? Балким, мен жеткилеңирээк болуп, бирдемеге үйрөнүп жана Ыйса үчүн кызмат кылууга даярданыш үчүн мен чөлгө алып барылгандырмын?»

Ошондо мен Ыйса менен да так ушундай болгондугун эстедим. Жакан чөмүлдүрүүчү жана Анын Атасы Аны мактагандан кийин дароо эле, Ал Ыйык Рух аркылуу чөлгө алынып барылган. Ыйса үчүн бул сөгүш же жаза болгон эмес, анан албетте, Ал эч кандай күнөө да кылган эмес.

Ошентип, ачууга жана өзүмдү аягандыкка толуп турган жаным, акыр-аягында минтип ойлондум: *“Балким бул түйшөлүүнүн чөлү мен ойлогончолук эле коркунучтуу эместир?”*

# Чөлдү кабылдоо

Эгерде Ыйсага окшошкубуз келсе, анда биздин мүнөзүбүз такшалуусу керек. Негизи, чөл деген башынан эле – Кудай мына ушул үчүн тандап алган жер. Биз ал жакта болгон кезибизде Кудай бизден бир нече километрлер алыста болгондой, Анын убадалары болсо куру-бекердей сезилет. Бирок, бул болгону сезим гана, чынында андай эмес. Чынында эле. Ал дайыма биздин жаныбызда, анткени, Ал бизди эч качан калтырбайм да, таштабайм деп убада берген (Эврейлерге 13:5).

Чөл – бул силер кыялданып жаткан нерселерден тескери жакка бараткандай болгон жана силер ишенгендей, Ал бир кезде силерге берген убадалардан карама-каршы жакка кетип бара жаткандай сезилген мезгил. Чөлдө силер рухий өсүүнү жана өнүгүүнү сезбейсиңер. Силерге алдыга эмес эле, артка жылып бара жаткандай, Анын силердин жашооңордо болушу көбөйбөй эле азайып бараткандай көрүнүшү мүмкүн. Ал тургай, силерде сүйүктүү эместей, кароосуз калгандай сезимдер пайда болушу мүмкүн, бирок андай эмес.

Чынында чөл деген – Машайактын ар бир чыныгы жолдоочусу боло турган жер, бирок, ал жерде силер өзүңөрдү өтө эле жалгызсыраган абалда сезесиңер. Бул жерде чындык, Кудайдын ар бир баласы үчүн чөлдүн зарыл экендигинде жатат. Балким, Ыйсанын сергек жана жеткилең шакирти болуу үчүн, силерге чөлдөн бир нече жолу өтүүгө туура келеттир.

Мен силерге минтип айткым келет, карта боюнча силер үчүн кыска көрүнгөн кургак жерден өтүү маршрутун тандап алсаңар болот, же болбосо, аны айланып өткөн жолду тандасаңар болот, бирок, андай жол жок. Бирок, бул жакшы досум, анткени, эгерде биз убадаланган жерге чейин жеткибиз келсе, анда бизге бул ээндиктин же сезондун болушу зарыл.

# Чөл деген эмне?

Бактыга жараша, биздин көпчүлүгүбүз кургакчылык болгон жерде - суу абдан аз болгон жана башпаанек табууга өтө эле кыйын болгон чыныгы чөлдө эптеп жашаганга мажбур болобуз. Чыныгы чөлдө күндүз ысык, түндө суук, суусайбыз, ачка болобуз, анан биз өзүбүздү жалгыз сезебиз. Анын үстүнө, биз жоголуп кеткендейбиз жана ал жактан кантип чыгууну билбегендейбиз. Балким, биздин жашообузда буга окшогон түйшөлүүлөр болбогон чыгар, бирок, бизде чөлдү сезүү болгон. Бул китепте мен силерге чөлдөгү сапарымдагы бир нече маанилүү таржымалдарды айтып берем. Андайлар менде бир нече болгон жана алардын бирөөсү да жеңил болгон эмес.

Бул жердеги жакшы кабар мында, эгерде биз Кудайга тил алчаак болууга даяр болсок, анда чөл биз үчүн жагымсыз убакыт болбошу керек. Бул албетте логикалуулукка жатпагандай угулат чыгар, бирок, чөлдүн максаты ал тургай, абдан эле пайдалуу. Анткени, ал убакта бизди көбүрөөк түшүмдүү болушубуз үчүн, Анын Руху жаңы кыймылга даярдап жана бекемдейт, тазалайт жана үйрөтөт.

Чөлгө туш болгондо билбестен эле көпчүлүгү дүрбөлөңгө түшүшөт жана туура эмес кадамдарды жасашат. Өзүлөрү эмне кылып атканын түшүнүшпөй туруп эле, туура эмес нерселерди кылып алышат. Мунун мисалы катары карьерадагы радикалдуу өзгөрүш же бир жыйындан экинчи жыйынга өтүү сыяктуу жашоодогу ар кандай кескин өзгөрүүлөр алардын оюу боюнча, бакыт алып келчүдөй же мурдагы нормалдуу жашоосуна кайтарчудай сезишет. Мисалы, күйөөсү же аялы жоктор, жараат алып келген ажырашуудан кийин, ойлонбой туруп эле жаңы мамилени башташтары мүмкүн.

Эгерде силер эмне үчүн Кудай силерди белгилүү бир чөлгө жайгаштырганын түшүнбөй туруп, андан чыгуучу жолду издей турган болсоңор, анда билбестен туруп, анын арт жагын кийинкиге калтырып койгон болосуңар. Мунун айынан силер кыйынчылыкты,

көңүл калууну жана ал тургай, жеңилүүнү башыңардан өткөрүшүңөр мүмкүн, анткени Кудай силерди кайда жана эмне үчүн алып барганын түшүнбөйсүңөр.

Ысрайылдыктар менен кырк жыл бою так ушундай болгон. Алар менен болуп жаткан нерсени түшүнбөгөндүктүн айынан бүтүндөй бир муун Баталуу жерди мурастоого жараксыз болуп калды. Кандай гана өкүнүчтүү! Кудай аларды сыноо, үйрөтүү, даярдоо үчүн жана жеңип алуу үчүн, алардын өзүлөрүнүн Кудай убада кылган - жаңы мекенине киришине жөндөмдүү кылып даярдоо үчүн, чөлгө алып барган болчу. Бирок, муну түшүнүүнүн ордуна, ысрайылдыктар чөлдү жаза деп адашышты; анткени, алар дайыма наалышып, арызданышып жана башканы каалашты.

Чөлдү таштаганга, жеңип алып жана баталуу Жерди ээлегенге убакыт келди. Бирок, качан чалгынчылар кайрылып келип, эмнелерди көргөндүктөрү тууралуу айтып беришкенде, элдер арыздангандар менен наалыгандардын айткандарына кулак төшөштү. Кудайдын убадалары жана бир тараптын күчтүүлүгүн, бир тараптын алсыздыгын көрүп турган адамдык көз караштын алдындагы тандоонун алдында туруп, алар Кудайга эмес, адамга ишенүүнү тандашты. Алар жеңилүүгө дуушар болуп, өзүлөрүнүн бал жана сүт аккан жерлерине кирише албастыгы тууралуу жалганга ишеништи, Кудайдын табиятын жана мүнөзүн түшүнүшпөгөндүктөн, алар туура эмес кылышкан.

Кудай буга мындай мааниде жооп берди: «Мейли, каалаганыңардай аракеттенгиле». Бир жыл аралыгында басып өтүүгө белгиленген чөлдөгү саякат бүт өмүргө созулду.

Этиет болгула! Силер менен менин басып өткөн жолубузда да ушуга окшогон чечимдер эскерилишин каалабас элем! Бирок, Апостол Пабыл көрсөткөндөй, биз алардын каталарынан үйрөнүшүбүз керек: «Алардын башынан өткөн нерселердин баары бизге сабак болуш үчүн болгон…» (1 Корунттуктарга 10:11).

Эгерде биз чөлдү дароо ал жерде болуп калганда эле түшүнгөндү

үйрөнгөн болсок, анда тишибизди кычыратып, арыздангандын ордуна биз, бул жердин артында жеткилең «убадаланган жер», күч, бата, мүмкүнчүлүктөр, убадалардын аткарылышы турганына ыраазы болор элек. Көрүнүп тургандай, бул кыйын учурлар бизге анчалык деле кыйын көрүнбөй калат жана биз Жакыптын бул жазгандары менен макулдашабыз:

> «Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла. Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек» (Жакып 1:2,4).

## Чөлдүн мааниси кандай, мен эмне чаташып калдымбы?

Жакшы суроо.

Биздин көпчүлүгүбүз чөлдө калганыбызда минтип сурайбыз:

«Мен эмнени туура эмес кылып койдум? Мен кандайча Кудайга жакпай калдым?» Мунун себеби чөлдүн максатын жана маанисин түшүнбөгөндүктө.

Библияда жана бүткүл тарыхтын жүрүшүндө көптөгөн эркек аялдар чөл деген – бул аларды Кудай эмнеге чакырып алгандыгына карата даярдык экендиктерин моюнга алышты. Ошентип, чөл деген – Кудайдын баш тартып кетиши эмес, Анын бизди даярдоосу.

Албетте, туура эмес чечимдердин айынан деле чөлдө болуп калуу мүмкүн. Биз канчалык Ыйсага окшош болуп калсак да, баары бир күнөө менен күрөөшүүбүз керек, чындыктын баары мына ушунда жатат. Анан да, биз баары бир олуттуу чаташууларга дуушар болуп калышыбыз мүмкүн. Ошондуктан, бир гана туура эмес чечим же анчалык ийгиликсиз болгон чечим эле, бизди олуттуу көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн.

Бирок чындык, биздин кечиримдүү Кудайыбыз жана

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #1 Силер туш болгон убакытты түшүнгүлө

Биздин көпчүлүгүбүз чөлгө туш болгондо, таң калабыз. Кудай ушунчалык жакшы, ошондуктан биз Анын биз менен болушуна, батасына, убадаларына көнүп калабыз. Биз жөн гана бул жакшы күндөр бүтүшүн күтпөйбүз. Бирок, биз бирдемениндир өзгөргөнүн байкаган күн келет. Ошондуктан, дүрбөлөңгө түшүүнүн ордуна, түзүлгөн кырдаалды байкап көрүү керек. Силер эмнелер аркылуу өтүп жатканыңарды түшүнүшүңөр керек, анткени, эгерде силер кайсы сезондо жана кайсы жерде экениңерди түшүнбөсөңөр, силердин таасирленүүңөр туура эмес болуп калышы мүмкүн.

Түштүк Флориданын климатынан түндүк Канадага өтүүнү салыштырып көрсөк болот. Кыш келип, градусниктин белгиси нөлдөн ылдый түшкөндө, ал жакта пальто кийбей сыртка чыгуу мүмкүн эмес.

Чөлдө дагы ошондой эле болот. Эгерде силер чөлдөгү боштукка туш келдиңер деген белгини көрө турган болсоңор, анда көңүлүңөр чөгүп, ал тургай каталыктарды кетиришиңер да мүмкүн, ал каталык кийин силерге абдан кымбатка түшүп калат. Байыркы Келишимде биз Исахардын уулдарынын «Ысрайыл элинин качан, эмне кылуу керек экенин билген…» дигин окуйбуз (1 Жылнаама 12:32).

Качан чөлдө болуп калганыңарда, силер да эмне кылганды билип аласыңар.

улуу Ыйыктоочубуз бар экендигинде жана Ал биздин алсыздыгыбызды түшүнөөрүндө. Ошондуктан, олуттуу көйгөйлөрдөн чыгыш үчүн же өзүбүз жасап алган чөлдөн чыгуучу кадамды таштоо үчүн, биз сүйүктүү Атабызга келүүбүз зарыл

жана Ага: «Атаке, мен буларды _______________ (калтырылган сөздөрдү жазгыла) жасоо менен, күнөө кылып алдым. Мени кечирип койчу, суранам. Мен күнөө кылганым үчүн өкүнөм, анан ушул ирмемден тартып, Сенин ырайымың менен башкача жашай баштайм».

Мен силерге айтайын деген нерсем, силер ал тургай, өз күнөөңөрдүн айынан чөлгө дуушар болуп калган болсоңор дагы, Теңир менен мамилеңерди оңдогула. Ал силерди эмнеге үйрөтүп жаткан болсо, ошону аягына чыгарууга аракеттенгиле. Мүмкүн болушунча чөлдөн эртерээк чыгып, алдыга карай баскыла. Албетте убакты-саатын Ал Өзү караштырат. Забурчу минтип жазат: «Менин күндөрүм Сенин колуңда» (Забур 30:16).

Ал тургай, кандай болушу ыктымал болгон күндө да, Кудай азыр силерди көргүсү келген чөлдөсүңөр. Силер бул кыйынчылык жайда ката кетиргениңер үчүн гана болуп жаткан жоксуңар. Мен билип турам, бул кандайдыр бир деңгээлде кырдаалды ого бетер кыйындатып жибериши мүмкүн. Бул китепти жазып жатканымдын себеби – силерге жардам берүү үчүн, Кудай чөлдү кандай карагандыгын жана аны колдонуп, силердин рухий өсүшүңөр жана Ыйсага көбүрөөк окшошуп калышыңар үчүн кам көрөрүн түшүнүшүңөр.

Биз тагыраак түшүнүп ала турган дагы бир нерсе бар: Кудай бизди чөлгө шайтандын тузагына таштап коюп, унутуп калуу үчүн алып барган жок. Убадаланган жерге киререден мурда, Кудай Чыгууга катышкан экинчи муунга минтип эскерткен:

> «Кудай-Теңириң сени чөлдө алып жүргөндөгү бүт жолуңду эсиңден чыгарба. Анын осуяттарын сактарыңды же сактабарыңды, жүрөгүңдө эмне бар экенин билиш үчүн, сени сынаш үчүн, сени жоошутуу үчүн алып жүргөнүнө кырк жыл болду» (Мыйзамды кайталоо 8:2).

Ошентип, ысрайылдыктар олуттуу ката кетиришкенине, натыйжада чөлдө узак убакытка чейин калып кетишкенине, Кудайга карата козголоң чыгаргансып, терең ойлонушпагандыктарына карабастан, Кудай анын баарын жакшылыкка айландырып бергиси келген. Ал дайыма ушинтет, мен буга абдан ыраазымын. Силерчи?

Чөл жөнүндө туура эмес ойлорго кетпеш керек. Биз чөлдө болсок эле, Теңир биз менен иштегенди токтотуп койбойт. Ал бизди ал аркылуу алып өтөт; Ансыз биз эч качан андан өтө албайбыз. Анын үстүнө чөл, Кудай каалаганда гана бизди алып колдоно турган, башка маалда коюп коё турган кандайдыр бир текче эмес. Биздин бооорукер Атабыз андай кылбайт. Тескерисинче, чөл - Ал Өз кудурети менен аракеттене турган жер.

Балким, силер: «Сен дарактардын айынан токойду көрбөй атасың» деген сөздү уккандырсыңар. Чөл тууралуу деле так эле ошону айтууга болот: Анын аракеттеринин арасында турганыңарда, Кудайды көрүүгө кыйын болот.

Биз бул маанилүү чындыкты тактап көрсөтүүбүз керек: чөл – бул жеңилүүнүн жери эмес, жок эле дегенде, Кудайга тил алчаактар үчүн эмес. Ыйса, ачкадан алсырап, жанында ишене ала турган же Аны шыктандыра турган эч ким болбой, эч кандай физикалык ыңгайлуулук да, кереметтүү нерселер да болбой, шайтандын чабуулдары астында чөлдө кырк күн болгон. Ыйса Аны Кудайдын Сөзү менен жеңген! Чөл – бул Кудайдын балдары жеңиле турган учур эмес:

> «Машайак аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген жана Өзүн таанып билүүнүн жагымдуу жытын ар кайсы жерде биз аркылуу таратып жаткан Кудайга ыраазыбыз!» (2 Корунттуктарга 2:14).

Ысрайыл эли чөлдө жашап турушканда ошол жакка жакын турган элдер аларга кол салып турушкан. Ар дайым Теңир ысрайылдыктарды алар менен салгылашууга буюрган, анан

Ысрайылдын балдары аморлуктарды (Сандар 21:21-25), мидиандыктарды (Сандар 31:1-11) жана Башан (Сандар 21:31 -35) элин талкалашкан. Эгерде Кудай алардын жеңилип калышын каалаcа, анда аларды коргомок эмес да. Чөл жеңилүүнүн орду болбосо да, көптөгөн ысрайылдыктар убадаланган Жерге кирбей каза болушкан. Бул Кудайдын эрки эмес, алардын өзүлөрүнүн кайгылуу тил албастыктары болгон.

Силер чөлдө болуунун себеби Кудайдын жактырбастыгы же жазасы эмес экендигине көзүңөр жетти окшойт дейм. Ошондой эле, чөл деген Кудай силерди таштап койгон же унутуп калган жер да эмес. Бул ошондой эле, биз жерге кулап, жеңилүүгө дуушар болчу жер да эмес!

## Кудай кандайдыр бир жакшы нерсени ойлоп койгон!

Чөл – кереметтерди, баталарды, молчулукту жана жышаандарды издей турган мезгил эмес, бирок, Кудайдын жүрөгүн издей турган так ушул мезгил, силердин мүнөзүңөрдү калыптандырып, күчкө толтурат. Бул - өз аяныңарды сактай турган мезгил. Эгерде андай деп түшүнбөсөңөр, жүрөгүңөрдө Кудайдын аяны болбосо, анда чөлдөгү сезон кайгырууга жана наалууга алып келиши мүмкүн.

Эгерде силер өз жашооңордогу ордуңарды түшүнсөңөр, анда силер өз келечегиңерди көрө баштайсыңар. Ошондо силер Кудайдын колун сезбесеңер да, көрө баштайсыңар. Бул силердин Ага карата сүйүүңөр бышып-жетиле турган убак, ошондо силер: «Ал мен үчүн эмне кылып бере алат?» деп сураганды токтотосуңар, «Ал менден эмнени каалайт?» деп сурай баштайсыңар.

Жакында эле менде да, байыркы ыйык Аюб Кудай эмне кылып жатканыны түшүнбөгөндүктөн айткан көңүл калуу сезими менен кездешүү болду. Ал кайда барбасын, Кудайды таба албай жатты!

Эгерде Аюбдун изилдөөсү ушуну менен бүтө турган болгондо, анда биздин абдан көңүлүбүз калып калмак. Бирок, Аюб көңүлү чөгүп, багынып калган жок жана ишеним менен үмүткө толгон төмөнкү сөздөрдү сунуш кылды:

> «Бирок, Ал менин жолдорумду билет; мейли, мени сынасын – алтындай болуп чыгамын» (Аюб 23:10).

Кандай гана өзүнө тартып турган аян! Кудай бизди кай жакка алып баратканын түшнүүгө канчалык аракеттенгенибиз менен, жолду Ал билет. Биз Ага толугу менен ишенсек болот, анткени апостол Пабыл минтип жазат: «Силерде баштаган жакшы ишин Кудай Ыйса Машайактын күнүнө чейин аягына чыгарарына бекем ишенем» (Филиппиликтерге 1:6).

Ошондой эле бул, ал тургай чөлдө да… чындык экендигин билебиз.

2


# ЖАКШЫ КОМПАНИЯДА

*«Карама-каршылыктын катуу шамалдарына дуушар болуу менен, машайакчылар дагы да көбүрөөк сулуулукта көтөрүлөт. Алар тоо кыркаларында өскөн – шамалдын чабуулунда калган, бирок, эң бир бекем тамырга ээ болгон дарактай».*

**– Билли Грэм**

*«Ыйык Рухка толгон Ыйса … чөлгө Рухтун жетегинде барган».*

**– Лука 4:1**



Чөлгө кош келгиле! Ушундай кубанычтуу кабыл алуу силерди таң калтырдыбы? Адатта, биз рухий чөлдөгү убакыт жакшы болот деп күтпөйбүз. Бирок, силер биздин сүйүктүү Атабыз ал жер тууралуу жакшы ойдо экендигин, эми силер жакшы компанияда экениңерди билип алышыңар керек.

Эгерде силер ишеним жолунда такыр эле чөлгө кездешпесем жакшы болоор эле деп ойлоп жаткан болсоңор, анда мен силерге өз оюңарды кайрадан карап чыккыла деп кеңеш берген болоор элем. Чындыктын баары мында жатат: чөлдө көптөгөн ыйыктардын, ал тургай, Кудайдын Уулунун дагы издери калган, - алар бул жерде белгилүү бир мөөнөттөрдү өткөрүшкөн.

Башкача айтканда, качан чөлдө болгонубузда, биз жакшы компаниянын ичинде болобуз…биз жалгыз эмеспиз.

Белгилүү ысымдарды атап сезимдериңерди пайда кылууга аракеттенгеним үчүн мени күнөөлөбөгүлө деп суранам, бирок, чөлдө жашагандардын тизмеси чынында эле сезимдерге таасир этет.

Албетте, мен Библия «Чыгыштын белгилүү уулу» (Аюб 1:3) деп атаган Аюбдун атын эске салдым. Ал баарын – өз мүлкүн, балдарын, ден соолугун жана аялынын колдоосун жоготкон. Ал өзү эң сонун адилеттүү адам болгонуна карабай, досторy аркылуу жашыруун күнөөсү бар адам деп, айыпталган. Аюб өз чөлүндө ушунчалык басынтылган, ал тургай, дегеле төрөлбөй эле койсом болмок деп айткан.

Чөлдө силер Ыбрайымдын изи менен жүрөсүңөр. Ур деген жерден болгон бул бай адамды Кудай өзү жашап жаткан ыңгайлуу, жайлуу жеринен алып чыгып, баарын калтырып, жаңы убадаланган жерде жолун улантууну айткан. Ыбрайымдын жанында аны кадам сайын ээрчип жүргөн Саара бар болчу. Алардын сапарларынын көпчүлүк бөлүгү чөлдө өткөн.

Муса чөл менен жакшы тааныш болгон. Ал фараондун сарайында ханзаададай жашоо кечирген, бирок, мисирлик адамды өлтүрүп койгондон кийин, ал алыс чөлдө кой кайтарып калган, анан так ушул жерде Кудай ага тикенектүү бадалдын арасынан сүйлөгөн:

> «Муса мидиандык буткана кызматчысы, кайнатасы Итронун койлорун кайтарып жүрдү. Бир күнү ал койлорду алыс жактагы чөлгө айдап барып, Кудайдын тоосу Хорепке келди. Ошондо ага күйүп жаткан тикенектүү бадалдын арасынан, оттун жалынынан Теңирдин периштеси көрүндү. Муса тикенектүү бадалдын жалындап күйүп жатканын, бирок, күйүп кетпегенин көрдү. «Эмне үчүн бадал күйүп кетпейт? Барып, бул укмуштуу кубулушту көрүп келейинчи», – деди ал. Теңир анын көргөнү келе жатканын көрүп, бадал ичинен аны: «Муса! Муса!» – деп чакырды. Ал: «Мына мен!» – деп жооп берди (Чыгуу 3:1-4).

Андан кийин бизге белгилүү болгондой, Муса Мисирге кайтып барат да, өз элин Мисирден алып чыгат … албетте чөлгө.

Чөлдө силер өз атасынын эң бир сүйүктүү баласы болгон, өз бир тууган агалары аркылуу чуңкурга ыргытылган, андан кийин кулчулукка сатылган жана Мисирге жөнөтүлгөн Жусупту жолуктурасыңар. Кийинчерээк ал жасабаган күнөө менен айыпталып, түрмөгө отургузулган. Ошол жакта караңгы жертөлөдө Кудай Жусупка Өзүн көрсөткөн. Анан ал шарап куюучу менен нан жасоочусунун түштөрүн жоруган.

Ал жакта ошондой эле, Дөөт падыша да болгон. Шемуел ал

тууралуу кийинки падыша болорлугун айтып, пайгамбарчылык кылган, анан ошондон көп өтпөй эле Дөөт үңкүрлөрдө жашап, чөлдөрдө жашырынып, тактыга даярдана баштаган. Ошол жакта Кудай анын Кайтаруучусу, анын Күчү, анын Коргоочусу, анын Чеби катары Дөөткө көрүнгөн.

Жакан Чөмүлдүрүүчү улуу пайгамбарчылыкка чакырылгын; анын атасы ага муну көрүнүштө көргөндүгү тууралуу айткан. Бирок, Жүйүттөрдүн чөлүндө жашаган, жаныбарлардын терисинен кийим кийип, чегирткелер менен тамактанган Жаканга Кудай Өзүн библиялык мектепте эмес, так ошол чөлдө көргөзгөн. Лука 3: 2-3тө: «Анас менен Кайапа башкы ыйык кызмат кылуучу болуп турганда, ээн талаада Захариянын уулу Жаканга Кудайдан сөз айтылды. Ошондон кийин Жакан Иордан дарыясынын боюндагы бүт аймактарды кыдырып, адамдардын күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн, тобо кылуу чөмүлдүрүүсүн жар сала баштады».

Так ошол Арап чөлдөрүндө Кудай Пабылга кийинчерээк Жаңы Келишимдин көпчүлүк бөлүгүн түзүп калган бардык сырларды ачып берген, Кудайдын максаты кандай болгондугу тууралуу ал минтип жазат: «бутпарастарга Уулу жөнүндө жар салышым үчүн, мага Өзүнүн Уулун ачып берүүнү ылайык тапты, ошондо мен эч кимден кеңеш сураган жокмун. Иерусалимге, менден мурун чакырылган элчилерге барбастан, Аравияга кеттим…» (Галаттыктарга 1:16-17).

Ыйса Машайактан аян алганда апостол Жакан кайсы жерде болчу?

> «Ыйса Машайактын азап чегүүсүнө, падышачылык кылуусуна жана чыдамкайлык көрсөтүүсүнө ортоктош болгон силердин бир тууганыңар мен - Жакан, Кудайдын сөзү үчүн жана Ыйса Машайак жөнүндө күбөлөндүргөнүм үчүн, Патмос аралында болдум» (Аян 1:9).

Патмос да чөлдөгүдөй абалды баштан өткөрүү үчүн керемет жай - ташталган арал болгон.

Эң негизгиси, Өз Атасынан бата жана Ыйык Рухту алып, шайтандын азгырыктарына каршы туруу үчүн кудайлык образда чөлгө алынып барылган Ыйса менен бир компаниядасыңар.

Мен кээде ушундай да болоорун байкадым. Кудай бизге келечекте биз аркылуу кыла турган улуу иштерди көргөзөт, адан кийин бизди даярдоо үчүн чөлдөргө алып барат.

Эгерде чөл эң бир улуу ыйыктарга жана Ыйса Теңирге зарыл болгон болсо, анда мен албетте жеңилирээк жолду каалаганым менен, ал жакта бир азыраак убакыт болуу тууралуу идеяны кабыл алаар элем. Чөл деген – Кудай бизди сынаган, жоошуткан, бекемдеген жана тазалаган жай. Так ушул жерде ал биздеги кудайлык мүнөздү калыптандырат. Бул - ркелечекте Анын падышачылыгында жемиштүү иштөөгө даярдана турган жай.

Чөлдөгү эң бир ажайып нерсе болуп, бул жерде Кудай Өзүн жаңыча көрсөткөндүгү саналат! Ышайа пайгамбар минтип жазат:

«Теңир Сионду ушинтип сооротот, анын бүт урандыларын сооротот, анын чөлдөрүн бейиштей кылат, ээн талааларын Теңирдин багындай кылат. Ал жерде кубаныч жана шаттык болот, даңктоо сөздөр жана ырлар болот» (Ышайа 51:3).

Эдем багы Кудай Өзүн адамга көргөзгөн жана алар бирге баарлашкан жер.

Чөлдө Кудайга болгон ачкачылык жана суусоо пайда болот. Силер баарынан кол жууп, Ага көбүрөөк көңүл буруп каласыңар. Ошондуктан, Кудай силерге өзүн көгөзгөнгө даярдап жаткан болсо, анда ошого окшогон абалдарда бул жашоодогу бардык нерселерден жүз буруп, Ага кайрылууга силерге жеңил болот. Эгерде биз Кудайдын чакырыгына үн кошсок, чөлдө болуп калабыз. Так ошол чөлдө Кудай бизге жаңыча көрүнөт. Ышайа 45:15те: «Чындыгында эле, Сен Өзүн жашырган Кудайсың, Ысрайылдын Кудайысың, Куткаруучусусуң!» Муну Ал ким Аны тереңдеп каалап

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #2 Канчалык өзүңөрдү жалгыз сезсеңер да, Кудай силер менен.

Чөлдү пайда кылган нерселердин бирөөсү – толугу менен Кудайдын болушун сезбеген абал! Так ошол силер Ага баарынан көбүрөөк муктаж болуп турганыңарда, Ал силерден миллиондогон километрдей алыстыкта тургандай абал болот.

Кудайдын болушунун эки түрүн билип алганыңар маанилүү. Биринчиси, Библиядагы төмөнкү аятка негизделген: *«Сени калтырбайм жана таштабайм» (Эврейлерге. 13:5).* Бул Кудайдын бардык жерде боло алышы. Бул Дөөт падыша айтып жаткан нерсе: *«Асманга чыксам да, Сен ошол жердесиң; өлгөндөр жаткан жайга түшсөм да, Сен ошол жердесиң» (Забур 138:8).* Эгерде силер Кудайдын Сөзүнө жана Кудайга ишенсеңер, анда силер эмнелерди сезип жана башыңардан эмнелер өтүп жаткандыгына карабай, Кудай силер менен.

Кудайдын болушунун башка бир көрүнүшү жана биз

жатса, ошолорго Аны менен дагы да жакындан маектешүүдөн кубаныч алыштары үчүн, дагы да көбүрөөк ачкачылыкты алуулары үчүн жасайт. Теңир ошондой эле, Ага карата ачка болуууну баштан өткөрбөгөндөрдөн аны жашырып коёт. Ал Өзүнө карата өзүнөн-өзү эле боло бергендей же адаттагы мамилени каалабайт.

## Кудайга болгон ачкачылык

Ал Өзүн бүткүл жүрөгү менен Аны издегендерге көрсөтөт. Эсиңердеби, Кудай ысрайылдыктарды чөлгө аларды жоошутуу

баарыбыз сүйгөн, машайакчылык жашоонун бир бөлүгү болгон нерсе – бул Анын биз менен болушу. «Көрүнүшү» деген сөз көрүнбөгөн нерсени көрүнгөн нерсеге алып келүү, угулбаган нерсенин угулушу, белгисиз нерседен белгилүү нерсеге өтүүсү. Качан ушундай болгондо, Кудай биздин физикалык сезимдерибизге Өзүн көргөзүп келет. Алар токойдо сейилдөө учурунда болобу, табынуу учурунда болобу, жеке сыйынууда болобу, күнүмдүк адаттагы эле иштерде болобу, же башка санап бүтпөс башкача учурларда болобу, мындай жолугушуулардан ырахат алуунун өзү керемет.

Ошентип, эгерде руханий ачка болуп атсаңар жана чөлдө суусап атсаңар, Кудай келбей атса жана кереметтүү баталары менен баталабай атса, руху менен каптабай атса, жөн гана тынчтангыла да, Анын убадасына таянгыла, алардын негизгилеринин бири- «Сени калтырбайм да, таштабайм» деген убада. Качан биз Ал көрүнбөгөндө деле Аны менен кубансак, бул Ага карата болгон биздин өзгөрүлгүс сүйүүбүздү көргөзөт.

жана ачкачылыкка чөктүрүү үчүн алып чыккан. Бирок, Кудайга карата болгон ачкачылыкты баштан кечирүүнүн ордуна Жашыя менен бул кандайча болгон, эл Теңир алардан алып салган нерселерге суусашкан. Ал Өзүн Мусага көрсөткөндөй болуп, аларга да көрүнгөнү келгенде, аларда Ага карата каалоо болгон эмес. Алар Андан жүз үйрүгөндөй болушкан. Мыйзам кайталоодон биз буларды окуйбуз:

«Силер караңгылык ичинен үндү укканда, тоо жалындап күйүп турган, ошондо силер уруу башчыларыңар, аксакалдарыңар менен мага келип, мындай дегенсиңер:

> “Кудай-Теңирибиз бизге Өзүнүн даңкы менен улуулугун көрсөттү. Биз от ичинен Анын үнүн уктук. Бүгүн биз Кудайдын адам менен сүйлөшкөнүн көрдүк, ал адам тирүү калды. Биз эмне, өлүшүбүз керекпи? Эми бул коркунучтуу от бизди жалмап салат. Эгерде Кудай-Теңирибиздин үнүн дагы бир жолу уксак, өлүп калабыз. От ичинен сүйлөгөн тирүү Кудайдын үнүн биздей болуп угуп, тирүү калган адам барбы? Сен барып, Кудай-Теңирибиз эмнени айтса, ошонун бардыгын угуп кел. Кудай-Теңирибиз сага эмнени айтса, ошонун бардыгын бизге айтып бер, биз аны угабыз жана аткарабыз” (Мыйзам кайталоо 5:23-27).

Ошентип, Кудай аларга Өзүн Мусага көргөзгөндөй кылып чөлдө көргөзгүсү келген, бирок алар артка кылчакташып, Мусадан минтип сурашкан: «Сен баргын да, Теңир менен сүйлөшкүн, анан бизге Ал эмне дегенинин баарын айтып бер, биз ошону аткарабыз».

Тилекке каршы, алар Кудайды таанybай калышты; алар болгону Ал тууралуу билишти. Ошондуктан да, алар Анын парзындагыдай кыла алышкан эмес. Аны таанybай калгандыктарынан улам, аларга убада кылынган жерге кирбей калышты жана чөлдө өлүштү.

Качан Кудай бизди Жакан, Муса, Дөөт, Жусуп, Пабыл сыяктуу чөлгө алып барганда, биз Ага канчалык суусап турганыбызды же же мурдагы ажырап калган ыңгайлуулуктар менен ырахаттарга суусап тургандыгыбызды көрүү үчүн болот. Жакып минтип жазат:

> «Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн сурап жатасыңар. Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат. Же силер Ыйык Жазуудагы «Кудай ичибизге салган Рух кызганчаактык менен сүйөт» деген сөз жөн эле айтылган деп ойлойсуңарбы? Бирок, Ал көп

ырайым кылат, Ыйык Жазууда: «Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат», – деп айтылган. Ошондуктан Кудайга моюн сунгула. Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат. Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла!” (Жакып 4:3-8).

Качан биз Аны бүткүл жүрөгүбүз менен издеп, Кудайга жакындасак, Ал дагы бизге жакындайт. Ысрайылдын уулдары Кудайга караганда, өзүлөрүнүн каалоолору менен кумарларына көбүрөөк кызыкдар болушкан. Алар бузуктук кылуучулар болушкан; алар бул дүйнөнүн жолу менен жүрүүнү издөө менен коопсуздукту, ыңгайлуулукту издешкен. Алар ыңгайлуулук менен камсыздык мисирликтерди жана алардын аскерлерин куткарып кала албагандыгын тез эле унутуп коюшту.

Кудай мындай дейт, Ага жакындашыбыз үчүн биз эки нерсени кылышыбыз керек. Биринчиси, биз өз колубузду тазалашыбыз керек. 2Корунттуктарга 7:1де жазылып турат: «Сүйүктүү бир туугандарым, Кудай бизге ушундай убадаларды бергендиктен, денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы». Күнөө Кудайдан бөлүп коёт: «Бирок мыйзамсыздыгыңар силерди Кудайыңардан бөлүп салды. Ал силерди укпаш үчүн, силердин күнөөңөр Анын жүзүн силерден буруп жатат» (Ышайа 59:2).

Экинчиси, биз өз жүрөктөрүбүздү тазалашыбыз керек. Буга ачкыч Жакыптын сөздөрүндө: «Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла!” (4:8). Эки ойлуу адамдар Рух менен дененин ортосунда олку-солку болуп турушат. Алардын ойлору жана сезимдери Кудайга кайрылган. Колостуктарга 3:1-2де: «Эгерде силер Машайак менен кошо тирилсеңер, анда асмандагыга умтулгула, анткени Машайак Кудайдын оң жагында, асманда отурат. Жердеги жөнүндө эмес, асмандагы жөнүндө ойлогула”.

Силер сезимдериңер менен ойлоруңар кайрылган нерсени ынтызарлык менен издейсиңер. Бул жердеги ачкыч сөз – кайрылуу. Мисалы, качан аял киши чачтарын жасатканда, ар бир тал чач химиялык өзгөрүүгө дуушар болот. Анын чачтары тармал болуп калат. Анткени, чачтын ар тобу ушинтип жасалат. Силер ошол топту тартып, түздөп туруп, кайра коё бергениңерде, чач баякы тармал калыбына кайрадан келип калат.

Адамдар жыйынга барышат, даңктоо тобунда ырдашат, машайакчылык иштер менен алектенишет, бирок, ошол «машайакчылык» иштер менен алектенип жатышканда, алардын акыл-ойлору кайда болот? Ал эмнеге кайрылган болсо, ошол тарапта болот. Адам жыйындын имаратынан же машайакчылык атмосферадан чыгаар менен, анын акылы эмнеге кайрылган (кызыккан) болсо, түздөп туруп, коё берген тармал чачтай болуп ошол жакка кетип калат.

Мен бүткүл өлкөбүз боюнча көптөгөн жыйындагы ырдап – даңктап жүргөн, насааттарды жазып жана өз убактыларын ар кандай кызматтарга арнап жүргөн көп адамдар менен сүйлөшүп көрдүм. Мунун баары албетте жаман эмес, бирок, жыйындар аралыгында, ыктыярдуу кызматтарда, алардын баары эле акча, спорт, кийим, социалдык желедеги жаңылыктар, хобби, башка жыныстын өкүлдөрү, тамак, сатып алган буюмдары, телефондогу иштер жана башка бул дүйнөдөгү нерселер тууралуу сүйлөшүшөт. Ушунун баарын сүйлөп жатканда алар жаркырап кетишет, ал эми Библия окууну, сыйынууну, насаат айтууна жана адамдарга кызмат кылууну милдет катары көрүшөт.

Эркек киши аялды сүйүп калып, никеге даярданып жатканда аны ошол аялды ойлоп, сүйлөөгө ишендирүүнүн кереги деле жок. Ал аял такай анын акылында болот, анын атын атаганда ал кишинин үнү да өзгөрүп кетет. Мунун себеби анын сүйүүсү, анын жүрөгү аялга бурулгандыгында. Ал башка аялдар жөнүндө ойлонбойт. Ал сүйүп калган!

Дөөт Забур 15:8де минтип жазат: «Мен дайыма көз алдымда Теңирди көрүп турам». Анын акылы эки ойлуу болгон жок. Анын жүрөгү таза. Анын жүрөгүндө ал Теңирди сүйгөндөй эч нерсе болгон эмес. Анын Кудайга болгон сүйүүсү бул дүйнө сунуш кылган ар кандай нерселерди жаап салган. Биз Ыйсадан көбүрөөк сүйгөн нерселер, Андан көбүрөөк бизге жаккан нерселер же Ага караганда биз көбүрөөк ишенген нерселердин баары буркан болуп саналат. Дөөт минтип жазат:

> «Ким Теңирдин тоосуна чыга алат? Же ким Анын ыйык жеринде тура алат? Колу жамандыкка барбаган, жүрөгү таза, жанын жеп карганбаган, жалган ант бербеген адам гана Теңирдин батасын алат, Куткаруучу Кудайынын ырайымын көрөт» (Забур 23:3-4).

Ыйсага караганда башка эч кимди, эч нерсени жактырбаган, Ыйсадан башкага анчалык ишене албаган адам, жүрөгү таза адам болуп саналат. Матай 10:37де Ыйса минтип жазат: «Ким атасын же энесин Менден артык сүйсө, ал Мага татыктуу эмес. Ким уулун же кызын Менден артык сүйсө, ал Мага татыктуу эмес».

Чөлгө туш болгон кезде, өзүлөрүнүн жердик жашоосун абдан сүйгөндүктөн, Кудайды таануу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калган ысрайылдыктардай болбойлу.

Ышайа 35:1-2де жазылып турат:

> «Чөл менен какшыган жер кайрадан кубанат, эл жашабаган өлкө кайрадан сүйүнөт, нарцисс сыяктуу гүлдөйт.
> Ал сонун болуп гүлдөп, кубанат,
> салтанат куруп кубанып турат.
> Ага Лебанондун атагы, Кармел менен Шарондун көркү берилет.
> Алар Теңирдин даңкын, биздин Кудайыбыздын улуулугун көрүшөт”.

Кудайдын даңкы так ошол чөлдө көрүнөт.

Келгиле, бизге чейин жашап өтүшкөн улуу ыйыктардын компаниясына кошулалы. Келгиле, Дөөт, Муса, Жусуп жана башка Кудайдын улуу эркек, аялдары сыяктуу болуп, таза колдор жана таза жүрөктөр менен Кудайга жакындайлы.

3

# ЗАРЫЛ БОЛГОН ЧӨЛ

*«Акылыңар менен бардык курмандыктарыңарды эстеп чыккыла. Теңир силерди кантип чөлгө алып барганын жана Ал күн сайын силерди кантип кийинтип-ичинткенин ойлогула. Кудай силердин жаман кылык-жоруктарыңарга кантип чыдап, наалыганыңарды жана «Мисирдеги ырахат сезимдерди» каалооңордун баарын кантип көтөрдү экен. Силердин бүт жамандыктарыңарда Кудайдын ырайымы жетишерлик болгондугу тууралуу ойлонгула».*

**– Чарльз Сперджен**

*"Кудай-Теңириң сени чөлдө алып жүргөн… жүрөгүңдө эмне бар экенин билиш үчүн, сени сынаш үчүн, сени жоошутуу үчүн алып жүргөн... ».*

**– Мыйзам Кайталоо 8:2**

Мен биринчи жолу чөлдө болгонумда, талып калгандай эле болгом. Чынын айтканда, Машайактын артынан ээрчип баштаган алгачкы жылдар мен үчүн узакка созулган бал айындай эле болгон. Лиза экөбүз Техас штатындагы Далласка жайгашканбыз. Бир аз инженер болуп иштегенден кийин мен жыйыныбызда кызмат кыла баштадым. Менин «жумушум» биздин кайтаруучуга жана анын аялына кызмат кылуу, биздин чоң жыйынга келген конокторду жана насаатчыларды кабыл алуу болчу. Мен ушунчалык кубанычта элем! Мен асмандын өзүнө түшүп калгандай болгом. Мен бул планетадагы Жакшы Кабар таратуучу эң бир улуу кызматчыларды кабыл алдым. Анткени, биздин жыйын Америкадагы эң бир белгилүү жыйындардын бири болчу.

Качан ошол улуттук жана эл аралык лидерлер аэропортко келгенде мен аларды тосуп алып, жыйынга же алар кай жакка токтош керек болсо, ошол жакка алып барчумун. Алар бизде жүргөн бардык убакытта мен аларды ташып жүрчүмүн жана алар менен бирге түштөнчүмүн. Биздин муундун эң бир улуу кызматчылары менен узак убакыттарды бирге өткөрчүмүн. Бул кызматтагы менин алгачкы жылдарым эң сонун, өмүргө толуп турган жылдар эле.

Бирок, андан кийин менин жашоомдо кыйынчылыктар башталды. Абдан чоң кыйынчылыктар. Ал кезде мен чөлгө бараткандымды билген эмесмин, анткени Кудай мага аны көргөзгөн эмес. Бул - Кудай бизди машыктырган жер. Бул биздин мүнөзүбүз

өсүп-калыптанып, ишенимибиз бекемделген жер. Бул зарыл болгон чөл.

Муну элестетип көрсөңөр: мисалы, силер өмүр бою кул болгон, жаңы гана эркиндик алган ысрайылдыктарсыңар. Жакында эле силер коркунучтуу бирок, толкундата турган нерсени баштан өткөрдүңөр: силер күрүлдөп-шарылдап турган, дубалдай тирелип чачырап турган эки суунун ортосунан өттүңөр. Анан артыңарды караганда, силерди коргоп турган ошол суу дубалы, душмандарыңарды каптап калды. Силерди кыйнагандар түбөлүккө жок болду! Кудайдын жеңиштүү куткаруусун көрүп, кубанып майрамдап, бийледиңер. Кудай силер тарапта экенин көрүп, өзүңөрдү жеңилбестей сездиңер. Силер эми эч качан Анын күчү менен ишенимдүүлүгүнөн шектенбөөнү чечтиңер.

Бирок, азыр баары башкача. Бир топ күн өттү: силер чарчадыңар, ысык болуп атат, суусадыңар. Силер «убадаланган» жердин босогосунда турасыңар; бирок максатсыз эле, жылаандар менен кескелдириктер толгон чөлдө адашып жүрөсүңөр. Силер эми бийлебейсиңер, деңизде калган аттар, чабандестер, тууралуу Теңирге ырдабайсыңар, бирок, өз башчыңарга: «Эмне үчүн бизди Мисирден чыгардың? Бизди, биздин балдарыбызды жана малдарыбызды суусап өлсүн деппи?»

Эми келгиле, силер тууралуу сүйлөшөлү. Силер чын эле Кудай Өзүнүн кудурети менен душмандын күчтүү колунан бошотуп алганына ишенесиңерби? Эмне Ал муну силердин айласыздык менен жымжырттык өкүм сүргөн, эч нерсе белгисиз болгон чөлдө максатсыз эле тентиреп калышыңар үчүн жасады беле? Албетте, жок! Албетте, жок! Жөн гана убадаланган жерге кириш үчүн, силерге чөлдү басып өтүүгө туура келет.

Теңир Ысрайылдыктарды Мисирден алып чыккан сыяктуу эле, бизди да алып чыгат. Силерди ал жакка шайтан эмес, Кудай алып барды. Ал кургак жерде Анын кереметтүү планы жана максаты бар. Алгач Ал бизди жоошутат, анан сынап көрөт. Ал мунун баарын

кылгандагы себеби, жүрөгүбүздүн чыныгы абалын көргөнүбүздү каалайт.

Ал бизди кантип жоошутат? «Ал … сени жоошутту, ачкачылык менен алсыратты жана сен билбеген, сенин ата-бабаларың билбеген манна менен азыктантты» (Мыйзам. 8:3). Ал ысрайылдыктарды ачка калтыруу менен жоошутту. Бирок, андан кийин дароо эле Ал аларды манна менен азыктантты. Бул карама-каршы нерседей сезилет. Ал манна менен аларды тамактандырып жатып кантип ачка койду?

Манна – бул эң жакшы тамак; ал периштелердин рационуна кирет! Илияс андан жасалган эки гана нанды жеп кырк күндүк сапарга кубат алган. Ал эми ысрайылдыктарда ал мол болгон. Алар күн сайын эрте менен жаңы маннаны асмандан алып турушкан, ал эми ишемби күнү жыйналган манна жекшемби күнгө да кереметтүү түрдө сакталып калган. Алар Кудай аларга манна берип баштаган алгачкы күндөн тартып, убадаланган Жерди бөлүп алганга чейин бир да жолу ачка калышкан жок.

Анда эмне үчүн Кудай: «Мен сени ачкачылык менен кыйнадым» деп айтып жатат? Ал кайсы ачкачылык жөнүндө айтып жатат? Муну түшүнүү үчүн алар кандай абалда экендигин элестетип көргүлө. Элестетсеңер, силерде эрте мененки тамакка болгону бир бөлкө наныңар гана бар, кечки тамакка да бир бөлкө наныңар эле бар. Май да жок, чөбөгө да, айран да, чучук да, эч нерсе жок, болгону нан. Алар минтип бир нече күн, бир нече жума тамактанышкан жок, бүтүндөй кырк жыл бою!

Мен жаштардын кайтаруучусу болуп жүргөн маалымда Тринидадга сегиз күндүк миссионердик саякатка элүү алты жаш адам менен барганбыз. Тринидаддагы жыйын бизге тамак-аш берген, алар абдан март болушкан. Бирок, биз күн сайын тооктун этин жегенбиз. Алар бизге аны ар кандай ыкма менен, кээде күрүч, кээде жашылчалар менен беришкен, бирок, дасторкондо ар дайым тооктун эти турган.

Сегиз күн тооктун этин жегенден кийин биз кандайдыр дагы башка нерсеге ачка болдук. Үйгө кайра келгенибизден кийин жаштардын бирөөсү апасынан түшкү тамакка эмне жейбиз деп сураганда ал: «тооктун этин» дейт. Ошондо ал кыйкырып жиберип, ага гамбургер сатып берүүсүн сурана баштаган.

Тринидадда биз сегиз күндөн кийин билгизбей наалый баштаганбыз; эми кырк жылды элестетип көргүлөчү. Төрт жыл эмес, кырк жыл бою бир гана тамакты жешкен. Биз мына эми түшүнө алабыз Кудай аларды кантип ачкачылык менен кыйнагандыгын. Ал алар каалаганды аларга берген эмес, аларга тирүү жана саламаттыкта болуулары үчүн, алар муктаж болгонду гана берген.

Алардын абалында ачкачылык чакырган дагы бир нерсе - өзүлөрүндө болбогон нерсеге умтулуу болгонбу? Качан биз бул таржымалды окуганыбызда алардын кийимдери менен бут кийимдери жыртылбаганына таң калабыз, үй-бүлө үчүн кандай гана үнөмдөө болгон! Бирок, кантип силер кырк жыл бою ошол эле кийимдер менен жүрө бергиңер келмек? Бул ушунчалык зериктирерлик! Эч кандай соода түйүнүнө баруулар, эч кандай модалуу кийимдерди алуулар. Ошол эле боз тапичкени кырк жыл бою кийип жүрүү.

Ооба, алардын негизги муктаждыгы (суук менен ысык) – аткарылчу, бирок, алар каалагандын көпчүлүгү болгон эмес.

Чөлдөгү күн сайын кайталана берген бир түрдүүлүк бир нече аптага эмес, кырк жылга созулган. Биз күн сайын кактустарга, камыштарга, кургак жерге карап тургубуз келмекпи, жай агып жаткан арыктардан, жыш токойлордон, жүзүмзарлардан жана сулуу көлдөрдөн ажырап – күн сайын жалаң гана чөлдү карап тургубуз келмекпи?

Аларга керек болгон нерсе бар болчу, бирок, алар каалаган нерселер жок болчу. Келгиле, ушунун айдыңында бул аятты кайрадан окуп көрөлү:

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #3 Азгырыктар кырдаалды өз колуна алуусуна каршы тургула

Адамдардын арасында өз алдынча болуп же ишкер болуп көнгөндөр үчүн чөлдөгү эң бир чоң азгырык – бул өз алдынча бирдеме кылууга аракеттенгендик. Бизге Теңир бизди калтырып кеткендей, Ал бизден миллиондогон километрлер алыс тургандай сезилген учурларда, биздин ал тургай эң бир жөнөкөй аракеттерибиз да ийгиликке жетпейт. Анда биз бир нерсе кылууга аракеттенгенибизден, тизелерибиз жооруганча сыйынганыбыздан эч кандай майнап чыкпайт. Бул жаман идея. Негизи чөлдө көп нерсе болбойт: ал жакта бир аз гана суу жана бир түрдүү гана рацион бар. Ушундай тартыштыкта жашоо-турмуш бизде болгон жана биз кылып жаткан нерселерден бир топ чоңураак экендигине үйрөнөбүз. Жашоонун маңызы – Кудайды жакындан таанып-билүү жана Анын каалоолорун күн сайын аткаруу.

Менин бир жолку чөлүмдүн ар бир күнү мага аптадай

«Ал сага адам нан менен гана эмес, Теңирдин оозунан чыккан сөз менен жашарын көрсөтүш үчүн, сени жоошутту, ачкачылык менен алсыратты жана сен билбеген, сенин ата-бабаларың билбеген манна менен азыктантты» (Мыйзам. 8:3).

Алардын денелеринин каалоолору менен аракеттери каалаган нерсенин баарын алып салды, бирок, алардын негизги муктаждыгын толтуруу үчүн Кудай ачкачылыкка жол берди. Анан ошол ачкачылык аларды сынады: Кудай алар калтырган бардык нерсенин ордуна, Аны каалашаар бекен деп сынап көрдү. Алар Аны издешер бекен же денелери эңсеп аткан нерселерди каалашар

сезилген, анткени, менде от жана умтулуу жөнүндө аян жок болчу. Антсе да, мен өзүмдүн жолумду улантышым керек болчу. Мен жүрөгүмдө болгон Кудайдын Сөзүнөн сузуп алып, эң жакшы кызмат кылып, чогулуштарга келип, чыдамсыздыкка түрткөн туура эмес нерселерден карманып, алга жылууну уланта беришим керек. Мен дайыма өзүмө эскертип турушум керек, Кудай мени кайсы жерде көргүсү келсе, так ошол жердемин деп өзүмдүн эсиме салып турушум керек. Ал убакытты куру-бкер эле короткон жок, Ал Өз убадасын аткаргысы келди.

Анан албетте, чөл бул – өз жеке аракеттерин жасай турган жер эмес. Эсиңерде болсун, силер тазалануудан жана даярдануудан өтүшүңөр керек. Ошондуктан, ар кандай күнөөгө түрткөн азгырыктарга каршы тура алышыңар үчүн бекем болушуңар керек.

Теңир чөлдө салган жолдо турган маалыңарда ар дайым Аны менен катарлаш жүргүлө. Силердин оюңарча Ал абдан эле жай жылууда деген азгырыкка алданып, Андан озуп кетпегиле!

бекен? Аларда адилеттикке карата ачкачылык менен суусоо болор бекен же жайлуулук менен ырахатты издешер бекен? Тилекке каршы, ысрайылдыктардын жүрөгү ачкачылык менен суусоону баса турган Жалгызга бурулган эмес. Ошондуктан да, алар бул сыноодон өтпөй калышкан:

> «Алардын арасындагы бөтөн элдер тамакты эңсей башташты. Аларга кошулуп Ысрайыл уулдары да отуруп алып, мындай деп ыйлай башташты: «Бизди ким этке тойгузат? Мисирдеги бекер жеген балык, бадыраң, коон, пияз, көк пияз, сарымсак эсибизден кетпейт. Азыр болсо алыбыз кетип баратат, маннадан башка жегенге эч нерсе жок» (Сандар 11:4-6).

Алар Мисирде калтырган нерселерин эстеп жатышты. Ал тургай, азап тарттырган кулчулуктагы жашоо дагы, Кудай алып келген кургакчылыкка караганда жакшы көрүнүп жатты. Алар этти эңсеп наалып, ыйлактай башташты. Анан Кудай алардын ыйын укту:

> «Алар жеп, аябай тоюшту (этти б.а. бөдөнөлөрдү). Аларга каалаганын берди...
> Теңир алардын сураганын аткарды, бирок алардын жандарына оору жиберди» (Забур 77:29; 105:15).

Алар каалаган нерселерин алышкан, бирок, ал үчүн кымбат төлөп калышкан. Ушул эт менен алар өз жандары үчүн жарааттты да кошо алышкан. Ушул жарааттын же алсыздыктын айынан алар өз сыноолорунан өтө алышпагандан жана туруктуу боло алышпагандыктан, акыр аягында убадаланган Жерге кире алышкан эмес. Алардын күнөөсү эт сурагандыктарында эмс, ошол сураныччтары эмнени билдиргендигинде болчу. Бул Анын кантип аларды алып чыгып жана алар үчүн кам көргөндүктөрүнө карата Кудайга болгон жүрөктөрүндөгү нараазылыктарын билдирген. Бул ошондой эле, алардын Мисирде калган жашоолорун абдан эңсегендиктерин билдирген. Алар ал жакта кул болгондуктарын унутуп коюшуп, жалаң гана жагымдуу жаткарын эстешкен.

Бул деген ар бирибизди эсибизге келтире турган сабак. Эгерде биз Убада Бергендин Өзүнө карабай, бир гана убадаланган нерсенин артыкчылыгына карай турган болсок, анда жашообуздагы чөлдөрдөн өтүү үчүн зарыл болгон күчкө ээ болбой калабыз. Биз өткөн жашообуздун жакшы күндөрүн эстей баштайбыз, эгер чындап карап көрө турган болсок, алар такыр эле жакшылык күндөр эмес, кулчулуктагы күндөр.

Кудайды силерге бир нерсе берет же силер үчүн бир нерсе кылат деп издөө – бир иш. Ал эми, Анын Өзү бар болгондугу үчүн гана Теңирди издөө - такыр башка нерсе. Биринчи вариант

арамзалык жана өзүмчүлдүк ниетиңер, жакшы эле дегенде Кудай менен болгон жеткилең эмес мамилеге алып келет. Бирок, Кудайды Анын Өзүн билүү үчүн издөө, биз баарыбыз каалаган жакын, күчтүү мамилеге алып келет.

## Ыйык жетишпестик

Биз күткөндөй эле, кургак жердеги жашоо каражаттардын жетишпегендиги – бул силер каалаган нерсени эмес, эмоционалдык жактан да, физикалык жактан да, материалдык жактан да силерге керектүү нерселерди алган убакыт. Кудай биздин негизги муктаждыктарыбыз үчүн кам көрөт; ошондуктан, Ал чөлдө жүргөндө ашыкча эмес, биздин бардык негизги муктаждыктарыбызга кам көрөт.

Америкадагы адамдар жакшы мезгилдерди башынан өткөрүп жатканда, биз чочконун этинин тандалгандарын жеп атабыз дейбиз. Чөлдө чочконун эти такыр жок. Ушул толгонуу балким, кээ бир нерселерден кол жууганган алып келет. Бул силер каалаган эмес, силерге керек болгон коомдук жашоо. Чөлдө Кудай силерге эмне керектигин билет, бирок, ал силердин оюңарча, силер каалаган нерселер эмес! Бул мезгилде Ал сөзсүз түрдө эле биздин каалоону аткарбайт, бирок, биздин керектөөбүздү сөзсүз канааттандырат.

Чөлдүн максаты – бизди тазалоо жана бекемдөө. Биз Анын жүрөгүнө умтулушубуз керек, Анын камсыздоосуна эмес. Анан качан молчулуктун учуру келгенде, биздин Теңирибиз Өз парызын бекемдөө үчүн бизге молчулук берерин унутпашыбыз керек (Мыйзам. 8:2-18).

Бир негизги көйгөй бар – бул биздин керектөөлөр жана каалоолорго карата аныктамабыз чындыктан айырмалангандыгында. Биз өз каалоолорубузду керектөөлөр деп алмаштырып алабыз. Балким, биздин көпчүлүгүбүз Пабыл төмөндөгүнү айтып атып эмнени айтканын али түшүнбөйттүрбүз:

> «Муну муктаж болгонумдан улам айтып жаткан жокмун, себеби болгонуна ыраазы болууга үйрөнгөм: жокчулукта да, молчулукта да жашай алам. Мен бардыгына үйрөнгөм: ачкачылыкка да, токчулукка да, барга да, жокко да көнгөм. Мага күч-кубат берген Ыйса Машайак аркылуу бардыгын кыла алам" (Филиппиялыктарга 4:11-13).

Пабыл Машайактын күчү менен кургакчылыкта да, молчулукта да ыраазычылык билдиргенге көнгөн. Менин оюмча, биз Батыштагы жыйындагылар, жетишпей жашагандарга караганда бир топ жетишерлик жашагандар тилекке каршы, минтип ыраазы болууга үйрөнгөн эмеспиз. Эгерде биздин укугубуз боюнча бизге тиешелүү нерселерге ээ болбой калсак эле, өзүбүздү баарынан айрылып калгандай сезебиз. Биз адамдардын руханий абалын алардын мүлкүнө, ийгилигине жана социалдык статусуна карата баалайбыз, биз мунун ордуна аларды мүнөзүнө жана ишенимине жараша баалашыбыз керек.

Ысрайылдыктар Мисирди көп мал-мүлк менен, Мисирден алган буюмдар күмүштөр, алтындар жана кымбат баалуу кийимдер менен таштап кеткен. Бирок, алар бул кымбат баалуу металдарды чөлдө буркан жасоо үчүн, ал эми кымбат баалуу кооз кийимдерди анын алдында бийлөө үчүн кийинишкен. Көрүнүп тургандай, бул оокаттар жакшы нерсени көрсөткөн эмес, ал тургай, тескерисинче. Болгону, Чыгуудагы экөө гана ушундай мүнөзгө ээ болушкандыктан, алар убадаланган жерге кирип жана ага ээ боло алышты. Убадаланган жерге Жашыя менен Халев гана кире алышкан, анткени аларда башкача рух болгон – алар толугу менен Кудайга багынышкан (Сандар 14:24).

Биздин системада баалуулуктар бузулуп кеткен, эгерде биз бири-бирибизди баалай турган болсок, анда биз ким экендигибизге карап баалабай, эмнеге ээ болгонубузга карап баалайбыз.

Башка жагынан алып караганда, качан машайакчылар

финансылык молчулукка же жетекчилик кызматтарга ээ болгондо, же жетекчилик, таасирлүү орундарды ээлегенде буга алар эмне жакса, ошону кыла берүүгө Кудай аларга уруксаат бергендей сезип алышат! Алар акчаларды өз каалагандары үчүн сарптап, эмне кааласа, ошону сатып алышат, же өз даражасынын таасирин жеке максаты үчүн пайдалана баштайт. Ушинткен адамдар, адатта кургакчылык мезгилден талаптагыдай өтпөгөн адамдар болот. Чынында, финансылык баталар, бизди Анын максаттарын жана жеткечилигин ээрчүү үчүн, Кудайдан болгон чоң көз карандылыкка алып келиши керек.

Ыйса Өзүнүн кызматына кандайча караганы тууралуу ойлонгула. Анын өзүмчүлдүк ниети болгон эмес. Ал биздин күнөөлөрүбүздү, ооруларыбызды жана өлүм жазабызды Өзүнө алды. Ал бир дагы күнөөсү жок болгондугуна карабай, биздин жыргалчылыгыбызды Өзүнүкүнөн маанилүү деп эсептеди. Анын жашоосунун жана кызматынын максаты өзүмчүлдүк эмес, Өзүн курмандыкка берүү болчу. Өзүнөн баш тартуу менен Ал эң бир улуу белекти – түбөлүк өмүрдү берди.

Кудай биз чөлдө болгон кезде, ушундай жеткилең мүнөздү өстүрөт. Чөл – бул Рухтун жемиши бышып-жетиле турган жер. Качан биз Аны таанығыбыз келген күчтүү каалоо менен алгалап жаткан болсок, анда биз Ал кылгандай кылууга үйрөнүп калабыз.

4


# ӨЗ АРА МАМИЛЕ

*«Качан ички жашоо иретке келгенде, көптөгөн кыйынчылыктар эч кандай аракетсиз эле кеткени таң калыштуу».*

**– Э. У. Тозер**

*«Эгерде силер Мени сүйсөңөр, силер Менин парыздарыма тил алчаак болосуңар».*

**– Жакан 14:15**



Чөлгө жүрүш уюштуруу менен Кудай жеке Өзү үчүн эмнени каалайт? Биз үчүн болгон кээ бир артыкчылыктарга жеттик, андан да көбүрөөккө жетейин деп умтулуп жатабыз, бирок, ушунда Кудай үчүн бирдемедир барбы? Ооба, албетте. Ал биздин баарлашуунун деңгээлин көтөргүсү келет. Анын каалоосу-биздин Аны менен жакын болушубуз. Тилекке каршы, көпчүлүгүбүз Кудай менен биздин мамилебизди жеке максаттары үчүн колдонгубуз келет. Муну менен биздин Ага болгон сүйүүбүздүн муздап калышына жол берип коёбуз.

Мен Лиза менен сүйлөшүп жүргөн кезимде, аны абдан сүйгөм. Мен ар дайым ал жөнүндө ойлочумун. Аны менен көбүрөөк убакыт өткөрүү үчүн мен эмне болсо, ошонун баарын жасачумун. Мен эмне менен алек болуп жаткандыгыма карабай, ага бир нерсе керек болсо, дароо машинеме отуруп, ага алып келип берчүмүн.

Эсимде, бир жолу биз анын ата-энесинин үйүндө беш сааттай убакыт өткөргөнбүз. Мен айласыздан кеткем. Үйгө келерим менен, телефонум чырылдап калды. Бул Лиза экен. Ал мага өзүнүн назик, сонун үнү менен: «Кымбаттуум, сен биздин үйдө күрмөңдү унутуп калыпсың» деди.

Бул менин кулагым үчүн музыкадай болуп кетти. Көп ойлонбой туруп эле мен дирилдеген үнүм менен: «Анда мен жөн гана кайра барып, аны алып келишим керек» деп жооп бергем.

Мен ошенттим, анан биз дагы 3-4 саат бирге болдук. Ал күн соонун күн болгон.

Ошол күндөрү ал мага түн ортосунда чалып: «Кымбаттуум, мен балмуздак жегим келет» десе да, мен кубаныч менен: «Мен он мүнөттөн кийин сеникинде болом! Сага кандай даамы менен алып барайын?» демекмин. Мен эптеп эле аны менен бирге болуу үчүн, шытоо жана убакыт издеп калгам. Мен аны ушунчалык катуу сүйгөндүгүмөн, ал эмне кааласа да, аткаруу менен бактылуу элем. Мен булардын баарын аны сүйгөндүгүмдү далилдөө үчүн эмес, жөн гана аны сүйгөндүктөн кылып жаттым.

Мени адамдарга ал тууралуу сүйлөөгө мажбурлоонун кереги жок болчу … мен аны укканга даяр адамдын баарына эле мактай берчүмүн. Эгерде бирөө менен сүйлөшүп жатканда кичине эле пауза болуп кала турган болсо, мен оңой эле теманы өзгөртө калчумун да Лиза, биздин боло турган үйлөнүү тоюбуз тууралуу сүйлөй баштачумун. Мен аны сүйүп калгам!

Анткен менен, биздин никебизден бир нече убакыт өткөндөн кийин менин көңүлүм башка нерселерге: спортко, достор менен баарлашууга, өзгөчө кызматтагы жумушка бурулуп кетти. Мен эми аны менен убакыт өткөрүп же ал үчүн бир нерсе кылгым келбей калды. Мен Лиза тууралуу көп ойлонбой калдым. Мен ага эми Ыйсанын туулган күнүндө, үйлөнгөн күнүбүздө, туулган күндөрдө гана белек берчү болдум, аны да зорго гана. Бир жолу ал тургай, ыйык Валентин күнүндө ага белек бергенди да унутуп калыптырмын. Ал абдан капаланды. Менде кечирим сурагандан башка айлам калбады. Баарынан да кейиштүүсү, өзүмдүн жеткилең эместигимен улам, никебиздин сезондорунун белгисин түшүнгөн эмесмин. Биздин мамилелер улам чыңалып баратты: менин алгачкы сүйүүм муздап калды!

Акыр-аягында Кудай менин көңүлүмдү буруп, жүрөгүмдү өзгөрткөнүнө ыраазымын. Ал менин өзүмчүл болгондугумду

көрүүгө жардам берди. Өзүнүн ырайымы менен Ал кайрадан биздин сүйүүбүздүн отун жандырып, никебизди айыктырды.

Кудай менен болгон биздин мамилебизде деле ушул сыяктуулар болушу мүмкүн. Машайактын жолун жолдоочулар белгилүү бир жайлуулуктун деңгээлине же жайлуулукка жетет дагы, ошол жеткен чегин кастарлап жүрө берет, анан бир нерсеге умтулбай коюшат. Алар мындан кийин Кудай деп суусабай калышат.

Алар өзүлөрүн башкаларга салыштырып же болбосо, ушунчасы жетишет деп ойлоп алышат. Алар Кудайды Инсан катары тереңирээк таанууга умтулбай калышат. Көңүлдүн борборунда күнүмдүк түйшүктөр, ийгиликтерге умтулуу жана бул турмуш үчүн кам көрүүлөр болуп калат. Эми Кудайды Аны таануу үчүн эмес, Анын баталары үчүн издеп калышат. Адамдар Кудайдан өзүнө бурулуу менен, адашышат. Балким, алар машайакчылар менен достук мамилени түзүүгө же Жыйындагы абалдарын бекемдөөгө аракеттенишет, бирок, эми аларга жашоо Бергенге умтулбай калышат.

Качан биз Кудай менен болгон мамилебизден Аны менен болгон жакындыкты эмес, батаны же пайданы көздөгөнүбүздө, оңой эле адашып калабыз. Келгиле, чынчыл бололу: биз сыйынууда убакыт өткөрүп жатканыбыз үчүн да өзүбүздү мактайбыз, бирок, эгерде Анын көзү менен карай турган болсок, анда Аны пайдаланууга аракеттенип жатканыбызды билмекпиз. Биз керек кезде Кудайды жардамдын булагындай сезебиз. Ал бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, биздин ушул калп менен кала беришибизди каалабайт. Анан да, ал биз үчүн да Ыйсаны издеген көптөгөн улуу адамдар үчүн кылган нерсенин баарын кылгысы келет:

> «Көлдүн наркы өйүзүндө калган эл... Ал жерде Ыйса да, шакирттери да жок экенин көргөн эл кайыктарга түшүп, Ыйсаны издеп Капернаумга келди. Алар Ыйсаны көлдүн берки өйүзүнөн табышты да: «Устат, бул жерге качан

> келдиң?» – деп сурашты. Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, керемет көргөнүңөр үчүн эмес, нан жеп тойгонуңар үчүн, Мени издеп жүрөсүңөр" (Жакан 6:22-26).

Ыйса биздин аракеттерибиздин чыныгы ниетин билет. Аны издеп көптөгөн адамдар келген кезде, Ал алардын кереметтер менен жышаандарды көрүп, тушүнүүгө эмес, башка батага (бекер тамаккка) көбүрөөк кызыгып келишкендигин билген. Жышаан багыт же маалымат берет; ал өзүн көрсөтпөйт. Бул көптөгөн адамдар Аны көргөзгөн жышаандарга кызыккан эмес, өзүлөрүнүн курсагын тойгузуп алыш үчүн эле Аны ээрчишкендигин Ыйса билген.

Бир нерсе сурап алаарда гана силерге чалып калган тааныштарыңар барбы? Же андан да жаманыраагы, силердин бир нерсеңерди – кадырыңарды, акчаңарды, же башка материалдык баалуулуктарыңарды пайдаланганда гана дос болгон адамдар барбы? Бул адам силер үчүн чындап кам көрүп же силерге чыныгы сүйүү менен карап жаткан жок; жөн гана кандайдыр бир убакка чейин силер анын максаты үчүн кызмат кылдыңар. Ушинтип пайдаланылгандай болгон албетте ыза кылат!

Бул өзүмчүлдүк мамилелер биздин коомго, ошондой эле Машайактын Денесине кирип алган. Көптөгөн Жыйындар алардын Машайакка карата болгон сүйүүсү муздап бартканына нараазы. Кудай алардын каалоосун аткарып жаткан кезде алар бактылуу жана Андан күч алып турушат. Бирок, качан көйгөйлөр келип, алардын жашоосу кыйындай баштаганда, алардын жүрөгүнүн чыныгы ниети көрүнөт.

Адам өзүнө гана көңүл бурганда, албетте наалыйт. Эмне үчүн? Анткени, эртеби-кечпи, биз баарыбыз эле көйгөйлөр менен кездешебиз. Анан ошондой болгондо өзүмчүлдүк деген жалын менен наалуу башталат. Кыйынчылык канчага созулса, наалуу деле ошончого созулат. Силер аны ысрайылдыктардын жашоосунан

көрүп турасыңар. Теңир аларды Фараондун бийлигинен, Мисирдин кучулугунан бошоткондо, алар кубанган болчу:

> «Арундун карындашы, пайгамбар аял Мирияm, колуна дап алды. Бүт аялдар дап кагып, шаттанып, анын артынан чыгышты. Ошондо Мирияm алардын алдында: «Теңирге ырдагыла. Анткени Ал даңазаланды, атчан аскерди аты менен кошо деңизге чөктүрдү», – деп ырдады» (Чыгуу 15:20-21).

Ысрайылдыктардын кубанычына чек жок болчу. Алар өзүлөрүн азапка салгандардын колунан бошоткондугу үчүн Анын улуулугуна, керементине таң калып жатышкан. Бирок, болгону үч гана күндөн кийин, Сур чөлүндөгү ачуу сууга келишкенде наалый башташкан: «Биз эмне ичебиз?» дешип (Чыгуу 15:24). Алардын наалуусу күчсүз эле. Кантип эле, жакында эле Кызыл деңизди экиге бөлүп койгон Кудайым аларга иче турган сууну бере албай калмак эле? Кантип эле, Муса үч күн мурдагыдай эр жүрөк лидер боло албай калсын?

Кудай чындап эле ачуу сууну таттуу сууга айландырып койду. Бирок, бул керемет тууралуу эскерүү деле тез эле унутулуп калды. Бир нече күн өткөндөн кийин адамдар кайрадан наалый башташты, бул жолу тамак үчүн наалышты. Алар: «Биздин жашообуз Кудай бошотуп алганга чейин жакшы болчу» деп сүйлөнүштү. Чын элеби? Кантип эле жонуна улам желдеттердин камчысы чабылып, кирпич куйган жакшы болсун?

> «Ысрайыл уулдарынын жамааты чөлдө Муса менен Арунга кайрадан наалый баштады. Ысрайыл уулдары аларга: «Биз Мисир жеринде нанды тоё жеп, этке толгон казандын жанында отурганда эле, Теңирдин колунан өлүп калсак эмне! Силер бизди чөлгө ачкадан өлтүргөнү алып келген турбайсыңарбы», – деп наалышты» (Чыгуу 16:2-3).

Кыйын, кургакчылык учурларда, наалуу башталат жана ал адатта лидерлерге, үй-бүлө мүчөлөрүнө, досторго, душмандарга, ал тургай, өкмөткө багытталат. Көпчүлүгүбүз адатта (коркунучтун айынан) эч качан биздин кыйынчылыгыбыздын булагы Кудай деп айта албайт. Ушул сыяктуу эле ысрайылдыктар да Муса менен Арунга арызданышкан, бирок, чынында алар: «Теңир бизди ушинтип койду!» деп ойлошкон. Муса муну түшүнгөн жана аларга ачык эле айткан: «Силердин наалууңар бизге эмес, бирок Теңирге» (Чыгуу 16:8).

Чөл биздин жүрөгүбүздүн ниетин: көрсөтөт, ал өзүмчүлбү же өз каалоосунан баш тарткан ниетпи, ошону көрсөтөт? Жүрөгүңөрдө чындыгында эмне болуп атат жана силерди эмне кыймылга келтирип жаткандыгын көргөзүп бер деп, Ыйык Рухтан сурангыла. Кандай кыял менен кандай мамиле силерди чөлүңөрдө наалыганга мажбурлап, кулчулукта кармап турат? Келечекте ийгиликтүү болуш үчүн, Анын сүйүү менен оңдоосуна канчалык чынчыл жана ачык болгондук абдан маанилүү.

Бардыгы үчүн жагымдуу болгон кабар – тобо кылып, өз жүрөгүбүздүн абалын карап чыгуудан бизди эч ким кармап калбайт. Аны булак катары гана пайдаланууга аракеттенүүнүн ордуна, наалыганды токтотуп, Кудай менен болгон мамилени издөө көз ирмемдик гана.

Кудай бизди сүйгөндүктөн, чөлгө жиберет.

## Кудай – формуладан чоңураак

Ысрайылдыктардын максаты Кудай болгон эмес, ошондуктан алар Анын жолун тааный алышкан эмес. Алар Анын улуу иштеринен шыктанып турушаар эле, бирок, Кудайдын кереметтүү күчүн көрбөй калышкан кезде, алар Андан кетип калышкан. Муса тоодо болгон кезде алар Кудайдан баш тартып, ойной башташкан. Алар

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #4 Планыңарды тактагыла

Мурда мен чөлдү башымдан өткөрүп жаткан кезимде, жакшы мамилени сактап турган абдан оор болчу, анткени мага эч нерсе өзгөрбөчүдөй сезилчү. Чын-чынына келгенде мени күтүүдөн мурда күтүп аткандагы баштан өткөргөн оору тынчсыздандырчу. Мен саякаттап жүргөн насаатчылардын кызматы жөнүндөгү Кудайдан берилген кыялым ишке ашпай калчудай болгон бир өкүнүчтүү кырдаалдан чарчап кеттим. Теңир бул чөлдү мени тазалоо үчүн колдоноорун айткан мага. Бирок, дагы бир жолу бул чөлдөгү жол дагы канча уланат деп мен Кудайдан сураганымда, Теңир мага муну эскертти: «Мен сенин өз кыялдарыңа кызмат кыласыңбы, мага кызмат кыласыңбы, көргүм келет».

Бул чын эле менин көңүлүмдү бурду! Мен өзүмдүн убадаланган кыялымды – бүткүл дүйнөгө Жакшы Кабарды насааттаймбы, же менде андан да жакшыраак максат барбы – Кудайга тил алчаак болуп жана качан Ал менин жашоомду кыймылга келтирип, Ал мага сүйлөөрүн күтүшүм керекпи, ошолор тууралуу көбүрөөк ойлонуп, көбүрөөк сыйынышым керек болчу. Ошондо гана менин каалоом Анын каалоолору менен дал келмек.

Андыктан, менин жообум мындай: силерге Кудай берген кереметтүү кыялыңар силер үчүн Кудайдын Өзүнүн болушунан жана Атаңардын каалоосунун аткарылышынан да маанилүүбү?

куткарылуунун пайдасына ыраазы болуп эле кала бербеш керек. Аларда Кудайга жакын болуу жана Аны көбүрөөк таанып-билүүгө карата умтулуу болгон эмес.

Бир жолу Кудай Мусага тоодон түшүп элге ыйыкталгыла деп айт деген, анткени, Ал Синай тоосуна келмей болгон, Мурда Муса менен сүйлөшкөндөй эле алар менен да сүйлөшкүсү келген. Бирок, ошол маал келип, Теңир Өзүнүн кудуреттүү даңкы менен жана Өзүнүн улуулугу менен келгенде, адамдар буга чыдай алышкан эмес:

> «Бүт эл күндүн күркүрөгөнүн, сурнай үнүн угуп, жалынды, түтөгөн тоону көрүп турду. Муну көргөн эл артка кетенчиктеп, алыс барып турду. Анан алар Мусага: «Биз менен сен сүйлөш, сени угалы, биз менен Кудай сүйлөшпөсүн, болбосо өлүп калабыз», – дешти» (Чыгуу 20:18-19).

Алар Мусадан: «Сен биздин ордубузга Кудай менен сүйлөшүп, эмне дегенин айтып кел бизге, анан биз ошону кылабыз» дешкен. Муну менен алар Аны менен болгон өз ара мамилелерин эмес, кайрадан эле өзүлөрүнүн өзүмчүлдүк каалоолорун көгөзүшкөн. Балким, алардын ниеттери жакшы болсо керектир – алар Кудайдын Сөзүн сактагысы келгендир; бирок, Аны менен жакын мамиле болмоюнча, Анын артынан толугу менен ээрчий алышпайт эле.

Мамилелешүүнүн ордуна ысрайылдыктар өз көйгөйлөрүнө жооп алууну каалашкан, Кудай аларга Он Осуятты берген. Бирок, ал да көйгөйлөрдү чечкен эмес. Улам муун жаңырган сайын, адамдар бул парыздарды ээрчүүгө жөндөмсүз экендигин көргөзүп жатышты.

Ал эми, бүгүнкү муун тууралуу эмнелерди айтууга болот? Биздин арабыздан канчасы жакшы ойлору менен Кудайдын жолун сактап калууга аракеттенип жатышат? Биз убада беребиз, ант беребиз, бирок, анан сыйынууда үнүбүз араң чыгып калганга чейин, кыйналмайынча аны аткарбайбыз. Биз кандайдыр бир кайтаруучуну,

күйөөбүздү, аялыбызды, же сүйүктүү блогерибизди уга баштайбыз да, алар аркылуу Кудайды издей баштагандай болобуз, анан Аны менен мамилебизди жакшырткандай болобуз. Ысрайылдыктарга окшоп биз дагы Аны менен болгон жеке мамилени жандандырууну колдобой туруп, Кудайдын Сөзүн сактаганга аракеттенебиз – Анын парыздарын сактаганга аракеттенебиз. Жакан 14:21де минтип айтылат: «Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем».

Мен бул аятты окуп жатканда, Теңир минтип ойлойт го деп окудум: «Джон, эгерде сен Менин парыздарымды аткарсаң, анда сен Мени сүйгөндүгүңдү далилдейсиң». Бирок, бир жолу Теңир мага бул аятты кайра окуп чыгууну айтты. Окуп чыкканымдан кийин Ал минтип айтты: «Сен дагы эле Мен эмнени айтып жатканымды түшүнө элексиңби; аятты кайра окуп чык». «Макул, Теңир». Ушинтип атып, мен тогуз же он жолу кайталап окудум окшойт ошол аятты.

Акыр-аягында мен минтип жалбардым: «Теңир, менин билбей атканымды кечирчи, Сен эмнени айтып атканыңды мага көрсөтчү!»

«Джон, Мен сени Менин парыздарымды сактасаң, Мени сүйгөндүгүңдү далилдейсиң деген жокмун», - деп айтты Ал. – «Сен мени сүйөр, сүйбөсүңдү билем! Мен эгерде адам Мага болгон сүйүүгө кекиртектен толгон болсо, анда Менин парыздарымды сактоого жөндөмдүү болот» дегим келген!»

Мен түшүндүм! Бул мыйзам эмес, өз ара мамиле. Мен бул парыздарга – мыйзам катары карагам, бирок, Ал мага өз ара мамиленин маанилүүлүгүн көрсөттү.

- Кудай эрежелер жана токтомдор менен таанылбайт.
- Кудай ыкмалар менен табылбайт.
- Ыйык жана Кудуреттүү Кудай формулага чейин төмөндөтүлбөйт.

Бирок, биздин көпчүлүгүбүз Теңир жөнүндө ушундайча ойлойбуз.

Биз Кудай менен болгон мамилени мыйзам жана формулаларга алмаштырып алабыз. Ал формулалар мындай: бактылуу жашоого карай жети кадам, куткарылууга карай төрт кадам, өз ара ийгиликтүү мамилелерлердин жана жооп берилген сыйынуулардын ыкмалары. Биз кандайдыр бир каробкада Кудай убадалары менен чектелгендей, керегине жараша аны суурул чыгууга боло тургандай элестетип алабыз. Эгерде адамдар Кудайга ушинтип жакындап атышса, анда алар күнөөнү жеңүүгө жөндөмсүз деп таң калууга болобу?

Кудай өзүн өнүктүрүүнүн соңку формуласы эмес. Ал Өз балдарында – силерде жана менде жашаган тирүү Кудай. Ал бизди билгиси келет жана биздин жашообуздун бардык жагына, бардык иштерибизге катышкысы келет! Анын максаты – чын жүрөктөн баарлашуу. Адамдык табиятка ылайык, биздин сүйүүбүз салкындап кетиши тууралуу Ыйса эмнеге минтип айткандыгын түшүнсөңөр болот:

> «Бирок Менин сага айта турган бир нааразычылыгым бар: сен биринчи сүйүүңдү таштап койгонсуң. Ошондуктан кайсы жерден жыгылганыңды эстеп, тобо кыл да, мурун жасап жүргөн иштериңди жасай бер. Эгерде андай кылбасаң, тобо кылбасаң, анда Мен сага жакын арада келем да, чырагыңды ордунан алып таштайм» (Аян 2:4-5).

Ысрайылдыктардан айырмаланып, Муса Кудай менен алыстан гана сүйлөшүүгө ыраазы болгон эмес. Ал Кудайдын көрүнүшүн көргөндө артка кайткан эмес. Ал алдыга баскан. Чыгуу 20:21де жазылып турат: «Эл алыста турду. Муса болсо Кудай турган караңгы булутка кирди». Мусада бийлик жана даража бар экендигине, үч миллион кишинин ичинен чыккан элдин лидери экендигине жана Байыркы Келишимдеги эң бир таң каларлык кереметтердин

күбөсү болгондугуна карабастан, ал бул нерселер өзүнөн-өзү эле канааттандырылып калбастыгын билген. Мына ушул таң каларлык кереметтер менен жышаандарды баштан өткөргөндөн кийинки анын сыйынуусун карап көргүлө:

> «Эгерде мен Сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, анда өтүнөм: Сени таанып билишим үчүн, Сенин алдыңда ырайым табышым үчүн, мага Өз жолуңду ач. Бул эл Өз элиң экенин унутпа» ... «Эгерде биз менен Сен Өзүң барбасаң, анда бизди бул жерден алып чыкпа. ... «Мага Өз даңкыңды көрсөтчү» (Чыгуу 33:13-18).

Кудай Мусага азгыра турган сунуш кылды. Мелмилдеп жаткан чөл менен ысрайылдыктарды алып өтүп, аларды баталуу Жерге алып өтүүнү буйруду. Ал тургай, Ал алар менен кудуреттүү периштени кошо жибererин айткан. Ал Мусага убадаланган жер канчалык жакшы экендигин – ал жерде бал менен сүт агып турарын, эң сонун пейзаж, шалбаалуу бактар бар экендигин эскерткен. Бирок, Кудай Өзү алар менен барбастыгын айткан. Муну угаар менен Муса Кудайдын жоомарттык менен сунуштагандарынан баш тарткан. Ал мындай деп айткан: «Мен Сенин баталарың менен Сенсиз калгандан көрө, Сенин баталарыңсыз Сени менен калууну тандайм». Мусанын мынчалык суусап тургандыгы албетте Кудайга жакты деп ишенем.

Муса мындан да көптү каалаган. Ошондуктан, ал тайманбастан минтип сыйынган: «Сени таанып билишим үчүн, Сенин алдыңда ырайым табышым үчүн, мага Өз жолуңду ач» (Чыгуу 33:13). Кудайды таануу үчүн, биз Анын жолун билишибиз керек! Ал Өз жолдорун Анын күчү менен камсыздоосун гана билип калбай, Анын жүрөгүн да издегендерге көргөзөт. Анын жүрөгүн билген адамдар, Анын күчү менен жүрүшөт: «…өз Кудайын урматтаган адамдар күч алып, анан аракеттенишет» (Даниел 11:32).

Мен кызматка жаңы гана кирише баштаганымда, дээрлик ар күнү эрте менен бир-эки сааттан сыйынчумун. Менин сыйынуум төмөнкүдөй болсо керек эле: «Кудай, мени адамдарды куткарууга, ооруларды айыктырууга, жиндерди кубалоого пайдаланчы». Мен ошол эле нерселерди ар кандай сөздөр менен суранып сыйына берчүмүн. Мен Кудайга таасирлүү кызмат сурап сыйынууда өзүмдү абдан четке кагылган кишидей сезчүмүн.

Бирок, Теңир бир жолу мага минтип айтты: «Уулум, сенин сыйынууларың өзүмчүлдүк сыйынуулар жана максатка жетпейт». Мен Анын айткандарынан селейип эле туруп калдым.

«Ушунун баарын кылууга карата каалоого сени эмне түртүп жатат?» - деп сурады Ал. – «Мен дайыма сенден: «Колдон мени…» дегенди угам. Сыйынууңдун борборунда сен турасың. Мен сени жандарды куткаруу, жиндерди кубалоо жана ооруларды айыктыруу үчүн жараткан эмесмин. Мен сени жакындан баарлашып, жакын мамиледе болуу үчүн жараткам; мына ушул сенин максатың болуу керек».

Бул мени таң калтырдлы. Ошондо Ал бир нерсени айтты, эч качан ошол эсимден кетпейт: «Жүйүт Ыйсанын ысымынан адамдарды куткарып, ооруларды айыктырган!» Чынында эле, Ыйса он эки шакиртин жибергенде, алардын ичинде Жүйүт да бар болчу – ал кийинчерээк Аны сатып кеткен. Мен туура эмес нерселерге көңүл бурупмун. Кудайдын биз үчүн максаты – Анын асмандагы сыйлыгы – бул Ыйса Машайакты таанып-билүү (Филп. 3:10).

Бир нече жыл өткөндөн кийин Лиза чогулушка даярданып атып, ошол эле сыйынуу менен сыйынып жатты. Ошол күнү ал Теңир менен сүйлөштү. Ал ага: «Лиза, мен адамдарды колдонбойм; Мен аларды майлайм, аларды айыктырам, өзгөртөм, аларды Өзүмө окшотуп өзгөртөм, бирок Мен аларды колдонбойм» деди. Анан Ал минтип суроо менен улантты: «Лиза, досторуңдун бирөө сени качандыр бир кезде колдонду беле?»

«Ооба», - деди ал.

«Сен өзүңдү кандай сезгенсиң?» - деп сурады Теңир.

«Мен өзүмдү берилгендей сезгем!»

Көптөгөн кызматчылар Мага аларды колдонушумду сурап кайрылышкан. «Мен аларды колдондум: «Айыктыруу үчүн мени колдон, таасир этишим үчүн колдон, куткаруу үчүн колдон». Алардын жүрөгүнө ээ болуш үчүн, суроолоруна жооп бергем, бирок, алар абдан эле бошобогон кызматчылар болуп калышты. Алар Менин жолдорумду таанып-билүүгө өзүлөрүн кыйнашкан деле жок, натыйжада, алар өзүлөрүнүн жеке империясын куруу үчүн, Мен берген жөндөмдүүлүктөрдү колдонушту. Качан кыйынчылык келгенде алар Мага жалбарышты, бирок, Мен алар каалаган маалда, алар каалагандай түрдө жооп бербегеним үчүн таарынышты. Алар өзүлөрүн колдонулгандай сезишти да, Мага капа болушту. Алар кулап калышты, анткени, Мени таанып-биле алышпады».

Өз күйөөсүнөн балалуу болсом деген жалгыз гана умтулуусу бар аялдын, өз күйөөсүн жакындан таанып-билүүгө кызыкпагандыгын элестетип көрсөңөр. Ал анын бутуна жыгылып жалбарып жатат: «Оо, күйөөм, мен сен үчүн балдарыды төрөшүм үчүн сен мени колдон! Мага балдарды бер же мен өлөм!» Кызыктай угулат. Бирок, биз дагы өзүбүздүн жүрөгүбүздө Аны менен болгон олуттуу мамиле болбой туруп, «адамдарды куткаруу үчүн бизди колдон» деп сыйынуу менен ушундай эле кылгандайбыз. Качан биз Кудай менен жакын мамиледе болгонубузда, аялы күйөөсү менен жакын мамиледе болгондо балдар төрөлгөндөй эле болот.

Ошентип, ысрайылдыктардын изденүүсү менен умтулуусу туура эмес болгон. Алар Жаратканды эмес, жаралган нерсени издешкен. Анан эмне болгондугун биз билебиз. Аларды алдыда күтүп турган кыйынчылыктар үчүн даярдана турган, аларга күч жана акылмандуулук бере турган чөл, акыр аягы бүтүндөй бир муунду

жутуп кеткен түйшүктүн жерине айланган. Кандай гана жоготуу! Убадаланган жер ушунчалык жакын болчу!

Биз үчүн кандай гана сабак! Ушул эң жакшы жакындашуу жолунда биз чөлүбүздү даярдануу менен кабыл алышыбыз керек.

5

# ЖАҢЫ ШАРАП

*«Ылайым, биз Сенин баарын жаңырта турган шарабың үчүн идиш болуп калалы».*

**- Ефрем Сирин**

*«Өткөндү унуткула, келеркини ойлонбогула. Мына, Мен баарын жаңы кылам! Ал болуп жатат - кантип эле түшүнбөй жатасыңар? Мен чөлдө жол ачам, какшыган жерге дарыяларды агызам».*

**- Ышайа 43:18**

Кудайды жакындан таанып-билүү үчүн, өзгөрүүгө даяр турушубуз керек. Өзгөрүлүү үчүн болсо, чөлдөн артык жер жок. Унутулгандай, түшүмсүздөй болгон бул жерде биз Анын Рухунун жаңы кыймылдарын өз көзүбүз менен көрөбүз.

Көптөрү мындай суроо беришет: «Өзгөрүлүү үчүн эмнеге оор, кургакчылык мезгилди баштан өткөрүү керек?» Ушул бөлүмдө биз жооп берүүгө аракеттенебиз.

Он сегиз ай бою оор чөлдү башымдан өткөргөндөн кийин мен Флорида штатындагы бир жыйында жаштар кызматынын жетекчиси болуп шайландым (бул көп жыл мурда болгон). Бул жыйын ошол мезгилде Кошмо Штаттардагы эң бир тездик менен өсүп жаткан жыйын болгон. Анан мен бир аз ишене албай тургам, анткени, менде жаштардын кайтаруучусу катары тажрыйбам жок болчу. Бирок, мени Кудай жибергенин билгем, эгерде жигердүүлүк менен Аны издей турган болсом, анда баары жакшы болорун билгем.

Бул жаштардын жыйыны салттык түзүлүшкө ылайык курулган болчу, ага ылайык, жаштар ар кандай сабактарга тартылышы керек болчу. Тилекке каршы, ошол жаштардын көпчүлүгү рухий жактан өспөй калышкан. Көпчүлүгү каалагандай жашашкан. Бул кызматка келгенде мага Ыйык Рух: «Сен тобо кылуу, ыйыктык, тил алчаактык жана бийлик тууралуу насаат айтышың керек» деп айтканын сездим. Мен ушулар тууралуу насаат айтып, окута баштадым жана кызматта баары кескин өзгөрө баштады.

Натыйжалар таң калардыктай эле. Бир нече ай ичинде эле жаштардын тобу түзүлдү. Бандалардын, ар кандай культтардын мүчөлөрү болгон же жөн гана Кудайдан алыс болгон жаштар Ыйса Машайакты кабыл алышты. Колун түшүрүп калган жаштардын көптөгөн топтору кайрадан жалындашты. Баарыбыз Кудайдын биз менен болушунан ырахаттандык жана Ага деген сүйүүбүз дагы да өстү. Кудай бизди жана аракеттерибизди кудурети менен баталады.

Далластагы биринчи чөлдөн кийин мен чөлдүн мезгили мен үчүн биротоло бүттү деп ойлогом. Эмнеге өзүм чакырылган болсом, ошол кызматтамын, Жакшы Кабарды насааттап жатам. Ыйса бир жолу чөлдөн өткөн болсо, менде да ошондой болот деп ойлоптурмун. Кандай гана каталык кетиргем! Мага дагы да тазаланууга, бекемделүүгө, ошондой эле чөлдүн сезону жөнүндө көбүрөөк билишим керек болчу. Менин кийинки жолу кездешкен он сегиз айлык чөлүмө салыштырганда, баштан өткөн чөлүм баланын оюнундай эле болуп калды.

Ыйык Рух биздин лидерлик командабызга көптөгөн наваторлук идеяларды берди. Бул биз чөлдөгү даярдыктан өтүп келгенибизден кийин «Кудайдан жиберилген кезибизде», асмандан жаңы шарап берилип жаткан кезде болот. Ал бизге Мусага, Дөөткө, Жусупка ж.б.га окшоп кантип натыйжалуу жана жемиштүү болууга болоорун көргөзүп берет.

Биздин жаштардын кызматы башынан өткөргөндөгү ошол өсүү, чынында эле керемет болчу. Бирок, ушунча ийгиликтер болуп турган кезде да мен абдан оор жүктү сезип турдум, ал биздин эле жергиликтүү топто эмес болчу. Мен бүткүл Борбордук Флорида боюнча жаштарга жетишибиз керектигин сезип турдум. Ошентип, сыйынууда идея туулду: «Эгерде жаштардын кызматын телевизордон көрсөтсөк кандай болот?» Ошол 1980 – жылдардын ортосунда бул, адамдарга жетүүнүн эң жакшы ыкмасы болчу. Анда интернет, социалдык желелер жок болчу. «YouTube» - а, смартфондор – бир сөз менен айтканда, эч нерсе жок болчу. Бир

жергиликтүү күчтүү теле станциянын төрт миллиондон ашык көрүүчүлөрү бар эле. Таң калыштуу, бирок, бул станциянын ишемби күнү кечинде саат 22:00дө бош эфирдик убактысы бар эле. Мен билчүмүн, бул жаштарды кармай турган жакшы убакыт экендигин

Мен ушул идеямды улуу кайтаруучуга айткам, бирок ал бул иш үчүн каражат жок деди. Мен андан жаштарды теле программа үчүн каражат топтоого чакырсам болобу деп сурадым. Ал өз уруксатын берди, анан мен бүткүл Борбордук Флорида боюнча баңгизатынан, аракечтиктен же башка көйгөйлөрдөн кыйналган жаштарга кантип жетиш керектиги жөнүндө элестеттим. Жаштардын кызматындагы балдар ушул аянды кармап калышты да, ал кызматты өзүлөрү гезит сатып же тез татым жайларында, же дүкөндөрдө иштеп тапкан акчалары менен каржылашмак болду. Натыйжада, биз ар бир ишемби күнү кечинде телевизордон чыгууга жетерлик каражат таптык.

Улуу кайтаруучу таң калды, ал мунун баары Кудайдан болгонун түшүндү. Бул жаңы шараптын натыйжасы эле, буга чейин ишемби күнү кечинде 22:00де телевизор аркылуу көрсөтүлүп жаткан жыйындагы жаштар тууралуу эч ким билчү эмес. Бирок, бул жакшы болду. Көп өтпөй биз «жаңы шараптын» бай түшүмүн көрдүк. Эгерде Жакшы Кабар укпаган болсо, булар болмок эмес. Мен жаштардын кайтаруучусу болгон кызматты таштагандан кийин дагы бул теле программа аркылуу жашоолору өзгөрүлгөн жаштардын күбөлүгүн көп угуп жүрдүм, биз аны «Жалындаган жаштар» деп атаган болчубуз.

## Өзгөрүлүү – бул жакшы

Жакында биз жаштар кызматына кайрылабыз. Бирок, баарынан мурда жаңы шарап деген эмне жана ал эмне үчүн маанилүү экендиги жөнүндө билип алалы.

Бизди ойготкон өзгөртүүлөр көбүнчө оңой болбойт, бирок,

дайыма жакшы жана жемиштүү болот. Биз көбүнчө өзгөрүүлөргө каршы болобуз, анткени алар биздин жайлуулуктарыбыздын деңгээлине таасир этет. Биз өз адаттарыбыздан турабыз деп айтсак да болот. Алар жайгашып алгандан кийин, аларды алмаштыруу өтө ыңгайсыз. Бирок, Анын падышачылыгын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн, биз өзгөрүүлөргө ачык болушубуз керек.

Эгерде биз такыбаа үй-бүлөдө чоңойгон болсок, анда биздин адаттарыбыз, ыкмаларыбыз, салтыбыз ишеним менен байланышкан болуп, жаш кезибизден калыптанып, бизде тамырлап калат. Албетте, бардык эле салттар туура эмес. Бирок, качан адамдар жүрөгүнөн эмес, салттын негизинде гана аракеттенишкенде, анда ишенимдин көрүнүшү жансыз иштерден туруп калат.

Чынында мындай иштер рухий чепке айланып калат. Диний деңгээлге чейин түшүп кеткен адам сыртынан такыбаа көрүнүшү мүмкүн, ал Кудай азыр кылып жаткан нерселерге каршы болуп, Анын мурда кылгандарына жармашат.

Фарисейлер менен диний лидерлер Ыйсанын убактысынан бери эле ушундай болушкан. Алар парыздын, Ыбрайымдын балдары жана Мусанын окуучулары экендиги менен мактанышкан. Кудай кылган нерсеге жармашып алып, алар ортодо турган Кудай Уулуна каршы болушкан. Алар өз салттарын кызганыч менен коргошкон, ошондуктан, Кудай Уулу алардын жайлуулуктарын жана туруктуулугун өзгөртүп жашоолорунун бардык жагына келгенине алар каршы болушкан. Ыйса Кудайдын алардын шартына көнүп бербей турганын ачык көргөзгөн… тескерисинче, алар Анын шартына көнүштөрү керек болчу. Алар бул өзгөрүүлөргө каршы турушуп, өз салттарына жармашып алышкан.

Динчил адам өзүнө элиталык мамилени калыптандырып алышы мүмкүн, - «Кудай болгону биз аркылуу жана биздин калып аркылуу гана аракеттенет» деп. Мындай мамилелер зыян алып келет, эгерде токтотпосо, акырында жек көрүүгө, чыккынчылыкка алып келет.  Ыйсанын учурунда дагы так ушундай болгон жана

Жыйындардын бүткүл тарыхында ушундай болгон.

Биз өзгөрүп жана ишенимде бир деңгээлден экинчи деңгээлге өтүш үчүн, өзүбүздүн ыңгайлуу жайыбызды калтырышыбыз керекпиз, бизди Ыйык Рух жетелеген жол менен барышыбыз керек. Бул жол бизди кээде чөл аркылуу да алып өтөт, ал - Кудай бере турган жаңы жашоонун башталышы.

Биз мындай ээрчүүнү Жакан Чөмүлдүрүүчүнүн жашоосунан ачык көрө алабыз. Анын атасы ыйыктоочу, керек болсо, өз маалында башкы ыйыктоочу болгон. Жакан анын атасы сыяктуу ыйыктоочу болушу керек болчу. Ал Иерусалимдеги мектепке тапшырып, Гамалиил деген белгилүү мугалимдин колунда окушу керек болчу. Бирок, бир жолу Кудайдын Руху Жаканды чөлгө чакырды. Жакан канчалык көп сыйынган сайын, ошончолук көп чөлгө баруу керектигине чакыруу күчөдү. Анын ичинде каршылык болгон деп ишенем, балким, анда мындай ойлор болгондур:

*«Мен чогуу чоңойгон досторумдун баары «Библиялык мектептен» окушат. Алар диплом алышып, чакырылган лидерлер болуп калышат.*

*Алар рухий кызматка арналышып, өлкөнүн ар бир синагогасында насаат айта алышат. Алар мени эмне деп ойлоп калышат? Эгерде «Библиялык мектептен» окубасам, кантип өз максатымды ишке ашырам?*

*Менин жашоомдо эмнеге жаралгандагы максатым бар экендигин билем. Жогорку периште менин туулушум тууралуу айтуу менен, менин кызматчы болорумду атама айтып бергенин менин атам мага айтып берген. Бирок, мен ал чөлгө бара турган болсом, эч ким менин ким экенимди билбей калат. Мени насаат айтууга да эч качан чакырышпайт».*

Канткен менен, анын акылына чабуул коюп аткан чөлгө болгон чакырык башка маселелерди басып салган да, ал Рухту ээрчип чөлгө бармай болгон. Биз ал жөнүндө төмөнкүнү окуйбуз: «Бала болсо чоңоюп, күндөн-күнгө руху бекемделип жатты. Ал өзүнүн

Ысрайыл элине келгенге чейин ээн талаада жашады" (Лука 1:80). Баарынан да кызыгы Жакан чөлдөгү даярдыгын бала кезинен эле баштагандыгы жана болгону алты гана айга созулган кызматы үчүн жылдарды өткөргөн. Ошентсе да, Ыйса ал жөнүндө "аялдан туулгандардын арасынан" эң улуу кызматчы деп айткан.

Чөлдөгү убакыттын узактыгы, чөлдөрдүн саны, Жакандын ички абалы тууралуу Кудайдын Сөзү эч нерсе дебейт. Лука 3:2де минтип жазылган: «Анас менен Кайапа башкы ыйык кызмат кылуучу болуп турганда, ээн талаада Захариянын уулу Жаканга Кудайдан сөз айтылды». Анас менен Кайапа ал жакта болушканда Кудайдан алыс болгон диний системада эмнелер болуп атканын байкоо кызыктуу, кургак, күңүрт жерде жаңы идиш пайда болуп жатты. Мына ошол жерде жаңы шарап болушу керек.

Кудай Жаканды анын убагындагы «Библиялык мектепке» эмес чөлгө чакыруу үчүн даярдаган! Жакан чөлдө айткан Кудайдын Сөзүн угуш үчүн Жүйүттөн жана Иерусалимден толтура адамдар келишкен. Рухтун жаңы кыймылы башталды – жаңы шарап куюлуп жатты, бирок, диний мекемеде эмес, чөлдө. Диний эки жүздүүлүккө жана салтка кекиртектен тойгон адамдар, чын жүрөктөн өзгөрүлүүнү каалашты жана Кудай Уулунун келишине даярдануу үчүн, Жаканга-чөлгө келип жатышты.

Көп өтпөй Иордан дарыясында Жакандан чөмүлүү үчүн Ыйса келди. Жакан Аны чөмүлдүрүүгө өзүн татыксыз сезсе да, Ыйса аны мажбурлады. Ушул маалда Кудайдын Руху жерде эмне кылып жаткан болсо, Ыйсанын кызматы да ушундан чыгышы керектиги зарыл болчу. Ошондон кийин Ыйса Рухка толуп, анан дароо чөлгө алынып кетти.

Ыйса чөлгө алып барылганда Рухка толгондугун, бирок кырк күн сыналып жана азгырыкка туш болгондон кийин Ал чөлдөн Рухтун күчүндө келгендиги жөнүндө Библияда ачык эле айтылат. Ал бул жерге жер бетине өзгөчө кызмат кылуу үчүн келген. Жакан

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #5 Чатырда эле жашай бергиле: үй курбагыла

Чөлдүн убактылуу экенин эч качан унутпагыла, жөн гана аны басып өткүлө. Андыктан, чөлдө жүргөнүңөрдө чатырда жашагыла. Анан албетте, үй курбагыла!

Ысрайылдыктар ондогон жылдар чөлдө жүрүшкөндүгү менен, бул Кудайдын планы болгон эмес. Ал аларга отурукташып жана үйлөрдү кура турган жакшыраак жай табууга буйрук берген эмес. Жок, алар чатырларда жашашты жана булут жылаар менен дароо чатырларын жыйнашып, жыла алышчу. Чөл ар дайым эле убактылуу жай болгон, акыркы чекит болгон эмес.

Кудай бир да жолу: «Билесиңерби, бул чөл анчалык деле жаман жер эмес. Кимге баталуу Жер керек? Казып баштагыла да, бекем пайдубал куруп, өзүңөр үчүн жана Мен үчүн бекем үйлөрдү кургула» деп айткан эмес. Жолоочулук жүрүштөр мезгилинде ал тургай, Кудай дагы чатырларда жашаган.

Чатырлардын шаарчасында эс алуу көңүлдүү, ал тургай, жагымдуу болсо керек, бирок көпчүлүгүбүз эле сапарда жүрө бербей, токтоп, чыныгы үйдө отурукташып жашоону артык көрсөк керек. Адашпагыла, чөлгө пайдубал курбагыла. Ар дайым буюм-тайымыңарды жыйнаштырып, андан ары жылууга даяр тургула, анан акыр-аягында өзүңөрдүн эски чатырыңарды сарайга чыгарып койгула.

Чөмүлдүрүүчүнүн бир нече айга созулган кызматынан кийин, чөлдө дагы бир жаңы кыймыл башталды – Ыйса Машайактын кызматы башталды.

# Жаңы чаначтар

Ыйса Өз кызматын баштагандан көп өтпөй, биз төмөнкүнү окуйбуз: «Алар болсо Ыйсага: «Жакандын шакирттери менен фарисейлердин шакирттери бат-бат орозо кармап сыйынышат. Сенин шакирттериң болсо ичип-жей беришет», – дешти» (Лука 5:33). Биринчиден, биз: «алар» ким деп сурашыбыз керек. Биз Матайдан Жакшы Кабардан жооп табабыз: «Ошондо Жакандын шакирттери келип, Ыйсадан: … сурашты» (9:14). Узак жылдар бою мен алар фарисейлер деп жүрчүмүн, бирок, Жакан Чөмүлдүрүүчүнүн шакирттери экендигин билгенде, Кудайдын Сөзүнүн бул үзүндүсү мага таптакыр башкача ачылды! Бул адамдар ачууланган эле, анткени алар орозо кармап, тамактан баш тартып жана узак убакыттар бою сыйынышчу, бирок, Ыйсанын шакирттери мындай кылышкан эмес. Жаканды ээрчигендер курмандыктуу жашоону баштан кечиришкен, бирок, көңүлдүн баары Ыйсанын шакирттерине бурулган.

Жакандын мезгилинде Кудайдын Рухунун кыймылга келүү ыкмасынын бири көп сандаган орозолорго камтылган болчу. Бирок, Жакандын шакирттери башка жакка өтүшкөн эмес, же б.а. Жакандын кызматынын образынан Кудайдын Руху азыр кылып жаткан нерсеге өтүшкөн эмес. Алар алардын гана кызматы жана табынуусу жемиш алып келет деп ишенишкен. Алар Жакан Чөмүлдүрүүчүнүн артынан ээрчип жүрүү үчүн, чөлдө жашап, чегирткелер менен тамактанышып, кымбат баа төлөшкөн, бирок алардын лидерлери түрмөдө болуп калган. Жаңы Кызматчынын Өзүнүн шакирттери болгон, алар тигилердин эрежеси менен ойношкон эмес. Жакандын командасы таарынычта болушкан жана аларды динчил болуп калуу коркунучу каптап турган.

Эсиңердиби, диний рухтар дайыма Кудай кылып койгон нерселерге карманышат да, Кудай кылып жаткан нерсеге каршы чыгышат. Балким, Жакандын жолун жолдоочулар Кудай айтып жана

азыр кылып жаткан нерселерге эмес, өз лидерлерине ишенимдүү болууга аракеттенишкендей. Алардын көңүлү Кудайдын жүрөгүнө карай бурулган эмес. Алардын көңүл борбору бир кезде Кудайдын жүрөгүнө аларды алып келген ыкмага бурулгандай.

Аларда текебердик менен таарыныч пайда болду. Жакандын шакирттери убакыт, акчаларды да сарпташкандай. Эми алар ээ болгон жана коргогон нерселердин баары коркунучтун алдында. Ал тургай, алардын лидери Ыйса жөнүндө: «Ал өсүшү керек, мен болсо кичирейишим керек» (Жакан 3:30) деп айтса да, алар жабылып алышты жана өзгөрүүгө каршы болушту.

Ыйса аларга эмне деп жооп бергенин карап көргүлө: «Күйөө жанында болгондо, үйлөнүү тоюндагыларды орозо кармоого мажбурлай аласыңарбы?» (Лука 5:34). Алардын динчил жолун жокко чыгарып, минтип айтты Ал: «Кудайдын Уулу алардын жанында турганда алар эмнеге орозо кармашмак эле? Эгерде аларга бир нерсе керек болсо, анда алар жөн эле Мага келе алышат да!» Динчил ойлор аларды Кудайдын батасын орозо же бир башка диний ишкердүүлүк менен иштеп тапса болот деп ишенүүгө мажбур кылган. Алар орозо дегенди Кудайга жетүүнүн ыкмасы, аларды башкаларга караганда жогору көтөрө турган нерсе катары эсептешкен (же өзүлөрүндө болгон башка ыкмаларды колдонушкан эмес). Ушунтип отуруп, аларда текеберчилик пайда болгон. Алардын ыкмасы алгач алып келген жемиши менен маанилүү болуп калган.

Орозодо артыкчылык болгондугуна карабастан, бул Кудай менен манипулировать этүүнүн жолу эмес; орозонун максаты - силер Кудай айткандарды жакшыраак угууга жөндөмдүү болуп калышыңарда жатат. Ошондуктан, эмне үчүн шакирттер Ал жандарында турганда Кудайдын үнүн угалы деп орозо кармашмак эле? Келгиле, Ыйсанын Лука 5:34-35те айткан жообун окуп көрөлү: «Ыйса аларга: «Күйөө жанында болгондо, үйлөнүү тоюндагыларды орозо кармоого мажбурлай аласыңарбы? Бирок, Күйөө алардын

жанынан алынып кете турган күндөр келет, орозону алар ошол күндөрү кармашат», – деди”.

Ал балким, алар ошол күндөрү орозо кармашы мүмкүн деп айтып аткан жок. Ал алар орозо кармашат деп айтып жатат. Бул адамдар тамактан карманган орозо тууралуу гана сурашты, бирок Ыйса орозонун башка түрү жөнүндө айтып жаткан. Алардан Күйөө алынгандан кийин гана орозо кармай турган күндөр келет. Ыйса тамактан гана кармануу жөнүндө эмес, Өзүнүн болбогон мезгилдери тууралуу айтып жаткан эле. Муну биз бул сөздөн кийинки айтылган үлгүлүү аңгемеден улам билебиз. Эсиңердеби, чөлдүн аныктамаларынын бири - бул Кудайдын жанында болгонун сезбөө.

Келгиле, Ал эмне дегиси келгенин ушул үлгүлүү аңгемеден окуп көрөбүз:

> «Эч ким эски чаначка жаңы шарап куйбайт. Эгерде куйса, жаңы шарап чаначты айрып салат. Шарап да төгүлөт, чаначтар да жарабай калат» (Лука 5:37).

Библияда шарап деген Кудайдын чогуу болушун түшүндүрөт. Пабыл Эфестиктерге 5:18де минтип айтат: «Шарап ичип мас болбогула, анткени бул бузулган жашоого алып барат, тескерисинче, Рухка толгула».

Биз шарапка – Кудайдын болушуна толушубуз керек! Жаңы шарап – бул Анын Рухунун кыймылы.

Дагы бир жолу ушул маанилүү маселени кыскача карап көрүүгө уруксат эткиле. Силер жаңыдан гана Рухка толгондогу сезимдериңер эсиңердеби? Кудайдын бизде болушу даамдуу жана көп болчу. Ар бир жолу биз сыйынган кезибизде Ал токтоосуз биз менен болгонун сезчүбүз жана күн бою Анын жакын экендигин сезип жүрчүбүз. Мезгил-мезгили менен Ал ушунчалык жакын болгондуктан, жөн гана Жыйында отуруп ыйлаган кездерибиз болгон.

Бирок, көп убакыт өткөндөн кийин, бир жолу Анын болгондугун

силер жөн гана сезбей калдыңар. Силер мурдагыдай эле сыйынып жаттыңар, бирок бул суроону берип калдыңар: «Кудай, Сен кайдасың?» Силер чөлгө туш келдиңер!

Бул чөл же Кудай болбогондогу орозо белгилүү бир максатка ээ. Кудай силерди жаңы чанач болгонго даярдап жатат. Силер жаңы шарапты же Кудайдын Рухунун кыймылын эски чаначка куя албайсыңар. Ыйсанын учурундагы чаначтарды койдун терисинен жасашаар эле. Ал чаначтарга биринчи жолу шарапты куюшканда алар ийкемдүү жана эптүү болушаар эле. Алар оңой эле чоюлуп, шарап канчалык көп куюлган сайын, ошончолук эпке келер эле. Бирок, жылдардын өтүшү менен Жакынкы Чыгыштагы атмосфера терини кургатып, аны тез эле сынып кала турган жана катуу кылып койду. Ошондо эгерде андан шарапты куюп алып жана ага жаңы шарапты куйганда чанач жаңы шараптын оордугун да, анын көбүрүп-жабырганын да көтөрө албай, калган, анткени ал сынып кала турган катуу эле. Ошондуктан, жаңы шарапты куйганда ал айрылып же жарака кетер эле. Бул көйгөйдү чечүү үчүн эски чаначтарды бир нече күнгө чейин сууга жибитип таштап коюп, анан зайтун майы менен сүртөөр эле. Ошондо калыбына келип, тери ийкемдүү болуп калар эле.

Бул процесс биз менен эмне болуп жаткандыгын түшүндүрөт, анткени, биз жаңы рухий шарап куюла турган чаначпыз. Биз Кудайдын болгондугун алып жүрүүчүлөрбүз. Курчап турган атмосфера бизди Кудайдын жолдоруна сезимтал болуудан ажыратып коюшу мүмкүн. Биз асманда жашап жаткан жокпуз, биз денеде жашагандардын арасындабыз, аны дүйнө деп аташат. Ошондуктан, биздин акылыбыз жаңылануга муктаж. Чаначыбыз ар дайым жаңы шарапка даяр болушу үчүн, биз «сууга чыланышыбыз» керек, же Кудайдын Сөзүн сиңиришибиз керек. Пабыл Эфестиктерге 5:26да: «Ал (Ыйса) Жыйынды сөз менен, суу менен жууп тазалап, ыйыктоо үчүн…» деп жазган. Чаначты зайтун майы менен салыштыруу бизге берилген убакыт, сыйынууда

өткөргөн убактыбыз. Качан биз Сөздө жазылып тургандай, сыйынуудагыдай, Кудай менен убакыт өткөргөнүбүздө, биздин акылыбыз жаңыланат, ошондо биз катуу болбой же жолдорубузга жана ыкмаларыбызга катуу болбой калабыз.

Бирок, эски чаначты жаңыртыш үчүн, алгач андагы шарапты төгүш керек! Идиште шараптын болбогондугу – Кудайдын жаныбызда болгондугунун сезилбегендиги же бул мезгилди биз кургак мезгил деп атайбыз. Мындай сезондордо биз өзгөрүүлөргө даярданабыз!

Эмнеге Кудай Өзүнүн жаныбызда болуусун камсыздабайт? Силердин көңүлүңөр калышы үчүнбү? Жок, ал тургай, мындай болуп өтсө деле! Кайра Ага керек болгонго чейин силерди Ал «текчеге коюп койгусу келеби? Жок! Ал силердин Аны дагы да катуураак издешиңер үчүн, Өзүнүн жаныңарда болушу менен камсыздабай турат. Изденүү силерди кайрадан ийкемдүү, эптүү кылат. Катуу жана ийкемсиз адамдар – Кудайды издөөнү токтоткон адамдар болот. Алар мурда баштан өткөргөн нерселеринен улам, ээ болгон тажрыйбаларына жана ыкмалары менен формулаларына бекем жармашып алышат.

Жакан Чөмүлдүрүүчүнүн артынан ээрчигендер ушундай кырдаалда калышкан. Алар Жаканга жармашып алгандыктарынын себеби, Теңир алар аркылуу кудурети менен кантип аракеттенгенин көрүп калышкандыктарынан эле. Асмандагы сыйлыктарга – Кудайды жакындан таанууга умтулууну улантуунун ордуна, алар өз көз караштарында жана өз ыкмаларында ийменбес бойдон кала беришкен.

Кудайдын ар бир кыймылында жаңы окутуу пайда болот. Жакшы доктриналар менен окутуулар – бул бизди Кудайдын жүрөгүнө жакындата турган ыкмалар. Ошентсе да, эгерде биз доктриналар менен окутууларга жармашып ала турган болсок, анда акыр-аягында алар бизди диний кулчулукка, мыйзамчылдыкка, адашууга же баарын дароо дегендикке алып келет.

Силер ушуга окшогон эпке келбес табынуу ыкмасы менен Кудайды тааный албайсыңар, бирок көпчүлүк машайакчылар өзүлөрү билбей туруп эле ушундай жашоо образына көнүп алышкан. Алар өзүлөрүнүн табынуу жолдорун жана ыкмаларын орнотуп алышкандан кийин, үлгүлүү машайакчы боло турган билимге ээ болгондон кийин, Аны издөөнү токтотуп коюшат жана алар өзүлөрү калыптанып калган каада-салттар менен жашай башташат. Алар толук Жакшы Кабарга ылайык жашап жатабыз дешкени менен, өзүлөрүн бөксө, бош сезип жашашат.

Жеремия 29:12-13тө минтип жазылган:

«Мага жалынып, келип жана мага сыйына турган болсоңор,
анда Мен силерди угам; Мени издейсиңер жана табасыңар,
эгерде бүткүл жүрөгүңөр менен издесеңер, табасыңар».

Аны табыш үчүн бир гана жолу сыйынуу жетишсиз. Дайыма сыйынууда болгон диний формулалар менен көптөгөн адамдар бар. Кудай сыйынууңарда жигердүүлүк менен Аны издеш керек дейт. Ал төмөнкү үзүндүдө ачык-айкын эле айтып жаткандай, издөө болуш керек, ал үчүн жөн гана адаттарды ээрчүүдөн да көбүрөөк нерсе талап кылынат. Анын жүрөгүн тушүнө турган умтулуу жана жалындаган каалоо керек. Мына ошон үчүн да Кудай Эврейлерге жазылган кат 11:6да минтип айтат: «Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес: Кудайга келген адам Анын бар экендигине, Аны издегендерге Ал тиешелүүсүн беререрине ишениши керек».

Келгиле, Ыйсанын сөзүн кайрадан окуп көрөлү:

«Эч ким эски чаначка жаңы шарап куйбайт. Эгерде куйса,
жаңы шарап чаначты айрып салат. Шарап да төгүлөт, чаначтар
да жарабай калат. Жаңы шарапты жаңы чаначка куюу керек.
Ошондо тигиниси да, мунусу да сакталат. Эски шарапты
ичкенден кийин, эч ким жаңы шарапты дароо сурабайт.
Анткени ал: “Эскиси жакшы”, – дейт». (Лука 5:37-39).

Эски шарапка көнүп калган бир дагы адам ошол эле замат жаңысын каалай койбойт. «Ошол эле замат» деген сөздүн эң бир орчундуу болушунун себеби, биз – белгилүү бир адаттардан жана кылык-жоруктардан турган адамдарбыз. Биз жаңы шарапка суусашыбыз үчүн, шарапсыз кургакчылыктар аркылуу өтүп, эски шараптан арылып бошонуубуз үчүн, Кудайга ушул жайлуулук зонасын талкалоо маанилүү. Качан суусап, ичээрге эч нерсе жок болуп турганда, силер: «Мен бул жаңы шарапты ичким келбейт, мага эскиси керек» дебейсиңер да. Эгерде силер Кудайдын болушуна, күчүнө суусап турган болсоңор анда, силер анда жашооңордо боло турган Кудайдын Рухунун жаңы кыймылы үчүн ачык болосуңар. Силер чөлгө туш болгондо минтип айткан Дөөттөй болосуңар:

> «Кудай! Сен менин Кудайымсың, Сени таң сүргөндөн баштап
> эле издей баштайм. Менин жаным Сени эңсейт, какшыган,
> суусуз ээн жерде денем Сени көксөйт.Сенин күчүң менен
> даңкыңды көрүү үчүн, мен Сени ыйык жайда карадым»
> (Забур 62:2-3).

Дөөт Кудайдын күчүнө жана Анын болушуна суусап турган. Натыйжада, ал ишке киришкен кезде, Кудайдыкын кылбаган, баарын өзү каалагандай кылган Шабылга окшобой, өзүнүн чакырылгандыгына жараша Теңирдин каалоосуна карата эптүү жана ийкемдүү болгон.

## Дагы бир чөл

Мен мурдараак айтып кеткендей, жаштардын кайтаруучусу болгон бул кызматым менин алгачкы чыныгы кызматым болгон. Телевизордон көрсөтүлгөн жаштардын кызматы чоң ийгиликтерге жетишкен. Биз ошондой эле, аймагыбыздагы эң бир белгилүү радиостанция аркылуу кыскача Жакшы Кабар тараткан роликтерди

да берчүбүз. Баары эң сонун болгон.

Бирок, бир жолу мен сыйынып жатканымда, Кудайдын Руху мага мындай деди: «Өзгөрүүлөр келет. Сен жаштардын кайтаруучусу болгон кызматыңдан алынасың», - деди Ал. - «Мен сени жыйындарга жана Батыш Жээктен Чыгыш Жээкке чейинки, Канададан Мексиканын чек арасына чейинки, Альяска жана Гавайдагы конференцияларга жиберем…»

Мен Лизага Кудайдын Руху эмне дегендиги жөнүндө айттым, анан экөөбүз тең жүрөгүбүздө ойлоно баштадык. Биз муну башка штаттагы кайтаруучу бир досубуздан башка эч кимге айткан жокпуз. Кудай муну кылаарын айтты. Эгерде чындап эле бул сөз Андан болгон болсо, анда мен Ага жардам берүүмдүн кереги деле жок болчу.

Ошентсе да, бир жылдан ашса да, эч нерсе болгон жок. Ушул күтүү мезгилинде мага мүмкүн эместей сезиле баштаганга чейин Кудай менен биригүү өтө кыйынга туруп жатты. Мен сыйынууга мурда болуп көрбөгөндөй убакыт короттум, бирок, эч кандай натыйжа болбогондой сезилип жатты. Анын үстүнө, менде жаштар кызматына карата аян-ачылыштар күүгүмдөнүп (эски шарап бузулуп) бараткандай сезим пайда болду. Канчалык көп сыйынган сайын, менин аяндарым жоголуп жатты. Сырттан эч нерсе билинбегендей болгону менен, ичимден аракеттерим солгундап баратты.

Мен биздин жаштардын кызматы болордо сыйынууга сааттарды короттум, ал тургай, эки жолу насааттаганга кимдир бирөөнү жөнөтчү деп Кудайдан сурана баштадым. Мен кызматка таптакыр көңдөй бойдон бараткандай сезип жаттым, бирок, Кудайдын болушу мени жамынгыч сыяктуу жаап коюп жатты. Кызмат бүткөндөн кийин жарым жолго жеткенде, Анын колдоосу дагы бир жумага менден кетчү!

Буга кошумча болуп, биздин жашообузда сырткы жана ички кыйынчылыктар башталды, мындайды мурда такыр башыбыздан өткөргөн эмеспиз. Мен кептин баары менде го деп ойлодум да,

өзүм жасаган ар бир күнөөнү ачыкка чыгарып айта баштадым, бирок, өзүм сезген боштуктан башка эч кандай жеңилдөөнү сезген жокмун.

Бир жолу дагы, кандай күнөө кылгандыгымды түшүнүүгө аракеттенип турсам, Теңир мага минтип айтты: «Сен бул чөлдө турган жоксуң, анткени сен күнөө кетирдиң! Мен сени алдыда боло турган өзгөрүүгө даярдап жатам».

Анын кийинки этаптагы менин кызматым үчүн чакырыгын кабыл алышым үчүн, Ал мен муктаж болгон мүнөздү ичимде өстүрүп жатты. Келгиле, Ышайа 43:18-19ду окуп көрөбүз: «Бирок силер мурункуну эстебей жатасыңар, байыркылар жөнүндө ойлобой жатасыңар. «Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот, чын эле, силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен ээн талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм".

> «Мурдагы жөнүндө унуткула: келе жаткан тууралуу ойлобогула. Мына Мен, жаңы нерсени кылам! Ал болуп жатпайбы – кантип эле түшүнбөйсүңөр? Мен ээн талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм».

Мындан ары бул китепте Теңир кереметтүү жол менен өз убагында «алдыдагы өзгөрүүлөрдү» кантип көргөзгөндүгүн айтып берем. Ошл мезгилдин баарында, ал тургай менин чөлдөгү эң бир кыйын учурларымда да Тенир мени биздин кызматтын төрөлүшүнө даярдап жүрүптүр, анын таасири бүткүл Америка боюнча, акыры жүрүп бүткүл дүйнө боюнча таралыш керек болду.

Менин досум, сиз жаңы шарап келгенде, аны менен бирге сыноодон өтүп жатканда, эскиге кайрылууну каалабашыңыз үчүн, Кудай сиздеги эски шарапты төгүп салат.

# 6

# АСМАНДАГЫ СЫЙЛЫК

*«Кээ бир адамдар өзүлөрүнүн мурдакы өткөндөрүнө кайрыла беришет жана качандыр бир кезде болгон бардык кыйынчылыктарды эстешет, анан келечекке карап да андан да көбүрөөк кыйынчылыктарды күтүп жашашат, анан жашоосунда ушинтип олку-солку болуп жүрө беришет».*

**– Д. Л. Муди**

*“Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, алдыга умтулам. Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам”.*

**– Филиппиликтерге 3:13-14**

Апостол Пабыл Жаңы Келишимдин үчтөн эки бөлүгүн жазган жана бутпарастардан түзүлгөн көп жыйындарды негиздеген. Анын кызматы бүткүл дүйнөгө тараган, бирок өмүрүнүн аягында ал мындай деп айткан: «Мен али жете элекмин» деп. Ал канааттанып калган эмес жана өз умтулган нерсесинин аягына чыкмайынча – асмандагы сыйлыкка жетмейинче, тынчый да алган эмес.

Биз да өзүбүздүн умтулган нерсебиздин аягына чыгып, сыйлыгыбызды алгыбыз келсе, биринчиден жүрөгүбүздө болгон нерсеге ишенимдүү болушубуз керек, а биз болсо ага али жете элекпиз Биз али жеткилеңдикке жете элекпиз; биз өзгөрүлүшүбүз крек, өсүшүбүз керек.

Муса дагы артынан үч миллиондогон элди ээрчиткен, Байыркы Келишимдеги кереметтердин жана жышаандардын бир бөлүгүн жасаган. Ошентсе да, Кудай бүткүл жер жүзүндө Муса абдан жоош (тил алчаак) болгондугун айткан. Ал өзүн жеттим деп ойлогон эмес, алга умтула берген, ал умтулган нерсесинин аягына, асман сыйлыктарына жеткиси келген. Өзгөрүлүш үчүн, өсүш үчүн, биз үйрөнүүгө дилгир болушубуз керек.

Биз Кудайдын артынан баратканда кыла турган экинчи нерсе, бул артта калган нерселердин баарын (жеңишти да, жеңилиүүлөрдү да) унутушубуз керек. Кудай Ышайа 43:18-19да кайрадан буларды атып жатат:

> «...мурункуну эстебегилер, байыркылар жөнүндө ойлобогула. Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот чын эле, силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен ээн талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм».

Дайыма эле өткөндөгү жол болбостук, четке кагылуу же күнөөлөр жөнүндө эстей берүү Машайакта алдыга жүрүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Ошондой эле, мурдагы жеңиштер да бизге тоскоол болот. Эгерде биз өзүбүзгө абдан эле ишенип алган болсок, же өзүбүздүкүн туура деп эсептеп алган болсок жана өткөндөгү жеңиштерибиз биздин таянычыбыз болуп кала турган болсо, анда Кудай биз үчүн азыр даярдап койгон нерселерди колдон чыгарып жиберген болобуз.

Кудай Ышайа 43тө так ушуну айтып жатат. Мурдагы жеңиштер да Ал аркылуу болгон, бирок алга жылып Ал биз үчүн даярдап койгон нерсени аткаруу үчүн, Кудай бизди мурда алып өткөн жолдорду унутушубуз керек. Андай болбой турган болсо, бизге эски чаначка окшоп калуу коркунучу турат.

Пабыл, ошондой эле бул чындыкты белгилеп көрсөтөт:

> «Бала кезимде жаш балача сүйлөп, жаш балача ойлонуп, жаш балача ой жүгүртчүмүн. Эр жеткенде балалык көз караштарымды калтырдым. Азыр биз күңүрт күзгүдөн көргөнсүп, даана көрө албай жатабыз, кийин болсо даана көрөбүз. Азыр менин билимим чектелүү, Теңир мени кандай билсе, кийин мен баарын ошондой билип алам» (1 Корунттуктарга 13:11-12).

Бала чынчыл эмес деп айтууга мүмкүн эмес, ал болгону али жетиле элек. Беш жашта экенимде менин дүйнөм оюнчук машиналардан жана конструкторлордон турчу. Алфавитти жатка айтып коюу чоң жетишкендик болчу. Мен дүйнөнү күңүрт күзгүдөн көргөндөй болчумун, анткени анын татаал жана кенен жактарын эптөө үчүн жетиле элек болчумун.

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #6 Эмнени кылбаш керек

Кудайдын Сөзүндө жазылган ысрайыл элинин чөлдөгү кейиштүү тажрыйбасына негизденип, убактылуу ошол кургакчылык жайда болгондо биз кылбай турган кээ бир нерселер бар. Чынында бул тизме машайакчылк жашоонун ар кайсы эле сезонуна ылайык, бирок, бул күнөөгө азгырылуу өзгөчө чөлдө жүргөндө бизге оорураак болот. Мына, биз кылбай турган тизменин негизгилери.

1. Жаман иштерге кызыкпоо керек. Кээде бир нерседен ажырап калганда бизге туура эмес нерселер өзүбүздү жакшы сезүүгө, ал тургай бактылуу сезүүгө жардам берет деп ойлойбуз.
2. Бурканга табынбоо керк. Бул биздин каалоолорубузга карай умтулуу болуп эсептелет. Анда биз Кудайдын Сөзү менен бирикпеген каалоолорго умтулуп, Ыйсага караганда башка бирөөлөргө же башка нерсеге өз сүйүүсүн бергендик болуп саналат.
3. Адеп-ахлакка жатпаган жана бузуку нерселерге багынуу.

Мен он сегизге чыкканымда оюнчук машиналар менен конструкторлор өткөн нерсе болуп калды. Эми жылдар өткөндөн кийин мен жашоого күңүрт күзгүдөн карабай калдым. Менин түшүнүк деңгээлим жана жөндөмдүүлүгүм өстү. Он сегиз жаштагы адам беш жаштагыдай кылыктарды кылса, бул туура эмес көрүнөт. Чоңоюп отуруу менен биз эми мындан ары пайда бербеген жана биздин муктаждыктарыбызды толтурууга жана каалоолорубузду

4. Теңирди сыноо.
5. Наалуу, наалуу, наалуу.

Корунттуктарга жазылган биринчи катында Пабыл биз чөлдөгү бабаларыбыздан, эмне кылбаш керектиги жөнүндөгү көп нерселерге үйрөнө алаарыбызды айтат:

> «… ата-бабаларыбыздын баары булут астында жол жүрүшкөн, алардын баары деңизден өтүшкөн. Кудай алардын көпчүлүгүнө нааразы болду. Ошондуктан алар чөлдө өлүп жок болушту. Алар сыяктуу жамандыкка жакын болбошубуз үчүн, бул бизге сабак болуп калды» (1 Корунттуктарга 10:1, 5-6).

Ысрайылдыктар өз иштери үчүн кымбатка түшүп калышкан. Ошондуктан келгиле, алардан сабак алып, үйрөнөлү.

Досум, чөлдө сен Кудайдын жолун, ал тургай Анын жүрөгүн деле таба аласың, бирок, сен бекем ишеним менен минтип айтышың керек: «Кудайым, мен ишенем сен жакшысың жана мени сүйөсүң, ал тургай, Сенин жакшылыгың менен сүйүүңдү билбей турганымда деле сүйөсүң».

канааттандырууга ылайыксыз болуп калган балалык жолдорубузду жана түшүнүктөрүбүздү унутабыз.

Ушул сыяктуу эле биз Кудайда өскөн кезибизде жана турмуштук тажрыйбаларды топтогон кезибизде мурдагы жеткилең эмес иштерибизди калтырышыбыз керек. Пабыл айткандай, биз эми Кудайдын жолдорун жана Анын даңкын күңүрт күзгүдөн көргөндөй көрөбүз, бирок, асман сыйлыгына биз канчалык көбүрөөк умтулган

сайын, Аны менен бетме-бет келишкенге чейин ачыгыраак көрө баштайбыз. Башкача айтканда, Ал бизди канчалык билсе, биз да Аны ошончолук билип калабыз!

Пабыл эскертип аткан асман сыйлыгы деген эмне? Ал бул суроого келерки аятта жооп берет. Филиппиликтерге 3:10до минтип жазылган: «Аны жана Аны тирилткен күчтү таанып билиш үчүн, Анын тарткан азаптарына ортоктош болуш үчүн, Ага окшоп өлүп, өлгөндөр менен бирге тирилиш үчүн, баарын таштанды деп эсептейм”. Асмандагы сыйлык деген – Анын Уулу Ыйса Машайакка окшоп өзгөрүлүү – Ал бизди билгендей, Аны да билүү! Биз ошол максатка жеткенге чейин, канааттанып калбашыбыз керек. Ошондуктан, биз эч качан Кудайдын жүрөгүн издегенден талбашыбыз керек.

Асмандагы сыйлыкка жетишибиз үчүн, биз «максатка умтулуубуз керек». Умтулуу деген биз кандайдыр бир каршылыктардан же басымдардан өтүшүбүз керек дегендик. Теңирди таанып-билүүдө каршылыктар болобу?

Шайтанга карата эң бир чоң коркунуч – бул Ыйса Машайакка окшоп өзгөрүлгөн адам. Андыктан, караңгылыктын күчтөрү баарына караганда мына ушул адамга карата айыгышкан күрөш ачат. Машайактын образына окшоп, өзгөргөн адам эми өзү үчүн эмес, өзүндө Жашаган үчүн жашап калат. Бул ишенгендер эми өз жашоолорун Машайакта таасирдүүрөөк жана берекелүүрөөк жашап башташат. Ошондуктан да, Пабыл биз Аны таанып-билишибиз үчүн, Анын азаптарына да ортоктош болушубуз керектигин айткан. Денедеги азап тартуу, бул өзүнүн жеке «мен» дегени үчүн өлүү, андан кийин тирилген жашоо келет. Петр минтип жазат: «Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт. Эми мындан аркы жашооңорду адамдык кумарлар менен эмес, Кудайдын эрки менен жашагыла» (1 Петр 4:1-2).

Эгерде биз денеде азап тарткан болсок, анда биз мындан ары өз жолдорубузда жүрө бербейбиз жана бул дүйнөнүн күнөөлүү

максаттарына умтула бербейбиз! Мына ушул максаттарга биз жетишибиз керек!

## Машайак менен азап чегүү

Машайак менен азап чегүү деген эмне? Белгилүү бир диний окутуулардан улам бул библиялык термин, бурмаланып калган. Машайак менен кошо азап тартуу деген бул, оорудан өлүү же төлөмдөрдү төлөө үчүн жетишерлик акчасы жок болуу дегенге жатпайт. Бул Кудай силердин курмандыгыңарга боор ачысын деп, жума бою тамак-ашы жок калуу дегенге да жатпайт. Азап чегүү – бул курмандык эмес, бул- тил алчаактык!

Эврейлерге жазылган каттын ээси – Машайактагы азап чегүү деген эмне экендигин даана көргөзөт:

> «Ал адам болуп жашап жүргөн күндөрүндө өлүмдөн алып кала алчу Кудайга катуу үн менен сыйынды, көз жаш менен жалбарды. Кудайды урматтагандыгы үчүн, Анын сыйынуусу угулду. Ал Кудайдын Уулу болгонуна карабастан, азап чегүү аркылуу моюн сунууга үйрөндү» (Эврейлерге 5:7-8).

Ыйса жер бетине тил алчаактыкты алып келген жок; Ал буга үйрөнүшү керек болчу. Ал баш ийбей койгондо жеңилирээк болгондой сезилген кезде да, Өз Атасына баш ийгенге үйрөнгөн. Ал адамдарга эмес, Кудайга жагууга аракеттенген. Анын тил алчаактыгынын натыйжасында адамдар чоң пайдага жетишмек. Петр чыныгы азап чегүү адамдык каалоо менен жашоо эмес, Кудайдын эрки менен жашоо экендигин көрсөттү (1 Петр 4:2).

«Машайактын азап чегиши» деген сөз Кудайдын жолу менен баруу дегенди түшүндүрөт, сезимдер менен эмоциялар болсо бизди камсыздыкка жана ырахаттанууга тартат. Мунун баары жаңжалдын кызыган учурунда болот: Кудай бизди бир багытка бар деп аткан

маалда, биздин досторубуз, үй-бүлөбүз, коллегаларыбыз, ж.б адамдар биздин башка жол менен барышыбызды каалайт. Тилекке каршы, адатта биз мындай каршылыктарга эң жакын адамдарыбыз тарабынан дуушар болобуз. Бул чындыктын классикалык мисалы - бул Петр Ыйса менен анын өлүмү жана көмүлүүсү тууралуу макулдаша албаганы:

> «Ыйса ал жерден чыгып, Тир жана Сидон аймактарына келди. Ошол аймактардан канаандык бир аял чыгып, Ыйсага: «Мага ырайым кылчы, Теңир, Дөөттүн Уулу! Кызым жин оорусунан катуу кыйналып жатат», - деп кыйкырды. Бирок Ыйса аялга жооп берген жок. Ошондо шакирттери Ага жакын келип: «Аркабыздан калбай кыйкырып келе жатат, аны кетирип жиберчи», - дешти» (Матай 16:21-23).

Ыйса Өз шакирттерине Кудайга баш ийиш үчүн, Ал Иерусалимге барышы керек, азап тартышы керек, өлүшү керек жана үчүнчү күнү тирилиши керек деп айткан. Петр Ыйсанын тирилиши тууралуу айтканын укпай калгандай, эмесе, Ыйсанын Өз өлүмү жакындап калганын айтканда анчалык дүрбөлөңгө түшмөк эмес.

Петр эмне деп ойлоп жатканын билбей турасыңарбы?

> *«Коё тур, Сен – Мессиясың да (ал эми эле жарыяланган болчу), Сен Ысрайылдын падышачылыгын калыбына келтирип жана бекемдешиң керек. Мен өз ишимди, үй-бүлөмдү жана аялымды Сенин артыңдан кетиш үчүн таштабадым беле. Мен Сени ээрчүү үчүн досторумду жоготтум. Мен буга өтө көп убакыт короттум, менин белгилүү бир кадыр-баркым бар. Синагога лидерлери Сени акылынан ажыраган дп ойлошот. Гезиттер менен журналдар дайыма карама-каршылыктар тууралуу жазып жатат. Социалдык желелерде эң бир кызуу талкууланып жаткан тема – Сенсиң, анын көпчүлүгү Сенин пайдаңа эмес. Көптөгөн кадыр-барктуу*

*Кудайды изилдөөчүлөр жана лидерлер Сени еретик деп эсептешет. Эми болсо Сен өлүм тууралуу сүйлөп жатасың. Анда мени менен эмне болот? Дайыма Сенин артыңдан ээрчүүгө салынган салым жоголот, азыр эми менде калган нерсе мен тууралуу жаман ой-пикир».*

Петр ойлонбостон эле минтип айткан: «Жок, Теңир! Сен мындай кыла албайсың!»

Ыйса Петр дүйнөдөгүдөй жана өзүмчүлдүк менен ойлонду деп дароо эле көргөзүүгө мажбур болду. Ал Кудайдын көзү менен караган эмес. Бул дүйнө өз пайдасын издөөнү шайтандан үйрөнгөн (2 Корунттуктарга 4:4). Асман падышачылыгы – мунун толук карама-каршылыгы. Ошондуктан, Кудайдын эркин аткаруу менен, ал тургай бул “Теңирдеги бир туугандардын”, абдан эле бул дүйнөнүн таасиринин астында болгондордун кээ бирлеринин көз карашына каршы болсо дагы, биз маданиятыбыздын агымына каршы сүзүшүбүз керек. Петр жаман адам болгон эмес, бирок бул процессте анын ойлору Машайаккка эмес, бул дүйнөнүн таасирине тартылган болчу. Ал бул өзгөрүүгө каршылык кылган, анткени баары басып өтүш керек болгон нерсени башкача элестеткен.

Бул мисалдагы дагы бир чындык – бул Ханаан жерин көрүп келгени барган чалгынчылар. Кудай Мусаны убадаланган Жерди көрүп келүүгө адамдарды жибер деп буйрук кылганда ысрайылдыктар чөлдө бир жылдан ашыгыраак жүрүп калышкан эле. Муса он эки уруудан он эки адамды тандап алган болчу. Алардын экөөсү Жашыя менен Халев болчу.

Ошондо чалгынчылар жерди карап келишкенден кийин, алардын көрүп айтып келгендери карама-каршы мааниде болчу. Алардын ону минтип айтышкан:

«Сен бизди жиберген жерге барып келдик, чын эле, ал жер
сүт менен бал аккан жер экен, ал жердин жемиштери мына·
Бирок ал жерде жашаган эл күчтүү экен, шаарлары да өтө чоң,

> чеп менен курчалган экен. Биз ал жерден Анактын тукумун да көрдүк. Ал жердин түштүк жагында амалыктыктар, тоолорунда хеттиктер, жебустуктар жана аморлуктар, деңиз жээги менен Иордан боюнда канаандыктар жашашат экен» ... «Жок, биз ал жердин элдерине каршы бара албайбыз, анткени алар бизден алда канча күчтүү экен. Ошентип, алар карап келген жерлери жөнүндө Ысрайыл уулдарынын арасына мындай жаман сөз таратышты: «Биз карап чыккан жерлер кызыл кыргын, кара сүргүн кетпеген жерлер экен, биз көргөн кишилердин бардыгы алп кишилер экен» (Сандар 13:28–33).

Халев менен Нундун уулу Жашыя башкача кабар алып келишкен:

> «Бирок Калеп Мусанын алдында турган элди тынчтандырып: «Жүргүлө, ал жерди ээлеп алалы, анткени биз ал жерди оңой эле басып ала алабыз» - деди. Эгерде Теңир бизге ырайым кыла турган болсо, анда бизди ал жерге Өзү алып барат. Сүт менен бал аккан ошол жерди бизге берет. Болгону, Теңирге каршы чыкпагыла, ал жердин элинен коркпогула, биз ал элди жеңип алабыз, анткени алардын коргоочусу жок. Ал эми биз менен Теңир бара жатат, ошондуктан алардан коркпогула» (Сандар 13:31; 14:8–9).

Бардык он эки киши убадаланган жерди көрүп келишкени чогуу барышкан. Алар жерди, шаарды жана адамдарды чогуу эле көрүшкөн. Эмне үчүн алардын ону бир кабар менен, ал эми экөө аларга таптакыр карама-каршы кабар менен келишкен? Кептин баары алардын кабыл алуусунда болгон!

Кудай Халев менен Жашыяда такыр башка рух болгон деп айткан, анткени алар Ага толугу менен табынышкан (Сандар 14:24). Б.а. алар адамдык каалоолордон Кудайдын эркине өтүшкөн. Алар өзүлөрүн коргоочу сезим менен эмес, Кудайдын көзү менен карашкан. Бул эмне үчүн чалгынчылардын Жашыя менен Халевден

бөлөгү башкача көргөндүгүн түшүнүүнүн ачкычы. Он чалгынчы өзүлөрүнүн жайлуулуктары, коопсуздуктары жана үй-бүлөсү жөнүндө Кудайдын каалоосуна караганда көбүрөөк ойлонушкан. Алар Кудай Падышачылыгы жөнүндө эмес, өз жашоолору жөнүндө көбүрөөк ойлонушкан. Алар Кудай аларды эмнеге чакырып алган болсо, ошого жетишкенче аларды калтырбастыгын, ийгилик беререрин түшүнүшкөн эмес. Элдин калгандары да ошондой эле туура эмес ойдо болушкан, анткени алар дагы:

> «Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Муса менен Арунга мындай деп наалыды: «О, ушундан көрө Мисир жеринде же ушул чөлдө эле өлүп калсак эмне. Теңир бизди ал жерге кылычтан өлсүн деп алып бара жатабы? Эми аялдарыбыз менен балдарыбыз душманга олжо болот. Андан көрө Мисирге кайтканыбыз оң эмеспи?» (Сандар 14:2-3).

Ысрайылдыктар Мисир жеринде курсагы тоё тамак жеп, жашоолорунда кандайдыр бир туруктуулук болуп жашап турган «жакшы күндөрүн» эстешти. Алар Мисирде кулдар болушса дагы, эми алар кездешкен кырдаалдар ал тургай, кулчулуктарынан да оорураактай сезилди. Алардын баары зарыл болгон өзгөрүүлөргө каршы чыгышты. Алар өзүлөрүнүн чөлдө көчүп жүргөн жана рациондору да идеалдуу болбогон абалдарын адатка айланып калгандай, коопсуз сезишти. Натыйжада, алар убадаланган жерди көрүшкөн жок жана өз жашоолорунда Кудайдын эркин аткарган жок.

Ошентсе да, Жашыя менен Халев максатка умтулуулары керек болчу. Алар дуушар болгон карама-каршылык, аларды унчукпоого мажбулагандар алардын туугандары эле болчу. «Ошондо бүт жамаат: «Буларды таш бараңга алыш керек!» – деп кыйкырды» (Сандар 14:10). Жашыя менен Халевге каршы чыккандардын ойлору жаңыланган эмес, бул дүйнөнүкүндөй көз караш менен карашкандар эле. Алар өз жолдоруна жармашышып...чөлдөгүдөй ой жүгүртүшкөн.

Жашыя менен Халевге окшоп апостол Пабыл дагы арттагыны унутуп, асмандагы сыйлыкка карай алдыга умтулам деп айткан (Филиппиликтерге 3:14).

Келгиле, Ышайа 43:18-19ду окуп көрөлү кайрадан; бул насаат бүгүн бизди жандандыраары шексиз.

«Өткөндөгүнү унуткула;
Мурдакыны ойлобогула.
Мына, Мен жаңыны кылып жатам!
Ал болуп жатат – кантип эле түшүнбөйсүңөр?
Мен чөлгө жол салам,
Какшыган чөлдөргө дайраларды агызам».

Тилекке каршы, көпчүлүгү Кудайдын эркин аткарып жеңишке жетишүүнүн ордуна, өзүлөрүнүн «коопсуз» кулчулугунда эле кала бергиси келет. Алар өзүлөрү көнүп калган адаттагы эле абалда кала бергиси келип, алдыдагы кыйнаган өзгөрүүлөрдөн коркушат. Ошондой эле, жашоосунда Кудай бир нерселерди кылган адамдар да бар, алар мындан башка чакырыктарды каалашпайт. Кудай чынында эле алар аркылуу улуу иштерди кылды, бирок алар өзүлөрүнүн мурдакы абалында токтоп кала беришти.

Кудайдын эркине карата болгон тил алчаактык өмүр, эркиндик берет жана чыныгы ырахатты табуунун жападан жалгыз гана жолу. Ошентсе да, силер туш болгон кырдаал асмандагы сыйлык мүмкүн эместей сездириши мүмкүн. Кудай Ышайа пайгамбар аркылуу Ал жаңы нерсени кылаарын айткан, бирок ал чөлдө болот. Б.а. качан Кудайдын Рухунун артынан ээрчигенибизде, биз мүмкүн эместей кырдаалда болуп калабыз. Бирок, биз билебиз – адмдарга мүмкүн болбогон нерселер, Кудай үчүн мүмкүн (Лука 18:27). Эми силер азыр туш болгон чөлдүн бир жагында жеңиш, ырахат жана толук жашоо бар.

Силер он чалгынчыга жана Кудайдын каалоосун кабыл алууну каалабаган жана алар чөлдө ажырап калган өзгөрүүгө каршы

турган адамдарга окшобогула. Анын ордуна, ишенимдүүлүк менен убадаланган Жерге – Кудайдын силер үчүн даярдап койгон асмандагы белегине умтулгула!

# 7

# КУДАЙДЫН КЕРЕМЕТТҮҮ ЖОЛУ

*«Кыйынчылыктар – бул жөн гана курал эмес. Бул биздин рухий жашообуздун алдыга жылышы үчүн натыйжалуу курал. Биз регресс деп эсептеген кырдаалдар жана окуялар кээде бизди рухий дүркүрөп өсүү этабына алып барат. Биз ушуну түшүнө баштап жана рухий чындык деп кабыл алганыбызда, бизге кыйынчылыкты көтөргөнгө оңой болуп калат».*

**- Чарльз Стенли**

*«Чөлдө Ээн талаада жар салган адамдын үнү:*
*«Теңирге жол даярдагыла,*
*талаага биздин Кудайга түз жол жасагыла».*

**- Ышайа 40:3**

Кудайдын так ошол чөлдө укмуш жол салганы абдан таң калыштуу! Так ушул жерде Кудай ойлогондой жана жашагандай, жогоруга жана бийиктикке карай жол - Анын жолу даярдалат.

Бүткүл тарых боюнча бул жол менен көпчүлүгү жүрбөйт. Бул жөнүндө Ышайа 35:6, 8де жазылган:

> «... анткени чөлдөн суулар, талаалардан өзөндөр атырылып чыгат...
> Ал жерде чоң жол болот, ал жол ыйык жол деп аталат».

Кудайдын чөлдөгү жолунда «И-95» же «Маршрут 66» деген белгилүү номер жок. Ал жер жөн гана ыйыктык деп аталат.

Ыйыктыктын бир аныктамасы – бул «тазалыктагы абал». Ыйса болсо: «Жүрөгү таза адамдар бактылуу, анткени алар Кудайды көрүшөт» (Матфея 5:8). Ыйса таза эмес же ыйык эмес жыйынга келбейт; Ал таксыз жана кирсиз жыйынга кайтып келет.

Бир жолу, бир нече ондогон жылдар мурда кызматка жаңы гана кадам таштаган жаш жигит кезимде, сыйынуу мезгилинде Теңир мага Ал мени тазалагысы келип жатканын айтты. «Кудай менден бардык ыпластыктарды алып салгысы келет» деп Лиза айткан сөздөн улам ушунчалык жандандым. Анан ал Кудай менден алып салгысы келген бардык болбогон нерселерди санап чыкты (балким,

ал мен унутуп калган бир нече неселерди да кошумчалап айтты!).

Бирок, кийинки үч айдын ичинде эч нерсе болуп өткөн жок. Чынында, баары жаман жагына ооп баратты, анан мен өзүмдүн тазаланууга дагы да көбүрөк муктаж болуп жатканымды байкадым. Мен сыйынууда минтип сурадым: «Эмне үчүн менин жаман адаттарым кетпей, баары жаман эле болуп баратат?»

«Уулум»,- деп айтты Ал, - «Мен сени тазалай баштaшымды айттым. Сен муну өз күчүң менен кылууга аракеттендиң. Эми, Мен муну Өзүм билгендей кылам». Мен анда чөлгө карата өзүмдүн он сегиз айга созулган биринчи саякатыма даярданып жатканымды билген эмесмин.

## Анын жолу – биздин жолубуз эмес

Менин машайакчылык жашоомдун алгачкы этаптарында Ти Эл Осборндун кызматы менен тааныштым. Доктор Осборн керемет кызматчы жана автор болгон. Ал өзүнүн аялы Дейзи менен Жакшы Кабар таратуучу, кереметтер менен айыктыруу кызматтарын кылган кудуреттүү жыйынды жетектешкен. Алардын кызматы бир нече ондогон жылдар бою бүткүл дүйнө боюнча таасир этип турган. Алардын кызматтары он миллиондогон адамдарды куткарылууга алып келген.

Ошондуктан, мен доктор Осборн биздин Жыйынга сабак бергени Далласка келгенде аны менен жолукканымда кандай жанданганымды элестетип көрсөңөр. Андан тышкары, менин ишим башка жактан келген насаатчыларды кабыл алуу болгондуктан, мен аны менен жеке таанышып калдым. Ти Эл эң сонун адам эле. Мен аны менен болгондо Ыйса менен болгондой эле сезгем.

Ти Эл биздин Жыйынга бир нече жолу келди, биз абдан жакын болуп кеттик. Ал мага өзүнүн жаштыгында кызматка даярданганда колдонгон бардык китептерин белекке берди. Эки жолу ал мага өз кийимдеринен да көбүн берген (биздин өлчөмдөрүбүз бирдей

болчу). Ошол мезгилде Лиза экөөбүздө кийим сатып алганга каражатыбыз жетишсиз болчу; ошондуктан да бул белектер мага абдан жардам берди. Ушундан кийин аны менен Дейзи Лиза экөөбүзгө ата-энедей болуп калды.

Бир нече жылдар мурда мен бир америкалык корпорацияда иштеп турган кезимде бир жолу Ти Эл Осборн насаат айтып жатканда, Ыйык Рух мага минтип шыбырады: «Убакыт келет, сен да ага кызмат кыласың. Сен доктор Осборн үчүн иштейсиң» деп айтты. Мен анын командасында иштерим тууралуу бекемдөө го го деп ойлодум жана келечекте мен дагы ушундай Жакшы Кабар кызматын баштайм.

Бирок, эч нерсе болгон жок; мен дагы эле чөлдө болчумун. Осборндун борбордук офиси Талста эле, бирок алар Орландда жашачу. Убакыт өтүп жатты жана мен абдан күчтүү басымды сезип жаттым. Мен өзүмдүн ошондой деңгээлдеги кызматымды башташым үчүн, Осборнга жакын болушум үчүн, мага Орландга көчүп барышым керек болчу. Менин максатым эки жактуу болчу. Биринчиден, бул Ти Элге мен мындан ары бир жыйында кызмат кылбастыгымды түшүндүрмөк. Ал абдан чынчыл адам болгон. Ал эч качан мени биздин жыйындан алып кетип калып, кызматка албастыгын билчүмүн. Экинчиден, Орландга көчүп баруу менен Лизага да, мага да алардын кызматына кошулуп кетүү жеңил болмок. Флорида штатындагы бул шаарга көчүп баруу менен, мен ал үчүн ыңгайлуу болуп калмакмын.

Албетте, мен бир аз туура эмес кылдым. Бирок, чыныгы максатыма жетиш үчүн, мени багыттап коюусу үчүн Кудайга «жардамдашып» коюуну абдан каалaдым.

Ошентип, мен өзүмдүн Орландга кетип жаткандыгым тууралуу ага билдирүү үчүн, өз кайтаруучумдан Далласта жолугушууну сурандым. Бирок, ошол жолугушууга бир күн калганда ар түрдүү үч шаардан, үч кайтаруучу мага чалышты. Мен эртеси күнү эмне кылганымды уккан соң алардын ар бири: «Лиза сени менен толук макулбу?» деп сурашты.

Ал макул эмес болчу. Ал бир нече жолу мага: «Джон, мен сенин жетекчилигиңе баш ием, бирок жүрөгүмдө сен туура эмес кылып жаткандай сезилип жатат» деген.

Мен анын сөзүнө кол шилтеп койгом. Мен: «Лиза жөн гана түшүнбөй жатат, мен үй башчы болгондуктан, ал мага баш ийиши керек» деп ойлогом. Менин ойлорум кандай гана жеткилең эмес жана чийки болгон!

Анан түн ичинде үчүнчү кайтаруучу да чалып, ошол берки экөө берген суроону бергенде, менде бир нерсе сынгандай болду. Ошондо гана мен Кудайга мүмкүнчүлүк берүүнүн ордуна, Ага пландарын аткаруу үчүн жардам бергим келип жаткандыгына көзүм жетти.

Кийинки күнү Лиза экөөбүз менин кайтаруучум жана анын аялы менен жолугуштук. Мен аларга эмне үчүн жолугушкум келгендигин суранганымды жана бирок, үч жолку коңгуроодон кийин ойлонуп калганымды айттым. Алар биз менен абдан жакшы сүйлөшүштү жана Лиза экөөбүздүн тең алар менен калышын каалашкандыгын айтышты. Мен өз кызматымды уланта алат элем.

Мен үстүмдөн бир оор жүк түшкөнүн сездим жана биз үчүн Кудай Өзү аракеттенгенине даяр элем. Ошол эле күнү мени каптаган дагы бир толкунга дуушар болдум.

Мен кайтаруучубуз жана анын аялы менен жолугушкандан кийин биздин жыйындын башка кызматчылары менен баскетбол ойнош үчүн спорттук кийимимди кийип жаттым. Телефон чалынды. Ал Ти Эл Осборн эле! Жумшагыраак айтканда мен талып калдым!

Токсон мүнөткө созулган телефондон сүйлөшүү учурунда ал мага да, Лизага да алардын кызматынан жумуш сунуш кылды. Биз ага жана Дейзиге жардам беришибиз жана алар менен кошо бүт дүйнөнү кыдырышыбыз керек болчу. Биз ошондой эле Талста башка жыйындарды баштоо үчүн үлгү болуп кала турган жыйынды да башташыбыз керек болчу. Мунун максаты, алар бүткүл дүйнө боюнча Жакшы Кабар таратып кызмат кылган жерлерде ошого

окшош жыйындарды баштоо болчу.

Ушул телефондон сүйлөшүү учурунда мен: «Ата, Сен аракеттенериңди билгем, бирок, ушунчалык тездик менен болгонуна таң калып жатам!» дедим. Ти Эл менен сүйлөшүп жаткандагы менин таң калуум менен жандануумду айтып берүү кыйын. Бул мен күткөн чөлдөн чыгуу экендигине ишенип турдум. Мен ушунчалык бактылуу элем! Мен секирип өз бөлмөмдүн шыбын жарып жиберчүдөй болуп турдум. Трубканы коюп туруп мен Кудайга ыраазычылык билдирип чыктым, бирок, өз рухумдагы тыюуну же олку-солкулукту сездим. Бул ичимде тереңдикте жагымсыз, тытмалагандай сезим эле.

Мен: «Жок, Кудай, жок, жок, Сен мындай кыла албайсың! Бул канча жылдар мурда бир кезде *Ти Эл Осборн үчүн иштейсиң деп* мага берген убадаң! Сен буга тыюу салбайсың!» деп ойлодум.

Тыюу салуу сезими мени таштаган жок. Үч күн катары менен мен болгон күчүм менен аны кууганга жана бул тынчсыздануудан арылганга аракеттендим. «Кудай, мага буга кубанганга жардам бер!» дедим. Лиза дагы Осборн менен иштешүүнү ушунчалык каалаганы менен, тыюу салууну сезип жатты.

Акыр аягында мен бул олку-солку болуу Кудайдан экендигине ишенбөөгө чечим кабыл алдым (бул менин дагы бир опурталдуу, жетик эмес кадамым эле). Ошентип, Лиза экөөбүз баарлашууга Оклахамга учуп кеттик, анан баары жайында болгондой сезилди. Ти Эл жана Дейзи расмий түрдө бизге бул жумушту сунуш кылышты. Ыйсанын туулган күнү майрамы болуп жаткан учурда бизди алардын кызматтагы бардык командасына тааныштырышты.

Биз Далласка кайтып келдик да, мен жыйындагы өзүмдүн милдетимди таштадым. Бирок, тыюу сезими мени таштаган жок. Мен сыйынууда бир нече сааттарды өткөрдүм, бирок, баары бир тынчсызданууну сезип жаттым. Бул жагымсыз сезимден кутулуу үчүн узагыраак сыйына баштадым, бирок, эч нерсе өзгөргөн жок.

Акыр-аягында мен Лизага минтип айттым:

- Эмне болуп жаткандыгын билбейм, бирок, бир нерсе жайында эместей.

- Менде дагы ошол сыяктуу сезим, - деп макул болду ал.

Мен Ти Элге чалып, ага кандай сезип жатканымды айтып бердим. Ал мага муну сунуш кылды:

- Кел, жолугушалы да, бул тууралуу сүйлөшөлү.

Биз Талска учуп бардык, анан эки сааттык сыйынуудан кийин ал минтип айтты:

- Бул милдетти силерге бергендигибиздин себеби, биз чындап эле силерди абдан сүйөбүз, ошондой эле силер да бизди сүйөсүңөр. Бирок биз, бул эмне болушу мүмкүн, Кудай эмес деп ойлой баштайбыз.

- Мен да билбейм, бирок, сиздин айтканыңыз туура деп ойлойм.

Бул сөздөр менин оозуман чыккандыгына ишене албай турдум. Муну айтуу үчүн мага өзүмдү өзүм башкаруум керек болуп атты. Ти Эл Осборн менен иштөө менин жашоомдогу кыялым болгон.

Ошол жылдары мен эрте менен эрте үйдөн чыгып кетип, жарым сааттан эки саатка чейин сыйынчумун. Бирок, менин каарманым Ти Эл Осборн менен байланышкан бул көңүл калуудан кийин эки жума бою эрте менен эрте үйдөн чыксам да, сыйына албай койдум. Бир гана ыйлап жаттым. Мен болгону, акыркы эки айда болгон нерселерге ишене албастан эскерип гана жаттым. Менин кайгымды сүрөттөөгө болбойт эле. Мен жакын адамымдын өлүмүнө ыйлап жаткандай болдум. Эки айдан кийин мен эч ким укпай турган жерде болдум жана үнүмдүн бардыгынча кыйкырып жаттым:

-*Эмне үчүн?!* Эмне үчүн Сен муну калтырууга мени мажбурладың? Алты жыл Сен мени менен сүйлөшүп, мен ал үчүн иштешимди айткан элең. Эмне үчүн?!

Мен эч качан Теңир мага: «Анткени Мен сенин Мага кызмат кыласыңбы же ушул кыялыңа кызмат кыласыңбы, көргүм келди» дегенин унутпайм.

Мен талып эле калдым.

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #7 Досторду тандоодо сергек болгула

Балким, бул бизди таңдандырбаш деле керек, бирок, көбүнчө биздин эң бир курч сынчыларыбыз жана айыгышкан каршылаштарыбз – бул биз тарапта го деп ойлогон адамдар болот! Кээде өзүңөрдүн досуңармын деген адамдардан куугунтуктар болот.

Чөлдө чыныгы куугунтук болушу мүмкүн жана биз аны жакшы билишибиз керек, биз Машайакты ээрчүү менен, азаптарды жеңип өтөбүз. Апостол Пабыл минтип айтат: «Деги эле, Машайак Ыйса жолунда такыбаа жашагысы келгендердин бардыгы куугунтукка алынат» (2 Тим. 3:12). Куугунтук – бул тазалануу процессинин бир бөлүгү. Анан ким силердин куугунтуктоочуңар болушу мүмкүн? Мисалы, өзүлөрүн ишенүүчүмүн деп айткандары менен, чындыгында алардын жүрөгү Кудайга умтулушпайт. Мына ошондуктан, Пабыл Мусага каршы чыккан Жанес менен Жамбирес. жөнүндө ушинтип жазган. Алар сырт жактан эмес, Теңирдин коомундагы адамдардан болушкан.

Пабыл өз башынан өткөргөн куугунтуктардын жана

Ал улантып жатты: «Мына, эмне үчүн Мен Ыбрайымга Ыскакты курмандык чалынуучу жайга жаткыр дегем. Мен анын Мага болгон сүйүүсү Мен ага берген батага караганда азыраак эмес бекен деп көргүм келген. Бул анын ошол кыялындагы нерсени алуу үчүн гана Мага кызмат кылды бекен же ал Мага, Менин чынчылдыгыма ишенип, ошол кыялды ишке ашырат деди бекен?»

Анын сөздөрү менин акыркы эки жумада күрөшүп келген ар бир суроомо жооп берип жатты. Анан он сегиз айдан көбүрөөк мезгилдин ичинде биринчи жолу мен өз рухумда кубанычтын

коркунучтардын кээ бирлерин сүрөттөп келип, ал өзү дуушар болгон кээ бир кыйынчылыктар «жалган бир туугандардан» (2 Кор. 11:26) болгондугун айтат.

Чөлдө силерди сүйгөн жана силер жөнүндө кам көргөн, силерди Кудайдын эркине багыттаган адамдардын жанында болгондугуңар абдан пайдалуу. Силерге Аюбдун аялы менен досторундай болгон, Кудайды укпай коюуга ишендирүүгө аракеттенген сынчылардын кереги жок. Силерге такыбаа багыт керек болуп жатканда, жагынууга аракеттенген жалган пайгамбарлардын кереги да жок. Силерге силерди сүйгөн жана силер менен Кудайдын акылмандыгы тууралуу бөлүшкөн адамдар керек.

Бирок, даяр болгула. Эгерде силерди чөлдө калганыңарды сындап жана күнөөлөй баштаса, балким, ал адам силердин досуңар деле эместир. Ыйык Рух биздин күнөөбүздү ашкерелейт жана биз өзүбүздүн каталарыбызды сезип жана тобо кылышыбыз үчүн дагы кимдир бирөөнү колдонушу мүмкүн. Бирок, үмүт бербеген, ар дайым боло берген айыптоолор шайтандан келет. Этиет болгула!

жарылуусун сездим. Менин жашоом кайрадан ачылгандай болду, анан мен ошол мезгилде канчалык баталуу болгонумду моюнга алам. Мен сулуу аялга үйлөнгөм, экөөбүздүн эң сонун наристебиз бар. Мен кайрадан өз аялым менен баламды сүйүп калдым. Биз көп батирлүү үйдө жашачубуз, бизден болгону отуз кадамдай аралыкта сонун бассейн бар эле. Асман да дээрлик ар дайым ачык болуп, күн тийип турчу. Мен муну байкачу эмесмин, анткени мен кызматтын басымы менен, Кудайга жагыш үчүн кылышым керек деген нерселерге тартылып кеткем.

Кудай мага айтканына ылайык, Ти Эл Осборн үчүн иштөөгө менде артыкчылык болгондугунун баарын ойлоп, түшүнүп турам. Ал Далласка биздин жыйынга келгенде мен көп жолу ага кызмат кылганмын.

Бирок, менде эми жумуш болбой жатты. Мен кайрадан өз жумушумду алсам болор бекен деген ойдо, тил алчаактык менен жыйынга кайтып бардым. Ошондо мен кайтаруучунун жардамчыларынын бири болгон досума карап, минтип айттым:

- Менин оюмча, бул эшиктин астынан өтүү үчүн мен абдан эле кичинекей окшойм.

Мен так ушинтип айттым. Мен Ти Эл жана Дейзилерге иштей тургандыгымды баарына айттым. Биздин кайтаруучу муну ал тургай, сахнадан да айтты, бирок андай болгон жок.

Жыйын мага жарым ставкадагы башка жумушту берди, ал жерде мен дагы сегиз ай иштедим. Ошондон кийин менин чакырылып алынгандагы кийинки этабым – Кудай мени эмнеге даярдаган болсо, ошол башталды. Мени Америкадагы абдан тездик менен өсүп жаткан жыйындын командасына мүчө болууга сунуш кылышты. Мен алардын жаштарынын кайтаруучусу болушум керек болчу. Бул кереметтүү түрдө болду. Биз Лиза экөөбүз бул Кудайдан болгон эшик экендигин билгенбиз. Менде эми жаңы жашоо жана жаңы аяндар болчу. Анткени, мен бул кызмат үчүн даярдалган жаңы чанач болчумун жана өзүмдө жап-жаңы шарапты алып жүргөм.

## Тазалануу жолу

Ыйса жерден көтөрүлүп кеткен канча кылымдардан бери Анын жолдоочулары ыйыктыкка өз күчтөрү менен жеткенге аракеттенишкен. Ушул чөлдөгү азаптарда жыйындардын бүтүндөй бир деноминациясы пайда болду. Бирок, биз жөн эле өзүбүздү мыйзамчылдыктын кулу кылып алабыз, анткени – бул Кудайдын ырайымынын иши, ал эми сырткылар бул дененин чектөөсү.

Кудай момундарга ырайым кылат, текеберлерге каршы. Текебер адамдар жазылган принциптерди, эрежелерди жана токтомдорду сактоо менен, ыйыктыкка Кудайдын жардамысыз эле жетсе болот деп ойлойт. Момун адам мунун баары пайдасыз дейт дагы, Теңирдин ырайымына (күчүнө) таянат. Кудай менен болгон жакын мамиле таза, анткени ушундай баарлашуу менен гана өз жүрөгүндө жазылган мыйзамды сактоо үчүн күчкө ээ болот.

Биздин көпчүлүгүбүз Жаңы Осуяттын тамгаларына тил алчаак болуу менен же белгилүү бир библиялык эмес көз караштар менен ыйыктыкка жетүүгө болот дейбиз, бирок, мындан эч кандай майнап чыкпайт. Эврейлер мыйзамдын тамгаларын сактоо менен куткарылууга жетебиз деп майнапсыз аракеттенишкен сыяктуу эле, бул эрежелерди сактоо менен ыйыктыкта жүрө албайбыз. Көпчүлүгү белгилүү бир жүрүм-турумду же аракетти кармоо менен, өзүлөрүн мыйзамчылдык идеялар менен чектеп алышкан. Алар ички ыйыктыкка ээ болуу үчүн, тышкы чектөөлөрдү колдонушкан.

Бирок, Кудай ыйыктыктын сырткы түрүнө карабайт; Ал жүрөгүңөрдүн ички абалына карайт, анткени таза жүрөк жакшы жүрүм-турумга алып келет. Ыйса Матай 23:26 да минтип айткан: «Адегенде чөйчөгүң менен табагыңдын ичин тазала, ошондо алардын сырты да таза болот».

Эгерде силердин жүрөгүңөр таза болсо, анда Ыйсанын атына көлөкө түшүрө турган нерселерди кыла албайсыңар. Силер интернеттеги порнографиялык сайттардан же башкаларды азгыра тургандай кийинүүдөн алыс жүрөсүңөр. Көптөгөн эркектер менен аялдар өзүлөрүн эч качан ажырашпагандыктарын айтып мактанып калышат. Бирок, алар жумуштагы коллегасына карата кумарга толуп турса, же мезгил мезгили менен интернеттен порнографияны көрүп жүрсө, ошол ыйыктык болмок беле?

Эгерде силердин жүрөгүңөр таза болсо, анада компьютер менен смартфон конструктивдүү болбогон материалдарды издөөгө тартпайт. Технология силерди өзүнөн өзү ыплас кылып койбойт.

Силер жүрөгүңөрдө эмне болгондугуна карата белгилүү бир чечим кабыл аласыңар. Эгерде силердин жүрөгүңөр таза болсо, силер Кудайдын каалаганын каалайсыңар.

Чөл – Кудай биздин каалоолорубуз менен ниеттерибизди тазалоо үчүн колдонгон нерсе. Кудай Өзүнүн жыйынына кайрылып келгенге чейин биздин жүрөгүбүздү даярдап жатат. Кудай Өзүнүн бейнесине окшоп жаратылган жана мүнөзүнө ылайык иштерди кыла турган адамдарды эмес, Анын даңкын көрсөтө турган адамдардын муунун көтөрөт:

> «Бир чоң үйдө алтын жана күмүш идиштер гана эмес, жыгачтан жана чоподон жасалган идиштер да бар. Бирөөлөрү сыйга урунулат, бирөөлөрү күндө урунулат. Ошондуктан ким өзүн ушулардан тазаласа, ал сыйга урунула турган, ыйыкталган, Кожоюндун керегине жарай турган жана бардык жакшы иштерге даярдалган идиш болот» (2 Тиметей 2:20-21).

Обратите внимание, что есть два вида сосудов – в почетном и в низком употреблении. Греческое слово, переведенное как «низкое» - «*атимия*», означает «бесчестье, упрек, позор, мерзость». Греческое слово, переведенное как «честь» - «*тиме*», означает «драгоценный». Бог говорит: «Если извлечешь драгоценное из ничтожного, то будешь как Мои уста» (Иеремия 15:19). Драгоценное извлекается из ничтожного через тщательное очищение или освобождение от примесей.

Эки түрдүү идиш бар экендигине көңүл бурсаңар, бирөөсү кадырлуулар үчүн, бирөөсү төмөнкүлөргө пайдалануу үчүн колдонулат. Гректин «төмөнкү» деп которулган – «атимия» деген сөзү «кадырсыз, жагымсыз, уят, жийиркеничтүү» дегенди түшүндүрөт. Гректин «кадыр» - «тиме» деген сөзү болсо, «кымбат баалуу» дегенди түшүндүрөт. Кудай минтип айтат: «Эгерде сен жаман сөздөн жакшы сөздү ажырата билсең, анда Менин оозумдай болосуң» (Жеремия 15:19).

Малахия Байыркы Келишим мезгилиндеги пайгамбар, ал Жаңы Осуят мезгилиндеги убакыттар тууралуу көп пайгамбарчылык кылган. Бирок, кептин баары анын Жаңы Осуят мезгилиндеги терминологияларды билбегендигинде болгон. Ошондуктан, ал өзү көргөн жана жаңыосуятчыл машайакчылар тууралуу Ыйык Рух айтып берген «лебилер», «ыйыктоочулар» деген сөздөрдү колдонгон.

Малахия Теңир Өз ыйбадатканасына (Өз жыйынына) келерлиги тууралуу айткан, Анын максаты – тазалоо. Ал минтип жазат:

> «Ал күмүштү кайрадан эритип тазалоо үчүн отурат, Леби
> уулдарын тазалайт, алтын менен күмүштү эриткендей.
> аларды кайрадан эритет, ошондо алар Теңирге адилдик
> менен курмандык чалышат» (Малахия 3:3).

Лебилер – булар «падышалык ыйыктыктын» (1 Петр 2:9) же жыйындагы Машайактын жолун жолдоочулардын көрүнүшү сыяктуу. Кудай бул ыйыктыктын тазалануу процессин алтын менен күмүштүн тазаланышы менен салыштырып жаткандан кийин, алтын менен күмүштүн кантип тазалана тургандыгын билип алган пайдалуу. Мен болгону алтын тууралуу гана айтам, анткени эки металдын тең тазалануу процесси оп-окшош эле.

Алтын сулуу сары өңдө жана жумшак металдык жаркыраган нурларга ээ. Ал жаратылышта өтө кеңири жайылтылган, бирок, таза түрүндө өтө аз кездешет. Тазалангандан кийин алтын ийкемдүү, таза жана дат баспайт. Башка металдар (жез, темир, никел) менен кошулганда алтын катуураак жана дат басканга ыңгайлуураак болуп калат. Андай суюктук эритме деп аталат. Башка металдардын пайызы канчалык көбөйгөн сайын, алтын да катуураак боло берет. Ошондой эле, тескерисинче эритменин пайызы азайган сайын, алтын да жумшак боло баштайт.

Биз дароо эле паралелди көрөбүз: Кудай алдындагы таза жүрөк, таза алтынга окшош. Таза жүрөк жумшак, назик жана ийкемдүү

болот. Ошондуктан, Ыйык Рух айткандай:

> «Бүгүн Анын үнүн укканыңарда,
> чөлдөгү сыноо күндөрүндөгү козголоң убагындагыдай,
> жүрөгүңөрдү катуулантпагыла.
> Кимдир бирөөңөр күнөөгө азгырылып,
> жүрөгүңөрдү катуулантпашыңар үчүн,
> «бүгүн» деп айта турган күн келгенге чейин,
> ар күнү бири-бириңерге акыл-насаат айткыла»
> (Эврейлерге 3:7-8, 13).

Күнөө – бул кошулуп калган зат, ал көбүнчө биздин жүрөгүбүздү катуулатуу менен, таза алтынды эритмеге айлантат. Жүрөгүбүз жумшак болмоюнча, биз сезимталдыгыбызды жоготуп коёбуз да, Теңирдин үнүн уга албай калабыз.

Тилекке каршы, азыркы күндө көптөгөн адамдар сыртынан такыбаадай көрүнгөнү менен, Ыйса үчүн жалындап турган сезимтал жүрөктөрү жок абалда. Бул жерде Кудайга деген сүйүү өзүнө карата болгон сүйүүгө, өзүнүкүн издөөгө, өз ырахатын, ыңгайын, пайдасын издөөгө алмашып калган. Ушул такыбаалык көрүнүштү олжо катары эсептеген адамдар (1 Тиметей 6:5), убададан пайданы гана издешет жана өзүлөрү билбей же ойлонбой туруп эле, ошол убада Бергенден баш тартышат. Алданып калган абалда жүргөн алар, бул дүйнө менен ырахаттанышып, асманда да ошондой эле жетебиз деп ойлошот! Бул Кудай каалаган нерсе эмес:

> «Кудай Атанын алдындагы таза жана кемчиликсиз
> такыбаалык – бул жетим-жесирлерге кам көрүү жана өзүн бул
> дүйнөдө таза сактоо» (Жакып 1:27).

Ыйса кирсиз, таксыз же ошого окшогон эч нерсеси жок жыйынга (Эфестиктер 5:27) – кимдин жүрөгү бул дүйнөнүн жолдору менен булганып калбаган адамдардан турган денеге кайтып келет.

Алтындын дагы бир мүнөздөмөсү – бул дат басып же бузулуп кетүүгө каршы бекем тура алгандыгы. Башка металдар аба-ырайына байланыштуу шарттарга ылайык карайып кетишкени менен, таза алтын андай таасирлерге багынбайт. Латунь (жез менен цинктин сары эритмеси) алтынды эске салганы менен мындай сапаттарга ээ эмес. Латунь оңой эле карайып кетет. Ал алтынга окшош, бирок, анын мүнөздөмөсүнө ээ эмес. Жыйында да латунь идиштер бар, ал сыртынан алтынга окшошуп турганы менен, андай касиеттере ээ эмес. Болгону тазалоочу от гана булардын айырмасын көргөзөт. Малахия ошол тазалагандан кийин эмне болоору тууралуу айтып жатат:

> «Ошондо адил адам менен мыйзамсыз адамдын. Кудайга кызмат кылган адам менен кызмат кылбаган адамдын ортосундагы айырманы кайрадан көрөсүңөр» (Малахия 3:18).

Келгиле, алтынды тазалоого кайтып келели. Алтынга башка заттардын кошулуп кетиши менен, ал катууланып эле калбайт, бирок, бузулууга жана дат басууга да ыңгайлуу болуп калат. Биз жашап аткан дүйнөнүн атмосферасы ага оңой эле таасир этет.

Азыркы учурда бул дүйнөнүн жолдору жыйын аркылуу да өтүп калды. Биз бул дүйнөнүн маданиятын сиңирип алуу менен булгап жаткандайбыз. Америкада жыйындын баалуулугу дүйнөнүн баалуулуктары менен булганып калгандай. Көптөгөн адамдар сезимсиз жана тазаланууга муктаж экендиктерин моюнга алышпайт.

Малахия 3:3тө Ыйса Өзүнүн жыйынын бул дүйнөнүн таасиринен, алтынды тазалагандай тазалагысы келип жаткандыгын көрсөтөт. Тазалоо процессинде алтын майда күкүмдөргө айланат, андан кийин флюс деген неосе менен аралаштырылат. Анан ошол аралашманы мешке коёт да, улуу от жагышат. Башка металдар же башка нерселер флюска жармашып калышат да, үстүнө көтөрүлүп чыгышат. Алтын (оордугунан) түбүндө калат. Аралашмалар (жез, темир, цинк ж.б. флюс менен бириккендер) анан алынып салынат.

Эми, Кудай кантип тазаларына көңүл бургула:

> «Сага каршы Өз колумду сунам, сени шакарга салып, бардык кошундулардан тазалайм, сенден коргошунду бөлүп салам. Сага мурдагыдай кылып башкаруучуларды коём, баштагыдай кылып кеңешчилерди коём. Ошондон кийин сени “Чындыктын шаары, ишенимдүү борбор” деп аташат» (Ышайя 1:25-26).

Бизди тазалоо үчүн Кудай колдонгусу келген от кайсы? Жооп кийинки үзүндүдөн табылат:

> «Мына ошондуктан азыр ар кандай сыноолордон бир аз кыйналышыңар керек болсо да, ошол үмүт менен кубангыла. Анткени сыналган ишенимиңер от менен тазаланса да, жок болуп кетчү алтындан баалуу. Ыйса Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат” (1 Петр 1:6-7).

Кудайдын тазалай турган куралы – бул чөлдөгү негизги курал болгон сыноолор жана кыйынчылыктар. Ал күчтүү от биздин аралашмаларды биздеги Кудайдын мүнөзүнөн бөлөт. Бул теориялык жактан ыйыктыкка алып барат (эмне үчн «теориялык» деген сөздү колдонуп жатканымды жакында түшүндүрөм).

Таза алтындын кийинки мүнөздөмөсү – ал анын жалтырап тургандыгы (айнектен көргөндөй кылып, буюм аркылуу көрө билүүгө жөндөмдүү болушу). «Шаардын көчөсү – тунук айнек сыяктуу таза алтын” (Аян 21:21). От менен болгон сыноодон кийин силер тунук болуп каласыңар! Тунук идиш даңкты өзүнө алып келбейт, ал ичинде турган нерсени даңктайт. Ал өзүнө көңүл бургузбайт, дээрлик байкалбайт деле.

Качан биз тазаланганыбызда, дүйнө кайрадан Ыйсаны көрөт. «Эгерде биз тунук болсок, - эгерде биз чыныдыкты сүйлөсөк,

бой көтөрбөй, өз сөзүбүзгө турсак, эч нерсени жашырбасак, бул дүйнөнүн адамдары аны байкайт».

Ышайа пайгамбардын китебинен биз муну дагы да ачыгыраак көрөбүз:

> «Мына, Мен сени эриттим, бирок күмүштү эриткендей эмес, сени кыйынчылыктардын отуна салып сынадым. Мен муну Өзүм үчүн, Өзүм үчүн кылып жатам, анткени Менин ысымым кантип булгансын? Мен Өз даңкымды башкага бербейм” (Ышайа 48:10-11).

От менен меш – бул азап тартуу гана, бирок чыныгы күмүштү (же алтынды) тазалоочу от эмес. Бул Анын эмне үчүн: «күмүштү тазалагандай эмес... андай эмес» дегенин түшүндүрөт. Биздин сыналуу – бул биздеги баалуулукту керексиз нерселерден тазалаган күчтүү от.

Кудай бул нерселерди биздин эркибизге каршы чыгып жасабайт. Пабыл 2 Тиметейге 2:21де таза болгусу келген адам «өзүн тазалайт». Эгерде силер босогоңордон чыга албай актангыңар келсе, анда Кудай аларды калтырууга мажбурлабайт. Баштан өткөн азап тартуу процесси пайдасыз болуп калат (мына ошондуктан да, мен мурда «теориялык» деген сөздү колдондум). Ыйыктыктын жолунда тазалануу – бул улана бере турган, кээде жан кыйнаган туруктуу нерсе. Антсе да, анын жемиштерин билген соң, мен аны кабыл алам.

Эврейлерге жазылган кат муну бекемдейт: «…ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт.» (12:14). Ыйса минтип айтат: «Жүрөгү таза адамдар бактылуу, анткени алар Кудайды көрүшөт» (Матай 5:8). Жүрөгү Кудайга умтулган Дөөт минтип жалбарган экен: «Ким өзүнүн күнөөлөрүн көрө алат? Мени жашыруун күнөөлөрүмдөн арылтат?» (Забур 18:13).

Бул биздин сыйынуубуз болуп калсын. Эгерде биз Кудайдан

жүрөгүбүздү тазала деп сурана турган болсок, Ал биздин көзүбүзгө көрүнбөгөн таза эмес нерселерди алып салат. Кудай биздин ички оюбузду жана ниеттерибизди билет, аларды ал тургай биз өзүбүз билбешибиз мүмкүн.

Мен силерди чөл сезонун жана рухий убакыттарды билип жана кабыл ала билгенге үйрөнгүлө деп чакырам. От менен азгырык келгенде, кыжырданбагыла жана башкаларды айыптабагыла; анын ордуна алардын максатын түшүнүүгө аракеттенгиле. Өз жүрөгүңөрдү изилдеп жана баалуу нерседен керексиздерди бөлүп салууга Кудайга мүмкүнчүлүк бергиле. Ал: «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын» деп жатат (1 Петр 1:16).

Эсиңерде болсун, тазалоо бардык жакшы нерселерди бекемдейт жана алсырата турган, булгай турган нерселерди алып салат. Кадырлуу идиш болуш үчүн, Анын даңкын эң сонун кылып жана жаркыратып көргөзүү үчүн, Анын тазалоосуна кош келгиле.

# 8

# ПАЙДУБАЛЫ МЕНЕН КУРГУЛА

*«Эң бир жарык жанган жылдыздар - бул уюлдук асманда жанган жылдыздар. Эң бир даамдуу суу - бул чөлдөгү кумдун арасынан агып чыккан суу. Эң бир кымбат баалуу ишеним – бул кыйынчылыктар аркылуу өтүп жана жеңип чыккан ишеним. Сыналган ишеним тажрыйба берет. Эгерде кыйынчылыктардан өтүп көрбөсөңөр эч качан алсыз экениңерге ишене алмак эмессиңер. Ошондой эле, эгерде кыйынчылыктар аркылуу алып өтүп жана ага муктаж болуп көрбөсөңөр, силер эч качан Кудайдын күчүн баалап билмек эмессиңер»*

**- Чарльз Стенли**

*«Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө, ал эми Рухтун каалоосу боюнча жашагандар Рухтун каалоосу жөнүндө ойлошот».*

**- Римдиктерге 8:5**

Кудайдын кызматчылары майлоо аркылуу эмес, өз мүнөздөрү аркылуу бекемделет. Так ошол чөлдө, басым келгенде, көңүл калганда, кыялдар орундалбастай болгондо, зарыл болгон тазалануу жүрөт – мүнөздөр калыптанат.

Эсимде, чөлдө жүргөн убагымда, менде көтөрүлгөн катуу кыжырдануу менен күрөшкөм. Мен бул жөнүндө биринчи бөлүмдө айткам. Мен Кудайдан: «Эмне үчүн баарына минтип ачуулана берем? Менин жашоомдон эмнени байлап же кууп салыш керек?» деп сурагам.

Ал минтип жооп берген: «Уулум, сен өз денеңден кууп же аны байлап сала албайсың, аны кадашың керек».

Мен ого бетер кыжырдануу менен: «Анда менде кайдан ушунча каар? Мен муну эч качан, ал тургай куткарыла элегимде да сезген эмесмин».

«Ал сенде көп жылдардан бери болгон»,- деп жооп берди Ал, - «бирок, алар да меште эритилмейинче, сенин алтын шакегиңдеги аралашмадай болуп, анча байкалбайт. Бирок, аны мешке сала турган болсо, аралашмалар үстүнө чыгат. Мен сени азаптын мешине алып келүү менен, каарыңды көрүнүктүү кылып койдум».

Мен Кудай айтканды кантип иш жүзүндө колдонууну анча түшүнгөн жокмун. Анан Ал кенен сүйлөй баштады: «Жаңы төрөлгөн балаң болуп, өз кырдаалдарың болуп, басым келгендиктен,

аялыңды, коллегаларыңды, досторуңду күнөөлөй аласың. Эгерде сен ушинте берсең, ал каар сенде калат да, анан от ылдыйлаганда баары кайрадан башталат. Бирок, сен минтип сыйынуу менен тобо кылсаң болот: «Кудай, мени ушинткеним үчүн кечир, бул каарды менден алып сал». Эгерде ушинте турган болсоң, анда Мен Өзүмдүн чоң чөмүчүмдү алам да, аны сенден сузуп алып салам».

Мен ошондой кылдым. Качан чөлдүн оту менин каарымды көрүнөө алып чыкканда, күнөөлүү экенимди мойнума алдым да, тобо кылып жана менден аны алып салышын Кудайдан сурандым.

Чөл канчалык кыйын болбосун, мына ушунусу менен да ал баалуу жана акыр-аягында улуу кубанычка алып келет:

> «Мына ошондуктан азыр ар кандай сыноолордон бир аз кыйналышыңар керек болсо да, ошол үмүт менен кубангыла. Анткени сыналган ишенимиңер от менен тазаланса да, жок болуп кетпечү алтындан баалуу. Ыйса Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат” (1 Петр 1:6-7).

Чөл – биз тазалана турган, мүнөзүбүз калыптана турган жер. Так ушул азап мешинде жана куугунтукта чыныгы такыбаа адамдын чыйралуусу жүрөт. Римдиктерге жазылга кат, 5:3-4тө минтип жазылган: «Бул нерсе менен гана эмес, кайгылар менен да мактанып жатабыз. Анткени биз кайгы аркылуу чыдамкайлык, чыдамкайлык аркылуу тажрыйбалуулук, тажрыйбалуулук аркылуу үмүт келерин билебиз”.

Кудай Дөөттү баталаган, анткени ал жердеги падышачылыкка эмес, Кудайдын жүрөгүнө умтулган. Шабыл падыша болсо, тазалоочу чөлдөн өтө албай калган; ошондуктан ал өзүнө ишенбеген, тазаланбаган бойдон калган. Дөөт чөлдө тазаланган, Кудай ал тургай аны чөлгө жибериш үчүн Шабылды колдонгон!

Кудайдын жолдору кээде түшүнүксүздөй сезилиши мүмкүн, бирок Анын планы дайыма жакшы!

## Кыялдар кийинкиге калтырылабы?

Канткен менен, тазалоо жанды кыйнашы мүмкүн. Силерди алдагым келбейт: чөл – бул Диснейлендге баруу эмес. Азап деген азап, кээде ал абдан эле оорутат.

Балким, силерге Кудай кыялыңарды жана эмне максат менен жаратылганыңарды көрсөткөндүр. Бирок, чөлдө жүргөн маалда силер канчалык Теңирди көбүрөөк издеп жана Анын сөзүнө көбүрөөк баш ийгениңерге карабастан, Ал жүрөгүңөргө салып койгон кыялдан ошончолук алыстап бараткандай болосуңар.

Келгиле, Жусуптун жашоосун карап көрөлү. Ал өзүнүн башкаруучу болоору жөнүндө жана бир туугандары, бардык үй-бүлөсү анын бийлиги астында болоору тууралуу түш көргөн. Андан кийин эмне болду? Ал өзүн сактап, коргой турган агалары тарабынан чуңкурга ыргытылып, андан кийин башка алыскы өлкөгө кулдукка сатылып кетти. Анын көңүлү калып, эмнелерди ойлогонун, кандай азап тартканын элестете аласыңарбы?

Ал Кудай кереметтүү түрдө кийлигишип, көп өтпөй бошотуп алат деп ойлогондур. Бирок, анын үмүтү ишке ашкан жок, анткени анын кулчулук мөөнөтү бир нече айларга эмес он жылдан ашык убакка созулду. Бул абдан узак! Ушул убакыттын баарында аны ушундай күнгө дуушар кылган адамдар жыргап –куунап өзүлөрүнүн абдан бай атасынын үйүндө жашап жаткандыгын ал билген.

Жусуп эмне кылган? Өзүнүн чөлдөгү сезонуна карата анын жообу кандай болгон? Ал өз ишенимин сактап, кызмат кылып жана Кудайдын убадаларын унуткан эмес. Ал ишенимдүү, акылдуу, жигердүү болгон, акыры бата менен ийгиликтерге жеткен.

Капысынан анын шарты ого бетер жаман жагына өзгөргөн. Жеткечинин аялы ага кумардануу менен караган. Ал Жусупту ойноштукка-бузукулукка азгыргысы келген, бир гана эмес, бир нече жолу. Ага карбастан, Жусуп Кудайга тил алчаак болуп, ар дайым аялга жакындоодон качып жүргөн. Акыры ал аял ушунчалык каарданууга

өткөндө, Жусуп анын чеңгелинен качып чыгууга аракеттенген. Четке кагылып калганына ызаланган аял, аны кылбаган нерсени кылды деп айыптаган. Ал акыйкатсыздык менен соттолуп зынданга ташталган (адатта, башка жактан келген кул сарай кызматчысынын аялын зордуктоого аракет жасаган болсо, ал зынданга салынып, эч качан күн бетин көрбөс болуп жазаланган).

Түрмөдөгү адамдын ой жүгүртүүгө көп убактысы болот. Жусупка кандай ойлор менен күрөшүүгө туура келгендигин элестетип көргүлө. «Мен өз өмүрүмдө Кудайга ишенимдүүлүк менен кызмат кылдым. Анан ал мага эмне берди? Мен айыпсыз болуп туруп ушул чирий турган түрмөгө кабылдым. Менин жашоом бүттү! Менин каардуу агаларым эркиндикте, анан да жетишкендикте жашап жатышат. Мен эмнени туура эмес кылдым? Кудай мага көргөзгөн түштү гана айтып койдум, мына натыйжада мен кайда келип калдым! Менин Кудайга кызмат кылганымдан эмне пайда? Көрсө, мен Ага канчалык баш ийген сайын, жашоом ошончолук жаман боло берет турбайбы».

Жусупту бул ойлору үчүн ким айыптай алмак?

Алар логикалуу эле ойлор болуп атпайбы, туурабы?

Бир жолу Жусуп түрмөдө өзүнүн эң бир улуу сыноосуна жолукту. Кудай ага эки адамды – падышага нан сунуучуну жана шарап сунуучуну алып келди. Алар экөө тең түш көрүшүп, анын жорулушун каалашкан. Эгерде Жусуп Кудайга жана Анын убадаларына болгон ишенимин жоготкон болсо, анда өзүнө гана көңүл буруп, аларга кызмат кылмак эмес. Ал минтип айтса болмок: «Силер түнү түш көрдүңөрбү? Ха! Мен да бир кезде түш көргөм. Мен дагы ошол түш Кудайдан экен деп ойлогом. Бирок, чындык кыялдын орундалбастыгында. Кыялдар деген пайдасыз, алдамчы, бекер нерсе. Ошондуктан, мени тынч койгула!»

Эгерде Жусуп ошондой кылган болгондо, анда ал чөлдө узак убакытка чейин, балким, өмүрүнүн акырына чейин эле кала бермек. Ал өзүнүн эркиндикке алып бара турган белетин колдон чыгарып

жибермек (кийинчерээк шарап сунуучу Жусуптун түш жоруган жөндөмдүүлүгүн падышага айтат. Ошондон улам Жусуп түрмөдөн бошотулуп, жогорку бийликке коюлат). Эгерде ал өзүн аяй баштаса, ошол караңгы зынданда каарданган, сындаган жана үмүтсүз адам катары, ар дайым адамдарга: «Кудай ишенимдүү эмес; Ал Өз убадаларын аткарбайт» деп жатып, акыры зынданда өлмөк.

Бирок, Жусуп андай кылган жок. Ал ага келген ойлорду жана Кудайдын убадасына каршы келген нерселерди алыс кууп, падышага шарап сунуучу жана нан сунуучуларга кызмат кылды. Ал Кудайга карата тил алчаак бойдон калды. Анан эмне болду? Акыр аягында ал түрмөдөн чыгып, бир күндө эле Мисирдеги фараондон кийинки экинчи адам болуп бийликке туруп калды!

Жусуп башкаруучу болгондон он жыл өткөндө, катуу ачарчылыктан улам, агалары Мисирге келип, анын алдында турушту. Жусуп көптөргө окшоп, алардан өч алууга аракеттенген жок. Эми анын мүнөзү Кудай падышачылыгындагы чыныгы лидердей болуп калды. Ал өзүнө жамандык кылгандарга жакшылык кылды. Ал катууланган жок; ал өзүн сатып жиберген адамдарды кечире билген, сүйүүгө толгон, ишенимге толгон адам болуп калды. Забурчу Жусуп жөнүндө мындай дейт: «(Кудай) Алардын алдына бир адамды жиберген: Жусуп кулдукка сатылган. Анын буттарын кишен менен кысышкан, анын жаны темир торго кирген. Теңирдин сөзү ишке ашканга чейин ушундай болду: аны Теңирдин сөзү сынады» (Забур 104:17-19).

Анын Жусупка берген убадасы качан аткарыларын бир гана Кудай билген (жыйырма жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин). Жашоосун, үй-бүлөсүн негиздүү, бекем курушу үчүн, чөл лидер катары анын мүнөзүн жасады. Анын бардык ийгиликтеринин ачкычы, Теңирдин алдындагы урмат-сыйдагы коркунуч эле. Шартка карабастан Жусуп Кудайдын Сөзүн айтты, Кудайдын Сөзүндөгүдөй аракеттенип, Кудайдын Сөзүнө тил алчаак болду.

Силерде кандай? Жогоруда айтылгандай, Кудай силерге эмне

үчүн чакырып алганына карата түштөрдү жана аяндарды бергендир. Балким, Ал силерге тиешелүү пландары менен сүйлөшкөндүр. Бирок, Жусуп менен болгондой болуп, силер Теңирди канчалык көбүрөөк издеген сайын, Анын Сөзүнө көбүрөөк баш ийген сайын, Ал жүрөгүңөргө салган кыялыңардан дагы да алыстап бараткандай болуп жаткандыр.

Балким, силер көптөгөн адамдардын, ал тургай силерге каршы болгон адамдардын да кызматта (же башка ар кандай жакта) алдыга кеткенин көрүп жаткандырсыңар. Силер болсо, Кудайдан берилген кыялыңардан тескерисинче улам алыстап бараткандай болуп жаткандыр. Балким, силер колуңардан келгендин баарын кылгандырсыңар, бирок, аяныңар ишке ашпагандыр.

Жаныңарда Теңирди издебеген эле адамдар алга жылып, ал тургай, гүлдөп-өнүгүп атканын көрүп жаткандырсыңар. Алар акча жагынан жана турмуш тиричилик жагынан «баталарды» алып аткандыр. Балким, алар манипуляциянын же туура эмес жолдордун негизинде көтөрүлүп жаткандыр. Бирок, баары бир силер Жусупка окшоп кишенделип, фараондун зынданында жүргөндөй кезиңерде алар «баталуудай» сезилип жаткандыр.

Силер буга кандай карайсыңар? Арызданасыңарбы? Кудай мына мындай деп айтат:

> “Силер Мага каршы тайманбай сүйлөп жатасыңар, дейт Теңир. Силер: «Биз Сага каршы эмнени сүйлөп жатабыз?» - дейсиңер. Силер: «Кудайга кызмат кылуу - курулай убаракерчилик. Анын буйруктарын сактап жүргөнүбүздөн. Себайот Теңирдин алдында кайгырып жүргөнүбүздөн кандай пайда болду? Азыр биз текеберлерди бактылуу деп эсептейбиз: мыйзамсыз иштерди кылгандар жашоосунда ийгиликке жетип жатышат. Алар Кудайды сынашса да, аман калып жатышат». - деп жатасыңар» (Малахия 3:13-15).

Бул наалыган адамдар эмне дешет? Алар: «Биз Кудайды угуп

эмнеге жеттик? Биздин жашообузда эч нерсе өзгөрбөйт. Биз эмес, так ошол өзүмчүлдөр, ачуулуу адамдар гүлдөп-өсүп эле жатышат» (бул Бивердин сөздөрү). Кудай бул сөздөрдү одоно сөздөр деп атайт дагы, алар Өзүнө каршы деп эсептейт. Башкача айтканда, булар арыздануулар жана наалуулар.

Наалыгандык ысрайылдыктарды баталуу жерге кирүүдөн калтырган. Эмне үчүн наалуу Кудайдын дарегине карата кордоо болуп саналат жана катуу айыптоого ылайык келет? Кыйыр түрдө айтканда наалуу деген: «Менин жашоомдо Сенин кылган нерселериң жакпй жатат мага. Эгерде мен Сенин ордуңда болсом, башкача кылмакмын» дегендикке жатат. Наалуу – Ага карата жакшы мамиленин таптакыр болбогондугу менен түшүндүрүлөт.

Кудай ким Ага чындап умтулуп атат, ким жөн гана пайданы көздөп жаткандыгын билет. Биринчилери өз умтулууларында чечкиндүү; ал эми экинчилери болсо өзүлөрү каалагандай болбой калганда арызданып, башкача боло башташат. Кээ бирөөлөр бата деп атаган нерселер менен чыныгы бата болуп эсептелингендер – эки башка нерсе. Эгерде силердин мамилеңер (жүрөгүңөр) туура эмес болсо, анда кээ бир баталар силерде калбай калышы мүмкүн. Өз пайдасын көздөгөн наалыган адамдарга карап туруп, Теңир алар жана алардын баталары менен эмне кылаары жөнүндө минтип айтат:

> «Ошондуктан бул осуят силер үчүн, ыйык кызмат кылуучулар: Эгерде силер тил албасаңар. Менин ысымымды даңктоону жүрөгүңөргө кабыл албасаңар, - дейт Себайот Теңир, - анда Мен силерге каргыш жиберем, силердин батаңарды каргышка айландырам. азыр эле каргай баштадым, анткени силер буга жүрөгүңөрдү бургуңар келбей жатат» (Малахия 2:1-2).

Биздин сыйлыгыбыз жана мурасыбыз буюмдан же ээлеген даражадан турбайт. Биздин мурасыбыз жана тагдырыбыз – бул Теңир!

Жезекиел 44:28де минтип жазылып турат: «Алардын энчиси жөнүндө айта турган болсом, алардын энчиси Менмин. Ысрайыл жеринде алардын үлүшүнө жер бербегиле, алардын үлүшү Менмин».

Бүгүнкү күндө көптөгөн машайакчылар чыныгы мурастарынан баш тартып, мал-мүлккө, даражага ээ болууга, балким, Кудай берген жакшы буюмдарга ээ болууга көңүл бурушат. Муну уулунун атасы менен болгон мамилеге караганда, ага атасы берген нерсеге көбүрөөк кызыккандыгына салыштырса болот. Менин төрт уулум бар, мен аларга өзүмдө болгон нерселерден бергим келет. Ошентсе да, эгерде алар менден бирдеме алыш үчүн гана мени менен баарлаша турган болушса, анда менин жүрөгүм тилинип кетмек. Малахия минтип улантат:

> «Бирок Кудайдан корккондор бири-бирине: "Теңир кулак салып жатат. Ал угуп жатат. Теңирден коркуп, Анын ысымын урматтагандар тууралуу Анын алдында эстелик китеп жазылып жатат", - дешет» (Малахия 3:16).

Бул адамдар да ошол «наалыган» чөлдөгү шарт аркылуу эле өтүшөт, бирок, бул топтогулардын негизги максаттары – даража, же буюм-тайым эмес. Алар Кудайдын жүрөгүн издешет! Аларда Аны билүүгө болгон каалоо жанып турат. Силер алар менен жалпы коомдук темада, бизнес тууралуу сүйлөшүшүңөр мүмкүн, бирок, алардын жүрөгү качан силер Анын Сөзү, Теңир жөнүндө сүйлөрүңөрдү күтүп турушат.

Бул адамдар тууралуу Лука мындай дейт: «Алар бири-бирине: «Ал жолдо бизге сүйлөп келе жатканда, бизге Ыйык Жазууну түшүндүрүп берип жатканда, жүрөгүбүз күйүп-жанбады беле?» (Лука 24:32). Алардын каалоолору Рухтун буюмдарына бекемделген. Алар минтип айтышат: «Мен жөн гана Кудайды билгим келет. Мен Ага жаккым келет. Мен Теңирдин Сөзүнө

ачкамын жана суусап турам. Мен Анын мени менен кубанышын каалайм, анткени Ал – менин кубанычымдын булагы». Мына ушул алар үчүн эң негизгиси. Алардын биринчи сүйүүсү – статус же мал-мүлк эмес, Ыйса.

Алардын жүрүм-туруму чөлдө жүрсө да, миллиондогон адамдарга насаат айтып жатса да, эч качан өзгөрүлбөйт.

> «Биз Кудайдын кызматташтарыбыз, силер болсо Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имаратысыңар. Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы менен мен акылдуу куруучу катары пайдубал салдым. Башка бирөө ошол пайдубалдын үстүнө куруп жатат. Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур!» (1 Корунттуктарга 3:9-10).

Биз өзүбүздүн жашообузду кантип куруп жатканыбызга дыкаттык менен көңүл бурушубуз керек! Жазуудагы үйдү куруу деген биздин жашообузду же падышачылыктагы кызматыбызды куруубузду символдоштурат. Биз Кудайга тиешелүүбүз, анткени биз - курулуштарыбыз:

> «… биздин ишенимибиздин негизи болгон Элчи жана Башкы ыйык кызмат кылуучу Ыйсаны карагыла. Кудай үйүндө бардык жагынан Кудайга ишенимдүү болгон Муса сыяктуу эле, Ыйса да Өзүн дайындаган Кудайга ишенимдүү. Үйдү курган адам үйгө караганда чоң урматка ээ болгондой эле, Мусага караганда Ыйса чоң урматка ээ. Ар бир үйдүн куруучусу бар, ал эми бардык нерсенин куруучусу – Кудай» (Эврейлерге 3:1-4).

Үйдү куруучу бул Теңир экендигине көңүл бургула. Бул үй биздин денебиздин күчү менен курулбайт. Кудай курган нерселер – туруктуу, ал эми биз курган нерселер андай эмес. «Эгерде шаарды Теңир сактабаса, сакчынын уктабай сак турганы бекер”

(Забур 126:1). Адам Кудайсыз курган бардык нерсе – жашоосу, үйү же кызматы, эч нерсе туруктуу болбойт.

Башталыш 11:4 тө биз бул мисалды көрө алабыз: «Алар дагы: «Бүт жер жүзүнө тарап кетпешибиз үчүн, өзүбүзгө шаар жана асман тиреген мунара куралы, атыбызды чыгаралы», – дешти.

Бабыл мунарасын курган адамдардын ниети кандай болчу? Алар мунараны өзүлөрүн даңктоо үчүн курушуп, өзүлөрүнүн өзүмчүлдүк кыялдарын ишке ашурууну каалашкан. Алар толугу менен Андан көз каранды болбой, Кудайдай болуп калгылары келишкен. Бул умтулуулар алардын каалоолору менен эркин чагылдырган, бирок Кудайдын эмес. Кудайсыз курган нерсе ийгиликке жетпейт, анткени, биздин ниетибиз кандай жакшы болгон күндө да, Кудайсыз бул бекер. Мына ошондуктан да, бизге мындай эскертүү берилген:

> «Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы менен мен акылдуу куруучу катары пайдубал салдым. Башка бирөө ошол пайдубалдын үстүнө куруп жатат. Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур! Себеби эч ким салынган пайдубалдан бөлөк пайдубал сала албайт, ал пайдубал – Ыйса Машайак Өзү. Ал пайдубалдын үстүнө бирөө алтындан, бирөө күмүштөн, бирөө кымбат баалуу таштардан, бирөө чөптөн, бирөө жыгачтан, бирөө самандан курат. Ар бир адамдын кылган иши сот күнү ачыкка чыгат, себеби от аркылуу ачылат, кимдин иши кандай экенин от сынайт» (1 Корунттуктарга 3:10-13).

Алтын, күмүш жана кымбат баалуу таштар Кудайдыкындай курууну символдоштурат. Жыгач, чөп жана саман бул дүйнөнүн планына жараша курууну символдоштурат. Кантип эле бул аяттар асманда боло турган сотту гана сүрөттөйт? Жок! Бул жерде Ал Өзүнүн ыйбадатканасына келери тууралуу жазылган (Малахия 3:16-4:1 жана 1 Корунттуктарга 3:16-17де). Ал же чөп менен саманды жалмап кеткен же алтын менен күмүштү тазалаган

оттой болуп келет. Мына эмне үчүн Алминтип айтууну улантып атат: «Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат. Өзү куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат» (15-аят).

Эгерде силер өз жашооңорду, ишиңерди же кызматыңарды өзүңөр жасаган кирпичтер менен курсаңар, жеке күчүңөр же дүйнөнүн ыкмалары жана программалары менен … эгерде адамдарды монипуляциялап же коркутуу аркылуу көзөмөлдөп… жагынып же башкалардын калкалоосу менен даражага жеткиңер келсе… эгерде куруп жатып башкаларды сындоо же ушактоо менен талкалап жатсаңар… анда мындай ыкмалар менен жеткен нерселериңердин баары жоголот жана күйүп кетет.

Көпчүлүгү артыкчылыкка жетүү үчүн, алдамчы ыкмаларды жана калп аяндарды колдонушат. Бул да күйүп кетет! «Эч ким өзүн өзү алдабасын. Араңардан ким бул дүйнөдө акылдуу болгусу келсе, акылдуу болуш үчүн, акылсыз болсун. Анткени бул дүйнөнүн акылмандыгы – Кудай алдында акылсыздык. Ыйык Жазууда жазылгандай, «Ал акылмандарды өздөрүнүн эле айла-амалы менен кармайт» (1 Корунттуктарга 3:18-19).

Арамзалык аралашкан ар кандай жактарыңар Кудайдын көз алдында жыгач, чөп, саман болуп эсептелет. Ал тургай, башкаларга жардам берип, убактыңарды коротуп, Теңирдин ысымынан аракеттенип жаткандай болгонуңар менен, баары күйүп кетет.

Бул дүйнөнүн акылмандуулугунун борборунда – жеке «мен» деген турат. «Эгерде жүрөгүңөрдө ачуу ичи тарлык жана өзүмчүлдүк бар болсо... Бул асмандан келген акылмандык эмес, жердеги, табигый, шайтандан келген акылмандык” (Жакып 3:14-15). Ич күйдүлүк атаандашуу менен шектенүүнү жаратат. Өз абалыбызды сактап калуу үчүн, биз бийлик үчүн күрөшүүбүз мүмкүн. Биз бул аркылуу досторубузду, чынчылдыгыбызды, эң негизгиси Кудай менен болгон мамилебизди зыянга учуратып алышыбыз мүмкүн. Ал тургай, кайтаруучу жана башка кызматчылар дагы Кудайдын жүрөгүнө жакындоонун эсебинен өз даражасына, титулуна жана маянасына

кам көрүү менен жетектелиши мүмкүн.

Ал эми, чын жүрөгүнөн Кудайдын жүрөгүн издеп жаткандар, алар канчалык Кудайды көбүрөөк издеп жатышса, ошончолук, Андан алыстап жаткандай сезилишет. Алар көңүлдөрү чөгүп, минтип жалбарышат: «Кудай, мен канчалык Сени көбүрөөк издеген сайын, мен жогорулабай эле, тескерисинче ылдыйга карай баратам.

Бирок, Кудай: «Тереңирээк каз!» деп жооп берет.

> «Мага келип, сөздөрүмдү угуп аткарган адам кимге окшош экенин силерге айтып коёюн: ал жерди терең казып, пайдубалын таштан коюп үй курган адамга окшош. Суу ташкындап, үйдү каптаганда, үй козголгон жок, анткени анын пайдубалы таштан болчу» (Лука 6:47-48).

Биздин үй-бүлө Далласта жашап жаткан кезде, мен куруучулар куруп жаткан имараттарды карай берчүмүн. Алгач өсүү жай көрүнчү, анткени алар баштапкы бир нече айларда жердин тереңине чейин имараттын пайдубалынын ордун казышчу. Имарат канчалык чоң болгон сайын пайдубалдын орду тереңирээк жана кененирээк казылчу. Үстү жагында болсо, куруучулар жайбаракат иштеп жаткандай көрүнчү. Анан капысынан эле бийик имараттар бат эле заңкайып чыга келчү. Даярдык көрүү процессине салыштырмалуу, бир имарат бир күндө эле туруп калгандай сезилчү.

Өсүп бараткан динамика, түбүндөгү даярдыкка караганда эч нерсе эместей сезилчү.

Бүгүнкү күндө Машайактын денесинде көпчүлүгү түпкү даярдыкта жүрүшөт, балким, жаш муундардын өкүлдөрү өзгөчө ушундай абалда. Мен бул үчүн Кудайды даңктайм. Балким, алар кызмат үчүн жаратылгандыр, балким Теңирдин башка максаттары үчүн жаратылгандыр, бирок азыркы учурда алар кызматтагы маанилүү позицияны ээлебей тургандыр. Баардыгы тез эле боло калбайт, бирок мен ишенем, алар чөлдө Кудайдын жетекчилигин

астында эң жакшы даярдыктан өтүшөт. Аларда пайдубал курулуп - Машайактын мүнөзү калыптанат. Бул мүнөз ким Машайаккка жана Анын падышачылыгына чын жүрөктөн кызмат кылса, ошолордун баарын бекемдейт.

Ал эми, чөлдө болбогондор, саясат аркылуу же өзүн өзү көтөрмөлөө аркылуу жигерденүү менен жогору көтөрүлүп бараткандай. Биздин кээ бирөөлөрүбүзгө чөл токтоп калган нерседей сезилиши мүмкүн, ал тургай, алар жеңил жана тез жете турган жолду издөөлөрү мүмкүн. Бирок, бул жол аларга туруктуу мүнөз бербестигин жана мурда калыптанып калган мүнөзүнө да коркунуч туудураарын билип туруп, алар тобокелчилик бул өтө улуу деши мүмкүн. Кудайды күтүү менен, алар Башкы Куруучуга бекем пайдубалды аскага курууга мүмкүнчүлүк беришет.

Азыркы мезгилде да Кудайды жигердүүлүк менен издеген кайтаруучулар бар, бирок кайра эле абдан аз нерсе болууда же такыр эле эч нерсе болбой жатат. Алар кургак жерде же убакытта жүрүшөт. Алар башка адамдар дүйнөлүк маркетингди колдонуп эле, өзүн жана өз кызматын алдыга жылдырып бараткандарды көрүп турушат. Алар социалдык желелерде бакыттын жана ийгиликтин иллюзияларын түзүп алышкан. Ал эми, Кудай бул ыкмалар менен курууга аларга уруксат бербейт, анткени Ал алар үчүн узакка чыдаган жана бекем негизди даярдап жатат.

Кудай кыялды берген, бирок, али белгилүү бир кырдаалды жана орунду көрсөтүп бере элек адамдар да бар. Алар анын кантип аткарылары тууралуу суроо берип жүрүшөт, анын аткарылышы болсо алардан бир топ алысыраактай.

-Ушундай чөлдө же кургак мезгилде Кудай Ага тил алгандарды алдамчылыкты, өз күчүнө ишенип же манипуляциялоо жолу менен алга жылууга аракеттенгендерден бөлүп коёт. Кудай менен чыныгы алга жылуу жана чөлдөн чыгуунун жолу ким Кудайдын Өз ыйбадатканасына келишин күтүп жатса, ошолор менен болот. Ал мындай дейт:

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #8 Жашыя баарын туура түшүнгөн

Эгерде чөл биздин жыргалчылыгыбыз үчүн болсо, кантип биз чөлдө жамандыктан качып, жакшылыктарга ээ боло алабыз?

Чөлдө жүрөгү туура абалда болгон адам катары Жашыя жакшы үлгү боло алат. Муса Синай тоосуна көтөрүлгөндө, Жашыя тоонун астында калган болчу. Ал мүмкүн болушунча Теңирге жакын болгусу келген. Муса жыйын чатырында Кудай менен жолугушканда, Жашыя да ошол жерде болчу. Ал тургай, Муса Теңир менен сүйлөшүп бүткөн кезде да, Жашыя Жыйын чатырында чогулушта калган (Чыгуу 33:11).

Жашыянын китебинен ысрайылдыктардын биринчи мууну бошоно албаган күнөөнүн беш областынан, экинчи муундун (Жашыянын мууну) бошонуусу деле оңойго турбагандыгын көрөбүз. Бул бир жолу Ахан деген адам менен болуп өткөн. Антсе да, муну ордуна коюу үчүн, лидерлер менен эл Кудайга кайрылышкан. Экинчи муун муну туура түшүнүшкөн, анткени алар биринчи муундун каталыктарын көрүп турушкан. Алар ата-энелеринин баары Кудай убадалаган жерди көрбөй чөлдө кантип өлүп жатышканын көрүшкөн.

Жашыя жана анын мууну Жаратканга гана көңүл бурушкан, ошондуктан алар убадаланган жерге киришкен. Алар Кудайдын Сөзүн аткарууда күчтүү болушкан жана капалануугa жол беришкен эмес. Алар наалуудан баш тартышып, Кудайга ишенүүгө бат болушкан.

«Убакытты тандап алгандан кийин, Мен адилет сот жүргүзөм...». Анткени жардам батыштан да, чыгыштан да, чөлдөн да келбейт. Бирок Кудай Өзү Сот: бирин басат, экинчисин көтөрөт» (Забур 74:3-8).

## Дененин убарасы

Рух менен дененин күрөшү бир гана кызмат жаатында эмес, жашоонун калган жактарына да тиешелүү. Эсиңерде болсун, дене эч качан Кудайдын убадаларынын жаралышына алып келбейт! Эгерде дене кандайдыр бир нерсенин жаралышын бере турган болсо, анда көйгөй жаралат, анткени бул нерсени дене колдойт. Эгерде Рух бир нерсенин жаралышын берсе, анда муну Кудай камсыздайт.

Денелик аракеттер адатта манипуляция менен көзөмөлдүн арасында жаралат. Лидерлер натыйжага жетишүү үчүн же мажбурлашат, же адамдардын сезимдерине ойношот. Эгерде силер да ошолордун арасында болсоңор, жакында алардын ийгилигине же уттурууларына жоопкерчиликтүү болуп каласыңар, бул алардын көрсөтмөлөрүнө канчалык таасирленишиңерге жараша болот. Мындай учурда басым, мыйзамчылдык, үстөмдүк жана манипуляция көп болот.

Негизинен кызмат тууралуу сүйлөп жатканым менен, бул бир гана кызматка тиешелүү эмес экендигин белгилеп кетким келет. Мен дененин күчү менен жасалган бардык жакты айтып жатам. Бул биздин бизнесибизге, билимибизге, саламаттыкты сактоого, өкмөтүбүзгө, аскерибизге, кесиптерге, спортко ж.б. Кудайдын өз элин кызматка чакырган жактарында болушу мүмкүн.

Тескерисинче, Рухтан туулгандар өзүнүн калыптанышында эч кандай роль ойнобогондугун билет, ошондуктан да ал өзүн көтөрмөлөй албайт же өз сөзү менен өзүн өстүрө албайт. Кудай Өзү жараткандарга Өзү жоопкерчиликтүү.

Ыскак туулган кезде, Ысмайылдын абалы белгиленген болчу

(Башталыш 16-21). Өз тажрыйбамдан улам билгендей, Ысмайыл үчүн мүмкүнчүлүктөр дайыма Кудай Ыскакка убада кылгандай кыялдар жаралганга чейин келет. Төмөнкү аятты эстеп көрсөңөр: «Ыбрайымга мындай деди: «Бул күңдү уулу менен кошо кууп чык, анткени анын уулу менин уулум Ыскак менен бирге мураскор болбойт» (Башталыш 21:10).

Кудай Өз элине: «Өзүңөрдөн Ысмайылды алып салгыла, анткени денеден туулган нерсе убадаланган нерсе менен чогуу мураска ээ болбойт. Ал тургай, бул ыкмалар түшүм бергендей болгону менен, Кудай: «Эч кандай денелер Анын кылганы менен мактанбашы үчүн, «Аларды өзүңөрдөн алып салгыла!»» дейт.

Качан Кудайдын соту болгон кезде, силер өзүңөр курган нерсенин ар кандай бөлүктөрү тазалоочу отто күйүп кетет. Эгерде бардык күч-аракетиңер өзүңөргө карай гана багытталган болсо, анда мунун баары күйүп кетет. Бирок силер куткарыласыңар, «бирок, оттон кутулгандай болуп» (1 Корунттуктарга 3:15).

Кудайдын ырайымы жана Руху менен пайда болуп жаралган нерселер гана, убадаланган нерселер гана калат.

# 9


# КҮЧ МАШЫГУУСУ

*«Теңир Өзүнүн мыкты жоокерлерин азаптын чокусунан алат».*

**- Чарльз Х. Сперджен**

*«Бала болсо чоңоюп, күндөн күнгө руху бекемделип жатты. Ал өзүнүн Ысрайыл элине келгенге чейин ээн талаада жашады».*

**- Лука 1:80**



Мен бир нече жыл мурда мен бизге, Машайактын жолун жолдоочуларга күч алып жана ишенимибизде бекемделишибиз үчүн даярдануу убактысы керек болорун көргөзгөн кыйынчылыктар менен кездештим. Ишенесиңерби, жокпу бул сыноолор кургакчылыкта, чөлдө эмес спорттук залда, денени чыңоочу борбордо болду.

Мен отуз беш жаш курагымда Джорджи штатында, Атлантадагы жыйында чын жүрөктөн насаат айтып бүткөнүмдөн кийин платформада эсимди жоготконсуп куладым. Эгерде мен өз кызматымды ишенимдүүлүк менен уланта турган болсом, анда мен денемди бекемдеп алышым керектигин билгем, анткени физикалык жактан жакшы формада эмес болчумун.

Мен Джорджиден үйгө кайтып келгенде Лизага эмне болгондугун айтып бердим. Анан минтип айттым:

- Мен машыгуучу залга барам.

Мени таң калтырып ал мындай деп айтты:

- Кудайга даңк! Мен сени машыгуу залына барса экен деп сыйынып жүргөм!

Өз күйөөсү үчүн кантип сыйынуу керектигин билген аялыңдын болгону кандай жакшы.

Ал мезгилде биз Флоридада жашап жатканбыз, бизден эки үй нары жакта Бүткүл дүйнөлүк Рестлинг Федерациясындагы балбан

Кип деген жашайт эле. Биздин үй-бүлө алар менен дос болчубуз, анткени балдарыбыздын куррактары бирдей болчу. Ал бир нече жолу мени машыгуу залына чакырыган, бирок, мен дайыма: «Жок, менин такыр колум бошобойт. Менин убактым жок» дечүмүн. Менин ишерим көп болчу, анан да бир аз коркком, ким эле адис балбан менен машыгууну кааласын?

Кип олбурлуу киши болчу: бою – 190см, салмагы – 108кг жана дененин майы алты пайыз. Анын денеси «V» образдуу идеалдуу эле. Ичинде дагы абдан чың төрт бөлүктүү булчуңу билинип турчу. Ал, анын балдары, мен жана балдарым болуп алар менен чогуу көчөдө хоккей же баскетбол ойноп калчу элек. Экөөбүз кагылышып кеткенибизде ал ордунан козголуп да койчу эмес, мен болсо бир жарым-эки метрге учуп кетчүмүн!

Ошол Атлантага барып келгенден кийин мен ага кирип мындай дедим:

- Кип, мен машыгышым керек. Сен мага жардам берем деп айтпадың беле. Дагы эле ошого даярсыңбы?

Ал тез эле жооп берди:

- Албетте, мен сени машыгууга өзүм менен чогуу алып алам.

Мен анын жылмаюусуна дыкаттык менен көңүл бурушум керек болчу. Мени эмне күтүп тургандыгы жөнүндө түшүнүгүм да жок эле!

Эртеси эрте менен биз экөөбүз машыгуучу залга жөнөдүк. Ал жакта олуттуу спортсмендер машыгаарын дароо эле түшүндүм. Атмосфера күч бирдиги менен чыңалган, тердин жыты чыдай алгыс болчу. Машыгуу залындагы мен алган алгачкы сабак, бул болду. Штангага жеңил гана салмактагы жүктү коюп, аны жыйырма, отуз жолу көтөрүү менен булчуң эттеринин өсүшү мүмкүн эместигин түшүндүм. Анын ордуна штангага үч же төрт гана жолу көтөрө ала тургандай салмакты артуу туура көрүндү.

Силердин булчуңдарыңарда башталган бардык жакшы нерселер үчүнчү же төртүнчү жолкудан кийин билине баштайт. Ушул мезгилде силердеги бардык нерсе: «Мен муну башка

көтөрө албайм!» дей баштайт. Бирок, силерди курчап турган скамейкаларда отурган балдардын бардыгы: «Түрт, түрт, чамда!» деп кыйкыра башташканда ичиңерде бир нерсе ушуну аягына чыгарууга түрткү берет да, анан ал салмакты төртүнчү же бешинчи жолу дагы көтөрөсүң. Бул абдан татаал процессти жөнөкөй гана түшүндүрүү, булчуңдар болсо так ушундайда чыңалат.

Уят эле, бирок, биринчи күнү мен болгону кырк кг.ды гана көтөрө алдым. Ошол мезгилде Кип анын кошунасына кандай гана узак жолду басып өтүшү керектигин түшүнүп турганын билип турам! Эки жума өткөндөн кийин мен 45 кгды көтөрө баштадым. Анан дагы бир нече жума өткөндөн кийин 55 кг.ды көтөрдүм. 60кг.ды көтөрө баштаганда абдан кубандым. Мен эми штангаларды көтөргөндөн уялбай калдым.

Мен бул сөзүмдү бөлүмдүн аягында дагы улантам. Бирок, менин физикалык жактан акырындап чыңалып отуруум Теңирдин бизди Өзүнүн «машыктыруучу залы» - чөлдө болгон нерселер менен окшоштугу бар жана ошол жерде Ал биздин рухий булчуңдарыбызды чыңдайт.

Так ошол чөлгө туш келгенибизде биздин рух күчтүү боло баштайт, анткени так ошол жерде биз: «Кудай, Сен кайдасың?» деп чакырабыз, бирок ал жер чоң сыноонун жана азгырыктын да орду. Чөл оор жана кыйын жер болгондугуна карабастан, ошону көтөрүүгө рухий күч машыгуусунда бизди ким жандандырып тургандыгын эстен чыгарбашыбыз керек.

> «Эгер Кудай биз тарапта болсо, бизге ким каршы болмок эле?» (Римдиктерге 8:31).

Андан тышкары, Ал биз үчүн жана бизди жандандырып турат, Ал ошондой эле, бизге катуу убада берет:

> «Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин

көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет» (1 Коруттуктарга 10:13).

Ошондуктан, кандай сыноолорго туш келгенибизге карабай, кандай каардуу жана кургак жер болгондугуна карабай, Кудай бизге аны жеңип өтө турган күч берүүнү убада кылган. Ойлоп көрө турган болсок, бул жетишерлик түрдө таң калыштуу.

Сыноолорго туш келген кезиңерде, эч качан өзүңөрдүн ким экениңерди унутуп койбогула. Ыйса силерге Кудайдын сүйүктүү балдары катары минтип айтып жатат: «Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт» (Лука 10:19). Ошентип, душман бизге каршы эмнени таштаса да, биз аны жеңип чыга алабыз. Андай болбогондо, Кудай буга жол бермек эмес!

Бул жерде дагы бир көйгөй катылган. Көптөгөн адамдар өз жөндөмдүүлүктөрү аркылуу чоң кыйынчылыктар менен эсептеше алышпайт. Алар машыгуучу залдан качышып, наалып жана ал жерде болор менен арыздана башташат. Ага карабастан, Пабыл таптакыр башкача мамилени сүрөттөйт. Ал минтип жазат:

«Анткени силерге Машайакка ишенүү гана эмес, Ал үчүн азап чегүү артыкчылыгы да берилген» (Филиппиликтерге 1:29).

Силерге азаптар тартуу кылынган же белекке берилген деген сөздөрдү окуганыңарда таң калыштуу болбойбу? Бул чынында эмне дегенди билдирет? Эгерде кимдир бирөө мага: «Сага бирдеме белек кылынган» деп айтса, мен батаны күтмөкмүн. Мен аны күтүп минтип ойломокмун: «Кызык, мен эмнени алар экем?»

«Белекке берилген» деген сөз менен «азап тартуу» дегенди кантип бир сүйлөмдө айкалыштырууга болот? Бул бирөөгө минтип айтканга барабар: «Сиздин туулган күнүңүзгө карата

сизге тишиңиздин каналынын тамырындагы нервди алып салуу белек кылынган» дегенге барабар. «Чын элеби? Ырахмат, мен аны каалабайм». Бул акылга сыйбаган нерседей сезилет, анткени Америкага окшогон заманбап мамлекетте жашап жатып, биз ыңгайлуу жеңил жашоого умтулабыз. Ошондуктан, силерге азап тартуу белекке берилген деген ылайыксыздай. Кыйынчылыктар менен кагылышкан көптөгөн адамдар минтип айтышат:

«Ушунун баары мени менен болуп жатканына ишене албай турам».

«Эмне үчүн мен?»

«Эмне үчүн мен ушунун баарынан өтүшүм керек?»

«Буга чыдай албайм!»

«Менин эмнелерден гана өтүп жатканымды эч ким түшүнө албайт».

«Эмне үчүн мен нормалдуу жашоодо жашай албайм?»

«Кудай, суранам, муну алып салчы?!»

«Күрөшүп эмне кереги бар? Жакшысы дароо багыныш керек…»

Кыйынчылыктар менен кездешкенде баарыбыз эле ушинтип ойлогонубузга же ушундай абалда болгонубузга ишенем. Тилекке каршы, биз жөн гана ошол сыноо менен азаптардын (чөлдүн) максатын түшүнбөйбүз.

Бирок, адаттагыдай эле Анын падышачылыгы үчүн көбүрөөк жемиш берүүдө бизге канчалык күч керек болорун Кудай билет. Мына ушул үчүн Пабыл биздин ишеним булчуңдарыбызды чоңойтуу үчүн «стратегиялык азаптар» белекке берилери тууралуу Кудайдын убадалары жөнүндө билдирет.

## Азгырыктын ролу

Мен мурда эскертип кеткендей, чөлдөгү машыгуубуздун максаттарынын бири – бул биз азгырыкты ажырата билип жана ага каршы тура билүүдө өсүү. Ыйса муну өз кызматынын алдында,

Атасы чөлдө шайтандын сыноосуна жол берип койгондо башынан өткөргөн: «Ыйса Ыйык Рухка толуп, Иордандан кайтып келгенден кийин, Рух тарабынан чөлгө алынып барылды. Ошол жерде Ал кырк күн шайтан тарабынан сыналды. Ошол күндөрү Ал эч нерсе жеген жок. Акырында, Ал ачка болду» (Лука 4:1-2).

Мен атайын эле «жол берип койду» деген сөздү колдондум, анткени Кудай эч кандай азгырыктардын автору болуп саналбайт: «Азгырылып жатканда, эч ким: «Кудай мени азгырып жатат», – деп айтпасын. Анткени, Кудай жамандыкка азгырылбайт жана эч кимди азгырбайт» (Жакып 1:13).

Чынында эле, биз азгырыктарга кабылганыбызда эмне болот? Шайтандын максаты бизди күнөөгө тартуу, Аны менен мамилелеш болуудан жана Кудайга кубаныч менен тил алчаактыкта болуудан алыстатат. Эгерде шайтан бизди ушул максат менен азгырып жаткан болсо, анда Кудай бизди андан алыстатыш үчүн эмне кылат? Элчи Петр бизге бул жоопту сунуш кылат: «Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт» (1 Петр 4:1).

Башкача айтканда, азгырык аркылуу сыналуу жана биз чөлдө дуушар болгон күнөөнүн же башка бир көйгөйлөрдүн үстүнөн болгон жеңиштин максаты – биздин рухий булчуңдарыбызды өстүрүп, жеткилең болушубузга шарт түзөт. Бул аяттагы ачкыч сөз «куралдангыла» деген сөз.

Куралданбай туруп, согушка киргени аткан аскер бөлүгүн элестете аласыңарбы? Вертолёттор, танктар, винтовкалар жана башка такыр эле куралдары жок болуп туруп? Бул кайгы болмок. Машайактын жолун жолдоочулар да азап тартуу жана сыноодон өтпөсө куралданбаган болуп, ошол сыяктуу кайгы менен бет келишет.

Коммерциялык авиалиниянын учкучтары – адамдар үчүн жакшы үлгү болуп саналат. Алар ар кандай көйгөйлөргө даяр. Аларды авиалиниядан ар бир алты айда окууга жиберип турат. Бул

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #9 Ысмайылды жаратпагыла

Биз чөлдө жүргөнүбүздү түшүнгөндө, анан ал жакта абдан узакка чейин кармалып жатабыз деп ойлогонубузда, өзүбүздүн кыялыбызды ишке ашыруу үчүн «жөн гана бирдеме кылуу керек» деген азгырык келет. Муну мен Ысмайылдын жаралышы деп айтам, бул Кудай бизге убада кылган нерселерди өз күчүбүз менен ишке ашыра баштаганда болот. Көбүнчө Ысмайылдар кандайдыр бир негиздүү муктаждыкка карата жооп катары жаралат, бирок алар денеден жаралат.

Албетте, бул таржымалдын башаты Кудай уулдуу болосуңар деп убада кылган Ыбрайым менен Сааранын таржымалынан башталат. Алар уулду 11 жыл күтүшкөн: Ыбрайым 86 жашта, Саара да балалуу болуш үчүн абдан картайган. Ушунун натыйжасында алар «План-Б» га өтүшөт – Саара Ыбрайымга Ажарды аялдыкка алып, убадаланган уулду андан төрөтүүнү сунуштайт. Бул өтө жаман идея. Ысмайыл

учкучтар симуляторго отурушат да, ойлорунда ар кандай эң жаман нерселерге карата натыйжалуу таасирленишет. Мунун максаты ар бир учкуч күтүлбөгөн кокустуктарды жеңип чыгууга үйрөнүүлөрү керек. Эреже боюнча, самолеттогу кыйын кырдаалдарда жүргүнчүлөр даярдыксыз болгондуктан, жөн гана таасирленишет, ал эми учкучтар аракеттенишет. Эмне үчүн? Анткени, учкуч даярданган жана куралданган.

Чөл тил алчаак машайакчыны эмне кылат. Ал биздин жолдорубузга кыйынчылыктарды коёт, максаты бизди алдыдагы жеңиштерге карата куралдандыруу. Чөлдө бизге кыйын болоорун билишибиз керек. Ыйса биздин бул дүйнөдө кыйынчылыктар жана

менен болгон ар бир идея, ал бекемдей көрүнгөнү менен, жаман идея болуп саналат. Дайыма эсиңерде болсун, эгерде силер бир нерсени өз күчүңөр менен жаратууга аракеттенген болсоңор, анда дайыма аны денеңердин күчү менен колдоп жүрүүгө мажбур болосуңар.

Чөлдө жүргөнде мен деле бир нече жолу «План-Б» ны жасап көргөм. Качандыр бир кезде менин бүткүл дүйнөлүк насааттоочу кызматым болоорун Кудай мага айткан. Андай болгон жок, анан мен өзүмдү жергиликтүү жыйында тыгылып калгандай сездим. Мен бир нече жолу, чөлдөн качып чыгууга аракеттенгем. Мен ал аракеттерим үчүн кымбатка түшүп калдым, бирок, майнап чыкпады. Мен багынарым менен, Кудай Өзү аракеттене баштады да, баарын өзгөрттү.

Менин силерге кеңешим: пайдасыз азаптардан өзүңөрдү куткаргыла – Ысмайылдарды жаратпагыла. Кудй силерге убада кылган нерселерди аткарууга Ага уруксат бергиле.

кайгылар менен бет келерибизди айткан. Бирок, Ал бизге аларды жеңүүгө жардам берет. Алар аркылуу өтүү менен, биз күчтүү болобуз.

## Улуу мүмкүнчүлүк

Биз чөлдү Кудай биздин жашообуздун кийинки этабында бергиси келген нерселер үчүн күчтүү болушубуз жана рухий булчуңдарыбызды бекемдеш үчүн берилген улуу мүмкүнчүлүк катары кабыл алышыбыз керек. Апостол Жакып мындай дейт:

> «Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла» (Жакып 1:2).

Биз баарыбыз эле мүмкүнчүлүк дегенди жакшы түшүнөбүз, анткени америкалыктарбыз, ишкерлерди сүйөбүз. Бизнестеги мүмкүнчүлүк, мисалы бул өсүү, ийгиликке жетүү жана гүлдөө. Бул биздин горизонтторбузду кеңейтүүгө болгон мүмкүнчүлүк. Биз дагы кыйынчылыктарга Жакып айткандай карашыбыз керек:

> «Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер. Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек» (Жакып 1:3-4).

Чөлдө бизге өзүбүздүн көтөрүмдүүлүгүбүздү көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк бар. Азыркы күндө биз «көтөрүмдүүлүк» деген сөздү кандай мааниде колдонуп жүрөбүз. Көбүнчө көтөрүмдүүлүккө машыгуу маанисинде - анын өнүгүшү үчүн көнүгүүлөрдүн сериясы. Жөнөкөйлөтүп айтканда, көтөрүмдүүлүккө болгон машыгуу келечектеги кыйынчылыктарды жеңүү үчүн болгон биздин жөндөмдүүлүгүбүздү арттырат.

Мааниси мына мында: биз дуушар болгон ар кандай сыноолордо Кудай белгилүү бир максат менен кыйынчылыктарга жол берип коёт, ал максат – биздин жөндөмдүүлүгүбүздү көбөйтүү. Кудай бүгүн биздин кыйынчылыктарга дуушар болуубузга жол берип коёт, жол берип - дегенди атайын баса белгилеп жатам, ал басымды күчөтөт (учкучтун стимуляторун эстегиле), анткени Ал биздин эртең эмнеге дуушар болушубузду билет. Ошондуктан да, сыноолор биздин азыркы даярдыгыбыз менен жоопкерчилигибизге караганда оордой сезилет. Ошентип, кептин баары Кудай бизди келечектеги чоң жеңиштер үчүн бекемдеш үчүн, азыркы кыйынчылыктарды колдонгондугунда.

Эми менин машыгуума кайтып келели. Мен жогоруда айтып

кеткендей, Кип мени 60 кгды көтөрүүгө үйрөтүп койду. Бул мен үчүн чоң жетишкендик болгонуна карабастан, мндан көбүрөөккө жете аламбы деп ойлоп жаттым. Эгерде менин күч жагынан машыгуумду рухий даярдык жана күч менен салыштыра турган болсом, анда Теңирде менин 60 кгды көтөрүүдөн да көбүрөөк күчтү талап кылгандай максаты болсочу?

Ошентип, мен машыгуу залына барууну улантып жаттым. Акыры мен 90 кгды көтөрүп калдым. Бирок, ушуну менен эки жылдай алдыга кете албадым. Мен Калифорниядагы бир конференцияда насаат айттым жана бир нече кызматчылар мага минтип айтышты:

- Джон, сен эч качан 100 кгды көтөрүп көргөн жок белең?

- Жок, бирок мен беш жылдан бери ошого жетсем деп аракеттенип жүрөм, - деп бир аз көңүлсүз жооп бердим.

- Биз сага ага жетүүгө жардам беребиз, - дешти алар.

Анан чынында эле ошол күнү мен 100 кгды көтөрдүм!

Мен ушунчалык жанданып турдум!

Ушундан кийин биздин «Мессенджер Интернейшнл» кызматыбызга жаңы жумушчу келди. Ал оор атлетика менен машыгып жүргөнүн билдим, анан экөөбүз чогуу машыга баштадык. Анын жардамы менен мен 105 кгды көтөрдүм, ал тургай бир жолу 110го да жеттим. Бирок, мен андан көпкө жөндөмдүү белем?

Бир жылдан кийин мен Детройт деген шаардагы бир жыйында насаат айтып калдым. Жекшембилик кызматтан кийин кайтаруучу мага минтип айтты:

- Джон, менин машыктыруучум – бүткүл Америкага белгилүү болгон фитнес-инструктор, ал биздин жыйынга келет. Сен мени менен барасыңбы?

- Албетте,- дедим мен чоң толкундануу менен.

Кийинки күнү биз ал жакка бараттык. Ал машыктыруучу мени баалап, анан минтип сурады:

- Ошентип, сенин эң көп көтөргөнүң канча болгон, 110 кгбы?

- Ооба, ал бирок, бир гана жолу болгон.

- Бүгүн сен көптү көтөрөсүң.

«Эмне?» Мен минтип айткан жокмун, бирок: «Сен келесоосуң! Бул мүмкүн эмес!» Бирок, бир аз машыгып жана кеңеш алгандан кийин, мен 120 кгды көтөрдүм.

Мен абдан жанданып турдум. Мен жана оор атлет болгон биздин кызматчы Колорадого келдик, анан ар бир жумада биздин инструктор электрондук почта менен бизди машыктырат. Биз абдан күч үрөп иштедик, анан кийинки жылы мен Детройттогу ошол эле жыйынга кайра келдим. Ошол мезгилде мен 42 жашка келип калгам.

Ошол жекшембиде мен Ыйык Рухтун эң сонун сапаттары тууралуу насаат айттым. Дүйшөмбү күнү биз баарыбыз машыгуучу залга бардык. Бул машыктыруучу минтип айтты:

- Джон, мен түндө түш көрдүм, сен 140 кгдан ашык салмакты көтөрүптүрсүң.

- Укмуш! – дедим мен. Бирок, анан минтип ойлодум: «Азамат, бирок, мага андай түш кирген жок!»

- Джон, кечээ сен Ыйык Рухтун күчү тууралуу насаат айттың. Ал мага өткөн түнү ушундай түштү берди! Жат скамейкага. Биз муну кылабыз!

Ошентип, бир аз машыккандан кийин жүктөр штангага бекитилди, анан укмуш кыйкырык менен мен 150кгды көтөрдүм!

Мен ушунчалык эргип тургандыктан, Детройттун аэропортунан Лиза чалдым да, минтип айттым:

- Мага үйгө баруу үчүн самолетко отуруп кереги жок – азыр мен ушундай бир бийиктикте турам!

150 кгды көтөргөн мезгилде мен 100кг менен жайма-жай гана машыгып жаткам. Ал тургай, бул салмакты көтөрүп жатканда мен 10 жолуга чейин кайталап көтөрүп аткам. Бирок, жети жыл мурда мен эмнеден баштаганымды эстеп көргүлө. Менин 35 жаш курагымда Кип 40 кгдын ордуна 100 кгды коюп койгондо эмне болмок? Ал штанга мени өлтүрүп коюшу мүмкүн болчу! Ал бүт оордугу менен

мени басып калып, жанчып салмак. Мен азыркы күчүмө ээ болушум үчүн, канча күч талап кылынды. Азыр адаттагыдай болуп эсептелген салмак, жети жыл мурда мени өлтүрүп коюшу мүмкүн болчу!

Өткөн сыноолордун издери биздин жашообузда көп мезгилге чейин калып калганынын себеби, чынында рухий күчтүн машыгуусу болуп саналат, бизди келечектеги дагы да чоңураак сыноолорго даярдайт. Качан биз Теңирде күчтүүрөөк боло баштаганыбызда, бизде Анын падышачылыгы үчүн көбүрөөктү курууга мүмкүнчүлүк пайда болот.

Тилекке каршы, Машайактын Сот тагынын алдына келген адамдардын кээ бирөөлөрүнө Ал көзүнө жаш алып, мындай деши мүмкүн: «Менде сен үчүн дагы ба көбүрөөк нерселер бар болчу, бирок, сенде тигилер менен кошо келе турган кыйынчылыктарды жеңүүгө жөндөмдүүлүктөрүң жок болчу». Бул өзгөчө кайгылуу, анткени биз билгендей, Кудай биз көтөрө ала тургандан артыкча эч нерсе бербейт. Ал муну бизге убада кылган!

Ошондуктан, келгиле менин машыгууларымды анология катарында колдонолу. Эгерде силер 60кгдай рухий каршылыкты көтөрүүгө жөндөмдүү болсоңор, Кудайда 80 кгдык каршылыкка жөндөмдүү болгонду талап кылган план же кызмат болсо, куугунтук, азгырык жана кыйынчылыктары менен. Анда Ал буга жол бербейт, анткени силердин күчүңөр жетишпейт. Анын ордуна Ал силерге окуу процессин сунуш кылат. Балким, Ал силерди текшерип көрүүнү улантуу үчүн 65 кгдык кыйынчылыкка жол береттир, бирок, талкалап койбойт.

Балким, силер тууралуу бирөөлөр ушак кылып, сөз таратаар. Ошол чабуулга каршы туруп, өзүңөрдү коргоп, ал адам тууралуу да ушак кылуунун ордуна, Кудайдын Сөзүнө баш ийип, эч нерсе дебестен, батаңарды бергиле. Эң сонун – силер 65 кгды көтөрө алдыңар! Эми силер кийинки баскычка өтүшүңөр керек, 70кг. Эгерде андан ары Кудайга кыйынчылык аркылуу баш ие турган болсоңор, анда силер 60кгды көтөргөнүңөргө чейин машыгуу уланат. Эми

силер Кудай падышачылыгындагы бийигирээк планга же абалга даярсыңар, ал силердин жашооңор үчүн Анын планы.

Бирок, силер ушак тууралуу угуп жана ал адамга өзүнө жараша жооп бере турган болсоңор, анда Теңир көзүнө жаш алып туруп: Мен кейип турам, бирок сага 60кг.дык рухий каршылыкка кайра барууга туура келет» деп айтат. Силер дагы эле машыгуу залында жүрөсүңөр, бирок, андан эч кандай майнап чыкпай эле.

Машыгуу уланып атат, бирок, баягы эле деңгээлде. Андан кийин Ал силердин жашооңорго дагы бир финансылык көйгөйгө – 65кг дык сыноого жол берет. Бирок, Кудайдын камсыздоосун издөөнүн ордуна, силер дароо эле: «Бул көйгөй эмес! Биздин кредиттик картабыз али бүтө элек!» дейсиңер. Анан Кудай ал кошумча салмакты алып салат да, «60 кг.га кайра бар» дейт.

Бирок, Кудайдын белгилүү бир тапшырмасы же Анын падышачылыгындагы белгилүү бир абал үчүн, 80кг.дык салмакка каршы тура турган жерге керек болуп кала турган убакыт келет. Эгерде силердин чөлдөгү сыналууңар – күчтүк машыгууңар, ар дайым эле ийгиликсиз болгон болсо, анда Ал силерди ага алып чыга албайт, анткени силерде берилген тапшырмадагы же абалдагы каршылыктарды көтөрө ала турган рухий булчуңуңар жок. Мындайда Ал бул тапшырманы аткаруу үчүн же ошол орунду ээлөө үчүн, башка бирөөнү табууга мажбур болот.

## Көбүрөөк бийлик жана күч

Чөлдүн абдан маанилүүлүгүнүн себеби; ал биздин күчүбүздү көбөйтөт.

Так ошол чөлдө Жакан чөмүлдүрүүчү күчкө толгон.

Так ошол чөлдө Ыйса рухта бекемделген.

Алардын рухий булчуңдары жеңил учурларда эмес, кыйынчылык учурларында, ишеним сыналган учурда чыңалган.

Жакып бизге жакшы кабарды билдирет: качан силер Кудайга

жагынуу менен кыйынчылыктардан өтүп жатканыңарда, толугу менен даяр болосуңар – силерде Кудай эмнени даярдап койгон болсо, ошонун баарына жеткендей күчүңөр болот:

> «Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер. Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек» (Жакып 1:3-4).

Жакып: «Ошентип, мейли ал көбөйө берсин» дегенде биздин жөндөмдүүлүктөрүбүз менен көтөрүмдүүлүгүбүз жөнүндө айтып жатат. Жакып ошондой эле, эгерде биз чөлдө туура иштерди кыла турган болсок, анда күтө алаарыбыз тууралуу айтып жатат. «Сыноолорду башынан өткөрүп жаткан адам бактылуу. Анткени сыноодон өткөндөн кийин, ал адам Теңир Өзүн сүйгөндөргө убада кылган өмүр таажысын алат» (Жакып 1:12).

Жакып: «Ошентип, мейли ал көбөйө берсин» дегенде, ал биздин жөндөмдүүлүгүбүздү жана көтөрүмдүүлүгүбүздү айтып жатат. Жакып ошондой эле, эгерде биз чөлдө туура иш кыла турган болсок, анда эмнени күтө алаарыбыз тууралуу айтып жатат: «Сыноолорду башынан өткөрүп жаткан адам бактылуу. Анткени сыноодон өткөндөн кийин, ал адам Теңир Өзүн сүйгөндөргө убада кылган өмүр таажысын алат» (Жакып 1:12).

«Таажы» (же «корона») деген сөз бийликти символдоштурат, бийлик менен болсо күч келет. Ыйса шайтандан сыналышы үчүн чөлгө жиберилет жана Өзүнүн тил алчаактыгынын жана туруктуулугунун натыйжасында андан чоң бийлик жана күч менен чыгат. Биз дагы чөл сезонунан чоң жеңиш жана күч менен чыга алабыз.

Силерди билбейм кандай, бирок, мен Кудай мен үчүн даярдап койгон нерсеге жараша рухий күчүм болушуна ишенимдүү болгум келет.

Кимдир бирөө машыккысы келеби?

10


# ЧӨЛДӨГҮ СУУ

*«Эгерде кырдаалдар бизге каршы болуп жатканда Кудайга ишене албасак, анда биз Ага такыр эле ишене албайбыз».*

**- Чарльз Х. Сперджен**

*«Ыйса аялга мындай деп жооп берди: «Бул суудан ичкен адам кайра эле суусайт. Ал эми Мен берген суудан ичкен адам түбөлүк суусабайт. Мен бере турган суу анын ичинде түбөлүк өмүргө агып баруучу булакка айланат».*

**- Жакан 4:13-14**



Чөлдө жаан аз. Чөлдө суුга жетүү кыйын, эгерде аны таба турган болсок да, аны кудуктан же булактан алуу керек. Чөл деген кургак жана ысык жер (Забур 62:2). Ошондуктан, Ыйса бизди бул сөздөр менен чакырып жатат:

> «Майрамдын акыркы – эң улуу күнү Ыйса эл алдында туруп, бийик үн менен мындай деди: «Ким суусаса, Мага келсин жана ичсин» (Жакан 7:37).

Мен өзүмдүн чөлдөгү сезондорумда сыйынууга аракеттенсем да, күч берер суугa жетүү абдан кыйын болгон учурларын билем. Бир жолу мен ошондой абалда болгонумда жана Теңирди издегенимде, палатканы алып алып, түнөп калуу үчүн мамлекеттик паркка бардым. Ал түнү мен сыйындым, анан Сөздү окудум, анан даңктоо ырларын ырдадым. Бул үч сааттай убакытка созулган, бирок эч нерсе болгон эмес. Мен жаңы нерсени сезген жокмун – таптакыр эле кургактыкты сезип жаттым. Абдан көңүлүм калган абалда өзүмдүн уктоочу мүшөгүмө кирип жатып, уктоого аракет кылдым.

Ошол түнү бардык жиндер майрам өткөргөндөй; жаман уктадым. Мен улам бир капталыма оодарылып, Кудай эмнеге мага келбеди деп сурап жаттым. Эртеси эрте менен мен палаткамдан чыгып, рухта сыйынып аллеяда баса баштадым, бирок, баары бир эле

чаңкоону сезип жаттым. Бул дагы бир жарым саатка созулду. Акыры мен көзүмдү көтөрүп минтип айттым: «Теңир, мен чөлдө жүрөт окшойм» дедим. Мен: «Жакшысы мен үйгө кайтып, Аны издегенди токтотсом окшойт; Ал мени бул кургак жерге жайгаштырдыбы эми, Ал Өзү алып чыкмайынча эч нерсе өзгөрбөйт» деп ойлодум.

Бул туура эмес ой жүгүртүү болгон экен! Кудай биздин көңүлүбүздү калтыруу үчүн же шартыбызды суверендүү түрдө Ал өзгөртмөйүнчө, бизди багынууга мажбурлоо үчүн чөлдө алып жүрбөйт. Капысынан мен ичимден акырын чыккан үндү уктум: «Күрөшкүн!» Мына ушул кичинекей гана учкун мен муктаж болгон оттун жана жашоонун учкуну эле. Мен дароо эле айттым:

- Кудайдын жөндөмдүүлүгү, менде от ал! Тирүү суунун дайралары, агып келгиле! Менин жүрөгүмдүн кудугу, толгунуң!

Мен чөлдө ысрайылдыктар менен болгон бир таржымалды эстедим:

> «Ал жерден Бейирге бет алышты. Теңир Мусага «Элиңди чогулт, Мен аларга суу берем» деп айткан кудук ушул. Ошондо Ысрайыл мындай деп ырдады: «Тол, тол кудук! Ал жөнүндө ырдагыла!» (Сандар 21:16-17).

Мен Кудайдын Сөзүнөн ушул сөздөрдү кайталай бердим, анан менин сыйынуум ого бетер күч алып жатты. Ме парктын бир аллеясында алдыга, артка басып, чоң от жана күч менен Кудайдын сөзүн жарыялап жаттым. Анан мага сергектик келип, кандайдыр бир жаңы адамга айланып калгандай болдум! Мен Анын болушун абдан сезип турдум. Бир нече мүнөт мурда мен оор жүктү жана алсыздыкты сезип тургам; эми мен Теңирдин Сөзү менен, ар кандай душман менен кагылышууга даяр болуп турдум!

Бул болжол менен жыйырма беш мүнөткө созулду, бирок беш мүнөттөй эле болуп өтүп кетти. Мен сергектикке толуп жана бүт дүйнөнү жеңүүгө даяр болуп турдум!

Ким Ага келип жана ичсе, анын жүрөгүнөн тирүү суулар жана дарыялар агып чыгат деп айткан Ыйса. Чөлдө биз Ыйык Рухтун төгүлүшүн (жаанын) сезебиз. Бул кургак жерде сергиленткен сууну биздин жүрөгүбүздөн – Кудайдын булагынан жана кудугунан алышыбыз керек.

Ыйса (Жакан 7:39да) көрсөтүп жаткан нерсеге көңүл бургула, Ал айтып жаткан кудук же булак – бул Теңирдин Руху, ал ишенген адамдын жүрөгүнөн агып чыккан дайра эмес, (жекелик түрдөгү), дайралар (көптүк түрдөгү).

Тенирдин Руху биздин жүрөгүбүздөн кантип дайра болуп агып чыгат? Ышайа пайгамбар Рухтун аракетинин табиятын түшүндүрөт: «Анын үстүнө Теңирдин Руху, даанышмандык жана акылмандык руху, кеңеш жана күч руху, билим жана Теңирден коркуу руху түшөт (Ышайа 11:2).

Ыйык Рух Акылмандуулуктун Руху, Аңсезимдин Руху, Кеңештин Руху, Күчтүн Руху, Билимдин Руху жана Теңирдин Коркунучунун Руху деп аталат. Ыйса Рух дарыя болуп агат дегени, ошол Акылмандуулуктун, Аңсезимдин, Кеңештин дарыясы, Күчтүн дарыясы, Билимдин дарыясы жана Теңирден коркуу дарыясы дегендик. Менин жүрөгүмдүн палаткамдын жанындагы ушул аллеяда от болуп күйгөнү таң калыштуу эмес!

Бул нерсени бекемдеген дагы бир нече чындыктар булар:

- Накыл сөздөр 18:4тө минтип жазылган: «Адамдын оозунан чыккан сөз – терең суу. Акылмандыктын башаты – кайнар булак».
- Накыл 16:22 де минтип жазылган: «Акылы бар адам үчүн акыл – өмүрдүн булагы, ал эми акылсыздардын илимпоздугу – акылсыздык».
- Накыл 20:5 минтип жазылган: «Адамдын жүрөгүндөгү ойлор – терең суулар, бирок акылдуу адам алардан сузуп ала берет».

Бул терең кудуктагы суу ишенген адамдын жүрөгүндө болот,

анткени ал жакта Рух болот. Анан да, Кудайдын жолдорун түшүнгөн адам гана ал жактан сузуп ала алат. Бул аяттагы ачкыч сөз – «сузуп алуу» деген. Бул жерде дагы бир маанилүү нерсени эстеп калуу керек, чөлдө сергиленте турган суу Рухтун жаанынын түрүндө келбейт, алар жүрөктөн сузулуп алынуу керек.

- Накыл 10:11 де минтип жазылган: «Адил адамдын оозу – өмүр булагы...».
- Накыл 15:23 минтип жазылган: «Адам берген туура жообунан кубаныч алат...».

Эгерде мен өз палаткамды жыйнап алып, анан минтип ойлоп: «жакшысы үйгө барайын да, Кудайды издегенди токтотоюн; Ал мени ушул кургак жерге коюп койду жана Ал алып чыкмайынча эч нерсе өзгөрүлбөйт» деп кете берсем, анда ичимдеги ошол оордук менен кетмекмин. Бирок, мен айткандай, терең кудуктардан суу сузуп алууну Кудай менин жүрөгүмө салды. Мен куткаруунун жер астындагы сууларына жеттим да, ал жактан сергиленте турган сууну сузуп алдым. Бул чынында эле чөлдүн ортосундагы булактан муздак сууну ичкенге окшош болду.

Көпчүлүгү ушул кургакчылык мезгилде багынып беришет, бирок Кудай минтип айтат: «Алга жылууну уланта бергиле! Токтобогула!» Анын эрки ишке ашмайынча, биздин багынуубузга жол бербеген ичибизде туруктуулук, бекемдик болушу керек.

Кургакчылыкты сезгенде, көпчүлүгү эле сыйынганды токтотуп коюшат; Алар токтоп калышат, анткени кудукта суу жок жана да аны сузуп алуу өтө эле кыйын. Алар алсыз, Кудай болсо, алардын келечекте күтүп турган салгылашуу үчүн күчтөрүн көбөйтүүсүн каалайт.

Бул сууну сузуп алуу үчүн кайдан күч алуу керек? Бул күч кубанычта! Ышайа 12:3тө минтип жазылган: «...Кайгырбагыла. Анткени Теңирдин алдында кубануу силерге күч болот», – деди» (Некемия 8:10). Кубаныч – бул рухий күч, ал бизди бекемдейт.

Теңир алдындагы кубаныч деген эмне? Көптөгөн жылдар бою мен Теңир алдындагы кубаныч деген бул – Ал кандай кубанса, ошондой кубануу экен деп жүргөм, бирок аны түшүнүү мага кыйын болчу. Анын үстүнө бул жерде ал тууралуу жазылган жок. Силер качандыр бир кезде: «Тамак жасагандан кубануу» дегенди уктуңар беле? Тамак жасоо өзүнө кубанычты камтыбайт. Бул деген качан тамак жасап жатканыңарда кубанычты сезгениңер. «Теңир алдындагы кубаныч» - бул биздин Аны менен баарлашууда сезген кубанычыбыз. Ал бизге кубаныч берет!

Сыйынуу бөлмөсүндө биз Аны сезе албаганыбыз, бул Ал бизди четке кагып жатат дегенди түшүндүрбөйт. Ошондуктан, биздин кубанычыбыз, биз сезген нерселерге байланышпайт. Ал Кудайдын Инсандыгына жана Аны менен болгон биздин баарлашуудагы артыкчылыгыбызга негизделген. Ошентип, биз Ал бизди четке кагып салды го деген калптан бир топ алыс турабыз. Анан Ал бизди бир топ тереңирээк булактарга жетелейт!

## Жабылып калган кудукту ачуу

Бир жолу Ыскак – Ыбрайымдын кереметтүү түрдө төрөлгөн баласы кургакчылыкты башынан өткөргөн:

> «Ыбрайымдын убагында болгондой эле, жер бетинде дагы ачарчылык болду. ... Теңир ага келип, мындай деди: «Мисирге барба, Мен сага айткан жерде жаша. Ошол жерде келгин катары жаша. Мен сени менен болом, сага батамды берем, анткени сага жана сенин тукумуңа ошол жердин баарын берем, Мен сенин атаң Ыбрайымга берген антымды орундатам» (Башталыш 26:1-3).

Кудай Ыскакты Мисирге – жайлуу жашоого чуркабай, Ал койгон жерде калышын буюрган. Качан биз кургакчылык жерге туш

болгонубузда, эң алгач оюбузга «Мен бул жактан кетем!» деген ой келет. Эгерде эрте мененки сыйынууда биз Кудайдын болгондугун сезбесек, анда биздин оюбуз ар кай жакка кетип, алдыдагы күндө эмне кылышым керек деп ойлой баштайбыз. Биз сыйынуу мезгилибизди шашып бүтүрөбүз да, анан акылыбызда кыла турган иштерибиздин тизмесин жаза баштайбыз.

Эгерде биз өзүбүз барып жаткан жыйында кургакчылыкты сезип жаткан болсок, Кудайдан сурабай туруп эле: «Мен рухий жандандырган жана таасирлүү насааттар болгон жерге барам» дешибиз мүмкүн!».

Ошондой эле, биз социалдык же кызматтык сферада кургакчылыкты сезип жаткан болсок, анда экономикасы өсүп жаткан шаарга кетип калсак деп ойлойбуз. Биз: «Эгерде мен ушул жерде кала турган болсом, соолуп калам жана менин жашоом үчүн Кудайдын планы аткарылбайт» деп айтышыбыз да мүмкүн.

Көптөгөн америкалык машайакчылар ушинтип ойлошот. Алар бир социалдык желеден экинчи желеге, бир ишкердүүлүктөн экинчисине, бир жыйындан экинчисине, бир шаардан башка бир шаарга, өтүшүп, кургакчылык болбогон жерди издешет. Алар өзүлөрү турган кургакчылык болгон жерди сугарыш үчүн кудук казып жана аны Кудай пайдаланышына мүмкүнчүлүк берүүнүн ордуна, жеңилдик жана тынч жашоо издөө үчүн образдуу айтканда «Мисирге жөнөшөт». Алар ушул кургак сезондор мезгилинде Кудай аларга берген аяндарын аткарууну каалап жаткандыгын чынында эле түшүнүшпөйт. Билем, бул дайыма эле ошондой боло бербейт, кээде Кудай бизди жаңы жерге даярдап, ал жердин кургап калышына жол берип коёт. Мунун ачкычы негизинен Кудайдын Рухунун жетегинде болууда жатат! Эгерде Ал эч нерсе дебей жаткан болсо, ошол жерде кала бергиле да, күрөшкүлө!

Ыскак Кудайга баш ийген сыяктуу эле, четте калган учурлар да болгон, ачкачылык жана төмөндөгүдөйлөр болуп өткөн:

«Ыскак ошол жерге арпа сээп, ошол жылы жүз эселеп түшүм

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #10 Кубаныч үчүн жашыруун сыр

Чөлдө болгон кезиңерде, силердин кырдаалыңарга көңүл буруу өтө оңой. Мен силерге чөлдө болгон кезимде жашаганга жана гүлдөп өскөнгө жардам берген кичинекей бир сырды ачып берейин. Мен муну кубаныч үчүн жашыруун каражат деп атап койгом.

Мени жашоодо эч нерсе шыктандырбай, канчалык сыйынсам да, эч кандай натыйжа болбой калганда, оюм менен Ыйса кылган нерсеге барам. Мен Анын эч качан оту өчпөгөн жана жагымсыз жыты эч качан өтүп кетпеген тозоктон мени сактап калганын эстейм. Ал жактагы азап

алды, анткени Теңир ага ушинтип батасын берди. Ошентип, Ыскак бай адам болду. Анын байлыгы көбөйгөндөн көбөйүп, абдан бай болду. Анын майда жана бодо малы, айдоо жерлери көп болгондуктан, пелиштиликтер көз арта башташты. Атасы Ыбрайымдын көзү тирүүсүндө, атасынын кулдары казган кудуктардын баарын пелиштиликтер уратып, топуракка толтуруп салышты. ... Атасы Ыбрайымдын убагында казылып, ал өлгөндөн кийин пелиштиликтер топурак толтуруп салган кудуктарды Ыскак кайрадан казып, аларды атасы атаган аттар менен атады» (Башталыш 26:12–15, 18).

Ыскак өзүнүн эгиндерин сугаруу үчүн филистимдиктер толтуруп салган атасынын кудуктарын кайрадан казуу менен сууга жеткен. Ыскакта суу менен болгон окуядай эле, биз дагы Кудайдын үрөндөрү жана биздин жүрөгүбүздө жетилип өсүп чыгышы үчүн, жабылып калган кудуктарды ачышыбыз керек. Филистимдиктер алар ушул дүйнөдөн жана анын системасынан болушкан. Көбүнчө биз бул

эч качан өтүп кетпейт. Тозок мен үчүн эмес, шайтан үчүн жасалган. Бирок, шайтан адамзатты алдап койгон, эми аларды ошол жакка тартып жатат. Ошентсе да, Ыйса мен үчүн Өз өмүрүн берген – менин Жаратуучум Өз өмүрүн, мени сактап калуу үчүн берген.

Мен ушулар тууралуу ойлоп баштаганда, качан көзүмдү Ага бурганымда, качан жашоого ыраазычылык менен караганымда, качан түбөлүктүүлүктүн көзү менен караганымда, капысынан эле мен туш болгон кырдаал анчалык деле маанилүү болбой калат. Кубаныч үчүн менин Жашыруун каражатым – бул ушунун баарын эстөө, баарына ыраазы болуу жана өз көз карашымды Ыйсага буруу.

дүйнө менен абдан жакын болгонубузда, биздин кудуктарыбыз жабылып калгандыгын мойнубузга албайбыз. Биз жан дүйнөбүздүн сугарылышы үчүн, кудуктарыбыздын ачык болушу абдан зарыл.

Азыркы мезгилде Машайактын денесиндеги маданий баалуулуктарга карата мамиле көптөгөн кудуктарды жаап салгандай көрүнүштө. Агып турган суунун булагы боло турган жыйын, душманга өзүн алдоого жана кудуктарды топуракка толтуруп салууга жол берип койгондуктан улам кургак жерге окшоп жаткандыр.

Биз төмөнкү суроолорду беришибиз керек: «Кудай Өзүнүн жыйынын жаңы суу менен калыбына келтире алабы?» Албетте! Ышайа бул тууралуу эң сонун айткан:

«Ошондо Теңир ар дайым сенин жол башчың болот,
кургакчылыкта жаныңды тойгузат,
сөөктөрүңдү чыңдайт.

Ошондо сен сугарылган бактай,
суусу эч качан соолубаган булактай болосуң.
Кылымдар бою ээн жаткан чөлдөргө
сенин тукумдарың отурукташат,
сен көп муундардын негизин калыбына келтиресиң.
Сени урандыларды калыбына келтирүүчү,
жашоо үчүн жолдорду жаңыртуучу деп аташат»
(Ышайа 58:11-12).

Ыскак өз жолун издеген жок жана өзүнө жакшы боло турган шарттарды издеп, өз ырахатына умтулган жок. Эгерде биз дагы өз жолубузду издебесек, өз алдыбызча, өзүбүз каалагандай жашаганга умтулбасак, Теңирди урматтасак, анда биз тирүү суунун булагындай, суусу токтобогон, сугарылган бактай болобуз. Эгерде биз Кудай каалагандай кыла турган болсок, анда Ал кургап калгандарга, суусаган адамдарга биз аркылуу суу берет.

Кудай бизди бул дүйнө жаап салган кудуктардын баарын кайра казууга жетелейт. Кайра эле мунун баары туруктуулукту, бир нече саат, күн, апта, айлар, ал тургай, жыл убакытты талап кылат.

## Умтулууну жоготуу

Бул китепте чөл - бул ар кандай кырдаалдарды чагылдырган метафора экендигин тактап көрсөтүп бердим деп ишенем. Алардын жалпы белгиси болуп, биз кургакчылыкта болуп же бир нерселерден ажырап калганыбыз эсептелет. Бир жагынан алып караганда чөл деген кулоо же толугу менен көтөрмөлөөнүн жоктугу жана Кудай менен биздин мамилебизге, биздин эмне максат менен чакырылганыбызга умтулуу.

Мен жаштардын кайтаруучусу болуп кызмат кылып жүргөн кезимде, чөлдөгү экинчи бир тажрыйбам жөнүндө айтып берүүгө уруксат бергиле.

Флоридадагы бул жыйында алгачкы он ай ичинде укмуш болду – кызмат кеңейип жатты, жаштардын командасы өсүп жатты. Мен эргип, күчкө толуп, алдыга умтулуп гана турчумун. Бирок, андан кийин мен жөн гана күч алуудан калып калгандй болдум, менин бардык умтулууларым, аракеттерим чарчоого туш болгондой.

Мен мурдагыга салыштырмалуу да сыйынууда көп болуп жаттым, бирок эч кандай натыйжа болбогондой. Анын үстүнө жаштар үчүн менде болгон аян-ачылыштар акырындык менен алсырап баратты (эски шарап төгүлүп жатты). Мен канчалык көп сыйынган сайын, ал ошончолук өчүп баратты. Сыртынан баары ошондой эле бойдон калгандай, бирок, ичимден бир нерселер өзгөрүп жатты.

Мунун баарына кошумча болуп, биз сырттан келген сыноолордон да өтүп жаттык. Мындайды биз мурда такыр эле башыбыздан өткөргөн эмеспиз. Эң чоң сыноо, бул менин жетекчимдин менин жумуштан бошонушума жетишүү үчүн мага каршы даярдаган иши болду. Анын уулу биздин жаштардын жыйынында болчу, анан бир күнү жаштардын чогулушунан кийин кечинде, ал менин аялыма басып келип, минтип айтат:

- Лиза айым, эгерде Джон менин ата-энем... үйдө эмне кылып атканын насааттап айтып жатса, мен кантип жашай алам (алар эмне кылып жатканын айтуунун кереги жок; мен болгону ал нерсе жакшы эмес экенин гана айта алам)?

Ал талып эле калыптыр, бирок акылдуу жооп бериптир:

- Кудайдын Сөзүнө ишенимдүү бойдон кала бер жана сенин ата-энең менен иштегенге Кудайга жол бер.

Ошол күндөн баштап жетекчи менин кадырымды жоготуп жана менден кутулууну каалайт. Ал байкалбаган бирок, чечкиндүү чабуулдарды баштайт. Мени менен башкы кайтаруучубуздун ортосуна жарака түшүрүү анын колунан келди. Он алты ай бою мен өз кайтаруучум менен бир да жолу жолуккан жокмун.

Ал адамдын бир нече айга созулган аракеттеринен кийин башкы

кайтаруучубуз мени жумуштан бошотуу боюнча чечим чыгарды. Ал жекшемби күнкү эрте мененки чогулушта, жаштардын кызматында маанилүү бир өзгөрүү болот деп жарыялайт. Эки кайтаруучу мага дүйшөмбүдө мен жумуштан бошорумду айтты.

Ошентсе да, Кудай керемет кылып, биздин башкы кайтаруучубуз башкача ойлонуп калат. Кудай ушул жекшембидеги эрте мененки чогулуштагы жарыялоо менен жана дүйшөмбүдөгү белгиленген жолугушуубуздун ортосунда ага сүйлөптүр. Качан биз жолугушканыбызда, ал мындай деди:

-Джон, сени бизге Кудай жиберген, Ал айтмайынча, сен кетишиң керек демейинче, сен кетпейсиң.

Алты айдан кийин менин жетекчимдин кылгандары ачылды, анан ал жыйында өзүнүн аткарган кызматынан токтоосуз түрдө бошотулду. Ал кылган нерселер, биздин көпчүлүгүбүз кылган нерселерден бир топ олуттуу эле.

Бул сезондун ичинде мен бир гана бул чабуулга дуушар болбой, дагы да мурда болуп көрбөгөндөй көптөгөн чабуулдарга дуушар болдум. Кайра эле мен бардык күнөө өзүмдө го балким, деп ар бир эстеген ар бир күнөөмдү ачыкка чыгарып айтып аттым, бирок, мен чабуулдар менен кургакчылыктан жеңилдик алып аттым.

Дагы бир жолу мен кайрадан кандай күнөө кетирдим деп түшүнгүм келип жатканда, Теңир мага минтип айтты: «Сен бул чөлдө күнөө кылганың үчүн жүргөн жоксуң. Мен сени боло турган өзгөрүүгө даярдап жатам». Бул мен 5-бөлүмдө жазган «жаңы шарап» эле.

Ушул чөлдө дээрлик бир жыл өткөндөн кийин Теңир мага тамактан орозо кармоону буюрду. Бир нече күн орозо кармагандан кийин, менин оозумдан ал сыртка айтылгандан кийин гана өзүм уккан мындай сыйынуу чыкты. Жүрөгүмдөн чыккан бул кыйкырык менин акылымды аралап кетти. Мен жүрөгүмдөн жалбарып: «Теңир, мен эч ким жок чөлдө жүрөмүнбү же миллиондорго насаат айтып жатамынбы, мааниге ээ эмес. Мен ошол жердин

кайсынысында болсом да, ошону эле кылам. Мен Сенин жүрөгүңө умтулам!»

Капысынан менин ичимде коңгуроо кагылгандай болду. Анан мен ичимде Ал бирдемедир кылганын түшүндүм! «Кудай, Сен менин ичимде ушуну кылдыңбы?» - дедим мен. – «Сен мени ушундай абалга алып келдиң, мен үчүн кызмат же кандайдыр бир нерсе маанилүү эмес, менин биринчи сүйүүм жана мурасым – Сенсиң. Ошондуктан, өзгөрүлүү келгенде мен аны буркан кылып албайм. Мен Сени калтырбайм жана Сенин ордуңа кызматты сүйө албайм. Менин жүрөгүм туура абалда кала берет».

Анан капысынан эле Кудай Дөөт жөнүндө эмне дегенин эстедим:

> «Кудай аны четке кагып, аларга Дөөттү падыша кылып койду. Ал жөнүндө Кудай Өзү мындай деп айткан: “Мен Өзүмдүн жүрөгүмө жаккан адамды таптым, ал – Жышай уулу Дөөт. Ал Менин бүт каалоомду аткарат» (Элчилердин иштери 13:22).

Мага бул маанилүү далилди дагы бир жолу келтирүүгө уруксаат эткиле – Шабыл эч качан чөлгө келген эмес. Ал башында аны падыша деп шайлашканда пайгамбардан жашырынып жүргөндө жоош болчу. Анан бир нече ийгиликтерден кийин анын ыпластыктары сыртка чыга баштады. Ал айыгышкан чоң салгылашууда жеңип чыкты, бирок, ал муну өзү каалагандай кылды, Кудайдын көрсөтмөлөрүнө баш ийген жок. Мунун баары жетишпей аткансып, ал андан кийин өзүнүн эстелигин тургузду. Бул анын сыртка чыга баштаган ыплас иштеринин башы гана болчу. Акыр-аягында ыплас иштеринин жана жетишпестиктеринин натыйжасында ал өзүнүн өмүрүн да жоготуп койду.

Адамдын ичиндегисин көргөзгөн эки абал бар. Алардын бирөө биз жогоруда айтып кеткендей, тазалаган от. Экинчиси – бул ийгилик. Ийгилик дагы силердин ичиңердеги бардык ыпластыкты сыртка алып чыгат, бирок, силер аларга карата сокур бойдон кала

бересиңер. Көптөгөн кызматчылар тазалаган от аларды тазалоосуна жол берген эмес. Ошого карабастан, Шабылга окшогондор акыры кызмат кылууга чакырылган да. Бирок, тилекке аршы алар тиешелүү даярдыктан өтө алышкан эмес. Анан ийгилик алардын ичиндеги ыпластыкты алып чыкканда, ошол нерсе булар чакырылып алган максатты талкалап салган.

Шабыл өзүнүн кызматын ушунчалык сүйгөн, аны сактап калуу үчүн өлтүргөн. Ал эми Дөөт болсо, такка умтулган эмес; ал Кудайдын жүрөгүнө умтулган. Чөлдө Дөөт кубанычтын чыныгы булагын тапкан, ал булак башка бирөө эмес, Кудай Өзү болгон. Дөөттө эки жолу Шабылды өлтүрүп, такты тартып алууга мүмкүнчүлүк болгон. Жанындагы адамдар да аны ушундай кылууга шыктандырып турушкан. Эгерде Дөөттө да ошондой ниет болгондо, ал ага Шемуел пайгамбар аркылуу Кудай убада кылган нерсени алуу үчүн Шабылды өлтүрмөк.

Бүгүнкү күндө Кудай убадалаган нерсеге жетүү үчүн ачуу сөз айтып, ушак таратып жүргөн адамдар бар; тагдырдын тамашасы аларды кандай кылаарын ойлоп көргүлө! Алар Шабылга окшош; алар өз мурастарын сактоо же аларга жетүү үчүн, баарына даяр. Кудай даражаны, таасирди, акчаны же даңкты эмес, Анын жүрөгүн издеген «Дөөттөрдү» издейт. Эски чаначтардын калыбына келиши – бул биздин ичибизде Кудайдын мүнөзүнүн калыптанышы. Ошол Кудайдын мүнөзү гана Рухтун жаңы шарабынын күчүн (Анын болушун жана майлоосун) камтый алат. Биз Аны издеп жатканыбызда жана Аны ээрчүүнү каалап жатканыбызда бул мүнөз өөрчүйт.

«Бул үчүн канча убакыт талап кылынат?» деп сурасаңар болот.

Менин жообум төмөндөгүдөй: «Силерди убакыт тынчсыздандырбаш керек; болгону суу чыкмайынча, каза бергиле». Бир эле сыйынуудан кийин жооп келе койбойт. Силер кийинки сыйынууда ошол жерден эле сыйынууну уланта берсеңер болот, мындан кийин да бир топ сыйынуулар керек болоттур.

Мен Далласта жашап жана башкы кайтаруучуга жардам берип жүргөндө, дээрлик күн сайын эрте менен жакын бир досум – кайтаруучунун жардамчысы жана жыйындагы кызматчылардын штатынын жетекчиси менен бирге сыйынчумун. Биз эрте мененки 07:00дө сыйынуу бөлмөсүнө келип сыйынчубуз жана Кудайдын биз менен болгонун жана бизге кантип таасир этип жатканын сезчүбүз. Бирок, көп жолу жумуш убактысы келип, саат 08:30 болуп калганда биз офиске бараткандa эч кандай эч нерсе сезбей, эч кандай чаңкоо баскан суу таппай, көңүлүбүз чөккөн учурлар да болгон. Кудуктар али ачылбаган!

Эртеси эрте менен келип, кайсы жерден токтосок, ошол жерден кайра сыйынып баштачубуз. Кээде бул эч кандай сергиленткен ууга жетпеген учурларыбыз эки күнгө, кээде үч, кээде бүтүндөй бир жумага созулчу! Ошентсе да, качан ойгонуу келгенде биз күч жана сергүү алчубуз.

Бүткүл Америка боюнча саякаттап жүрүп, мен кудуктары жабылып калган жана ошол абалга жараша абдан ылайыкташып алган көптөгөн машайакчыларды көрөм. Мен сезген тынчсыздандырган нерсе, бул абалда азчылыктын эмес, көпчүлүктүн болушу. Эгерде бул адамдар асмандан берилген жөндөмдүүлүгүн көтөрүшүп, анын алар аркылуу таасир этишине жол беришкенде, эмне болмок? Анда адамдар, үй-бүлөлөр, бүт Америка өзгөрүлмөк беле?!

Кудайдын жөндөмдүүлүктөрү көпчүлүгүн жашоосунда кыймылга келген эмес. Кудуктар көмүлүп турган болсо деле, Рух күтүп жатат.

Казганды уланта бергиле! Силер чөлдө таза суу таап аласыңар!

11

# ТЕҢИРГЕ ЖОЛ ДАЯРДАГЫЛА

*«Кыйынчылыкты ар дайым күтпөйт жана каалабайт. Кыйынчылык ар дайым жаман жана ууру. Бирок, Кудайдын колунда ал Анын кереметтүү кучунүн жардамы менен каражатка айланат».*

**- Чарльз Стенли**

*«Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Уулу Атасы кылганды кылат».*

**- Жакан 5:19**

Чөл – бул Теңирдин жолу даярдалып жаткан жер жана ар бир чуңкур түздөлгөн жер. Ышайа муну эсте каларлык кылып белгилүү үзүндүдө сүрөттөп берет:

Чөлдө кыйкырган үн угулат:

«Теңирге жол даярдагыла,
талаага биздин Кудайга түз жол жасагыла.
Ойдуңдун баары толтурулсун,
тоолор менен дөңдөрдүн баары текшиленсин,
ийри-буйру жерлер түздөлсүн,
өңгүл-дөңгүл жолдор тегизделсин.
Ошондо Теңирдин даңкы келет,
ар бир адам Кудайдын куткаруусун көрөт,
анткени муну Теңир Өз оозу менен айтты».

Үн мындай дейт: «Кабарла!»
Мен: «Эмнени кабарлайын?» – деп сурадым.
Ар бир адам – чөп, анын сулуулугу талаа гүлдөрү сыяктуу.
Чөп куурайт, гүл соолуйт,
Теңирдин деми элди үйлөгөндө, ал да чөпкө окшоп соолуйт.
Чөп куурайт, гүл соолуйт,
ал эми биздин Кудайыбыздын сөзү түбөлүк турат”
(Ышайа 40:3-8).

Бул үзүндү азыр чөлдөгү сезонду башынан өткөрүп эмне деп атат?

Машайактын денесинде биз баарыбыз Теңир бизге салып койгон милдеттенмелерге ээбиз. Бирок, аларды аткаруудан мурда биздин денебиз кадала тураган сыноодон жана чөлдөгү машыгуудан өтүшүбүз керек. Чөлдө биз ошондой эле Анын үнүн укмайынча унчукпай Теңирди күткөндү жана Анын эркин аткаруу үчүн Ага тил алчаак болгонду үйрөнөбүз.

Чөлдөгү жол жөнөгөн жериңен, бара турган жериңе чейин ар дайым эле түптүз эле жолдон турбастыгын көрүүңөр үчүн өз башыман өткөргөн нерселер тууралуу айтып бергим келип турат. Ал жол ошондой эле, башка жакка бурулуш жолдордон жана пландаштырылбаган аялдамалардан турат.

1979-жылы мен «Пердью» университетинин студенти болуп жүргөн маалымда жатаканада жогорудан төрөлгөн болчумун. Төрт ай өткөндөн кийин мен Ыйык Рухка толуп, Кудай мени Ага кызмат кылууга ойготту. Ишенесиңерби, кызмат таптакыр эле менин планымда жок болчу; мен муну менен чогуу эч нерсеге ээ болгум келген эмес. Мен жаш чагыман бери билген бир да кызматчы мен окшошкум келген адамдардан эмес болчу. Менин мамилем бир жактуу болгонун билем, бирок алар «башка дүйнөнүн» адамдарындай болчу, балдары да кызыктай жана жашаган жерлери да жүдөгөн үйлөр. Албетте, кийинчерээк менин ойлорум өзгөрдү – чынында абдан тың кызматчылар бар экен, балдары да эң жакшы, эң сонун үйлөрдө жашашат! Жаш ишенүүчү кезимде мен кызматчы болуу бул – жетер-жетпес жашоодо же Африкада жашоо, жепирейген тамдарда, жок дегенде бир бут кийими да жок болуп жашоо деп ойлочумун.

Мен калкынын саны 3000 гана болгон кичинекей шаарда өскөм. Мен билген кызматчылар болгону католиктик ыйыктоочу (бул мен үчүн вариант болгон эмес, анткени аларга үйлөнгөнгө уруксат эмес болчу) жана кичинекей жыйындын кайтаруучусу болгон. Анын менин

курагымдагы башкача бир эки баласы бар болчу, анан мен алардын үйүнө барганымда кандайдыр бир жагымсыз жыт жыттанаар эле! Ошондуктан да, силер билип тургандырсыңар, менин кызматка кызыкпаган себебимди. Мен ыйыктоочу болгум келген эмес, бир кызыктай балдарым болуп, жыттанган үйүм болушун каалаган эмесмин. Мен ошондой эле Африкага миссионер болуп барып жана өз өмүрүмдү жепирейген үйлөрдө өткөргүм келген эмес.

Ал мезгилде мен «Пердью» университетиндеги машина куруу окуумду бүтүп, «Гарварддагы» админстрацияланышкан ишкер Магистрдин деңгээлин алууну пландаштыргам. Мындан ары мен америкалык корпорациянын бирөөсүнө жумушка орношуп, кызматтан көтөрүлүп, көп каражат таап, өз жыйынымды өз курмандыктарым менен колдоп тургум келген. Менин планым ушундай болгон, Кудай мага кызматка байланыштуу бир нерсе шыбырабаса экен деп каччумун (бул планда эч кандай жаман жагы деле жок болчу, бирок бул Кудайдын планы болгон эмес).

Төрт айдан кийин, бир жекшемби күнү эрте менен жыйында болгонумда кайтаруучунун насаатын угуп жатып, Ыйык Рух мага олуттуураак кайрылды: «Мен сени насаат айтканга чакыргам! Сен эмне кылганы жатасың?»

Бул жолу мен так уктум жана минтип жооп бердим: «Теңир, ал тургай Африкада бут кийимим жок, чөптөн жасалган кепелерде калсам да, мен Сага тил алчаак болом!» (Кудай биздин көңүлүбүздү кантип бурганды билет. Өткөн айлар ичинде мен анын В течение предыдущих месяцев я уже вычислял издержки во время Его меньших позывов). Эми, өзүм макул болгон нерселерди толугу менен моюнга алып, баасына карабаста, Ага жакканга аракеттендим!

Теңир мени даярдай баштады. Менин ичимде от жалындап жатты; мен жатаканадагы студенттерге Ыйса тууралуу айтып берип жаттым, көпчүлүгү куткарылышты. Бир жарым жылдан кийин мен жатаканабызда Библияны окуп үйрөнө баштадым, ал жерге бардык университеттеги кампустун студенттери чогулушчу. Бостондукка

чыгып, айыгуу мнен ар бир жумада жаңы адамдар өз өмүрлөрүн Машайакка арнай башташты.

Мен өз баалуулуктарымды толугу менен өзгөрттүм! Эми насаат айтууга менин каалоом ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал тургай машина куруучулук окуумду таштап, Библиялык окуу жайга тапшыргам клип жаттты. Мени: эгерде насаат айтууга жаралган болсом, эмне үчүн математика менен физиканы окуп жүрөм, адамдар кансалап тозокко кетип жатышат деп ойлодум. Ыйса жакында кайтып келет, мен ошондуктан мумкун болушунча эртерээк эгин талаасына барышым керек деп ойлодум.

Бир жолу кечинде да мен эми жек көрүп калган үй тапшырмасын кылып отуруп, көзүмдү китептен алып, Библияга бурдум, ал текчеде турган. Мен кекиртектен ток болчумун! Мен китепти дубалга карай ыргытып жибердим. Мен мындан ары күтө албайм, университетти таштайм дагы, Библиялык мектепке тапшырам деп ойлодум.

Мага үйрөтүп жүргөн адамга чалдым. Ал «Пердью» университетинде илим изилдөөчү жана менин эң жакын досум болчу. Мен тайманбастан эле мындай дедим:

- Дон, мен Библиялык мектепке тапшыруу үчүн окууну таштайм!

Ал акылдуу кеңеш берди:

-Эмне үчүн биз кечинде сейилдегенге чыгып, бул тууралуу сый-ынсак болбойт?

Биз ошенттик, Кудай мага минтип айтты: «Сен Мен белгилеген убакта кызмат кыласың… Машина куруу жагындагы окууңду аякта».

Кийинчерээк мен оюмда Тенир кантип кичинекей гана шаарчада өскөн баланы буткул дүйнөнун элине жөнөтөр экен деп ойлогонумда, Ал минтип айтты: «Сен чакырылган максаттагы кызматы ким ойлоп, ким бекитти, сенби же Менби?»

«Сен», - дедим мен.

«Бул кызматтын жаралышы үчүн сага караганда да Мен көбүрөөк ойлоноорумду билесиңби?» Анын сөзү менин көңүлүмдү бурду.

Ошентип, тынчтандым да, машина куруучу факультетти бүттүм. Окуумду аяктагандан кийин мен «Роквэлл Интернейшнл» компаниясы тарабынан АКШнын аскер деңиз флотунун долбоору үчүн инженер – технолог катары ишке алындым. Ушул кызматка тургандан кийин мен эң сонун жыйынды таптым. Бир жылдан кийин биз Лиза экөөбүз үйлөндүк.

Мен бул жыйынга үйлөнө элек кезимде эле келдим, анан кайсы жерде кызмат кылуу керек болсо, баарына бара бердим. Бул биз үйлөнгөндөн кийин да уланып жатты. Мен тартип кызматчысы, түрмөдөгүлөргө кызмат кылып, кайтаруучунун балдарын тенниске үйрөтүп жана башка көптөгөн кызматтарга жардам бердим. Жыйында ошондой эле Библиялык мектеп бар болчу, мен кечки класстарга катышып жаттым.

Эки жылдан кийин жыйын мени кайтаруучунун жана анын үй-бүлөсүнүн жардамчысы кылып жумушка алды. Мен кайтаруучуга жана башка лидерлерге да бир гана жылга кала алам, анткени мен насаат айтуу үчүн чакыртылгам деп айттым. Менин милдетиме адардын машинасын жууп-тазалоо, бензинге толтуруу, кайтаруучунун бут кийимин тазалоо, ар кандай тапшырмаларын аткаруу, алардын эки кичинекей баласына суударда сүзгөндү үйрөтүү, биздин жыйынга келген кызматчыларды тосуп алуу, ж.б. көптөгөн нерселер кирчү. Бирок, мен ал жакта бир жыл эмес, төрт жарым жылга чейин калдым.

Мен Кудайдын чакырыгына «ооба» дегенимден бери жети жыл өттү. Университетте студенттердин куткарылып, айыгып жана бошонуп атышканын көрүп, мен толук кызматтан мени кээ бир күндөр гана бөлөт деп ойлогом. Мени Кудай алып бара жаткан жол тууралуу түшүнүгүм да болгон эмес.

Мен жыйында кызмат кылып жүргөн кезимде толук кызматка кирүүгө үч жолу аракеттенип, ийгиликсиз болгон. Мен Азиядан Далласка кайткан кезимде (мен үчүн Кудай белгилеп койгон жер ушул бекен деп түшүнгүм келген үчүнчү аракеттен кийин) Жакандан

Жакшы Кабардагы барактын беттеринен секирип чыккандай эле болгон бул аятка дуушар болдум: «Кудай жиберген бир адам болгон, анын ысымы Жакан эле» (Жакан 1:6). «Сен Джон Бивер тарабынан жиберилген адам болгуң келеби же Мен жиберген болгуң келеби?»

«Мен Сен жиберген болгум келет».

Теңир минтип жооп берди: «Жакшы, анткени сен Джон Бивер тарабынан жиберилсең, Джон Бивердин бийлигинде болосуң, Мен тараптан жиберилсең, Менин бийлигимдин астында болосуң!».

Ошондон кийин мен Кудай мени койгон жерде тынчтанып калдым. Ошентсе да, бир нече убакыттан кийин тынчсыздануу кайра келди. Менин чөлдөгү окуум али бүтө элек болчу; мен дале даярдануу процессинде болчумун.

Ошол жети жыл аралыгында Кудай мени кызматта кандайдыр бир ваканция ачылмайынча текчеге коюп койдубу? Жок, миң жолу жок деп айтам. Мен бул чөлгөн такыбаа мүнөзүмдү өстүрүү үчүн алып келингем… Анын жолу даярдалсын үчүн. Мен чакырылган кызматымда түшүмдүү болушум үчүн, мүнөзүм жетилиши керек болчу. Аягында мен ар бир жаңы руханий деңгээл үчүн даярдык талап кылынат экен.

## Өз күчүңөр менен кызмат кылуу жөнүндө унуткула

Биздин ниеттерибиз канчалык жакшы болгонуна карабастан, Кудай катышмайынча биз түбөлүктүүлүк үчүн эч нерсе кыла албайбыз, ал тургай Ыйсанын ысымынан болсо дагы! Тенир Өзү минтип айткан: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Уулу Атасы кылганды кылат (Жакан 5:19). Кандай гана бекитүү! Ыйса – майланган Кудайдын Уулу, эгерде жараткан

Атасын көрбөсө, Өзү Өзүнөн Өзү жарата албайт. Ал чынында эле, Өзүнөн Өзү эч нерсе кыла албайт болчу. Мен айтып аткан нерселерден бир нече мисалды айтып берем.

Ыйса Вифанда жашаган Лазарды жана анын эки карындашы Марфа менен Марияны сүйгөн. Мына эмне болду, Лазар катуу ооруп калат:

> «Теңир, жакшы көргөн адамың ооруп жатат», – деп, эжесиңди Ыйсага айттырып жиберишти. Ыйса муну укканда: «Ал бул оорудан өлбөйт, бул – Кудайдын даңкталышы үчүн жол берилген оору. Бул аркылуу Кудай Уулу даңкталат», – деди. Ыйса Мартаны, анын сиңдисин жана Лазарды жакшы көрчү. Ал Лазардын ооруп жатканын укса да, жүргөн жеринде дагы эки күн болду” (Жакан 11:3-6).

Ыйса Мессия болсо да Анын өтө жакын достору бар болчу. Ал Лазарды сүйгөн жана анын үй-бүлөсү менен жан дилинен бирге убакыт өткөргөн. Ошентсе да, Ыйса досунун ооруп жатканын уккандан кийин эки күн эч нерсе кылган эмес. Эмне үчүн Ал Вифанияга дароо эле жөнөгөн жок. Кептин баары Ал мындай көрсөтмөнү Кудайдан албагандыгында. Ыйса Кудайдын Руху Ага көрсөтмө бербегендигинде. Ошондой көрсөтмө болор замат Ал ошол жакка жөнөдү.

Бир жолу Теңир мага муну ачып берди, эгерде Лазарь менин досторумдун бирөөсү боло турган болсо, анда токтоосуз машинага отуруп алып, анын үйүн көздөй жөнөмөкмүн да, Рухтун жетекчилигин да күтпөстөн, ага колумду коюп сыйына баштамакмын. Тилекке каршы, көпчүлүгү ушинтип ойлошот. Биз Кудай дайыма биз менен болгондон кийин, мындай учурларда Анын жетекчилигин суроонун кереги деле жок деп ойлойбуз. Бирок, биз Кудайдын Рухуна сезимтал болушубуз керек. Эгерде биз токтоп туруп, Андан көрсөтмө алсак же Анын жүрөгүндө эмне бар экенин билсек, Ал бизге эмне кылаарды айтат.

Балким, биз Рухтун жетекчилигин күтпөй туруп эле ооруган адамдарга кол коё турган болсок, ошол көз ирмемде эле Кудай айыктырып коюуга милдеттүү деп ойлойбуз. Эгерде ушундай боло турган болсо, анда бардык оорукaналарга барып туруп, аларды бошотуп салбайбызбы?

Кээ бир жерлерде Библия Ыйса «алардын баарын айыктырды» (Матай 15:30) деп билдирет, бирок дайыма эле андай боло берген эмес. Мисалы, эмне үчүн Ыйса Бетезда көлмөсүнө чайынган бардык оорулуларды-сокурларды, аксактарды, шал болгон адамдарды айыктырган жок, бир гана гана отуз сегиз жыл шал оорусунан жапа чеккен адамды айыктырды? Балким, Ага Ыйык Рух аларды айыктырууну буюрбагандыр?

Дагы бир мисал катары, төрөлгөндө эле аксак болуп төрөлгөн, көтөрүп келип ыйбадаткананын алдына отургузуп коюшкан адамды алып көрөлү. Албетте Ыйса ар дайым ыйбадатканага келгенде анын жанынан өтчү. Эмне үчүн Ыйса аны айыктырган эмес? Анткени, Анын Атасы Ага бул жөнүндө көрсөтмө берген эмес.

Ыйса асманга көтөрүлүп кеткенден кийин, Петр менен Жакан ыйбадатканага барып, Рухтун жетекчилиги менен бул адамды айыктырат, ошондон кийин ойгонуу жанданат (Элч. иштери 3).

Ыйсанын кызматында белгилүү бир формула болгон эмес; кээ бирлерин Ал түкүрүп эле айыктырып койгон, кээ бирөөлөрүнө кол койгон, башкаларына жөн гана сөз айтып койгон. Бир адамга Ал ылай жасап, туруп, ошону менен көзүн майлап койгон. Кээ бирөөлөрүн Ал ыйыктоочуга жөнөтүп койгон. Бул таң каларлык ар түрдүүлүк Ыйса Атадан көргөндөрүн гана кылгандыгы менен түшүндүрүлөт! Кудай ар бир адамды айыктыраар жолун, ага ылайыктуу убакытты билген.

Бул Кудай Өз кызматчыларынын баарына каалаган нерсе… биз дагы ойлогонубузду же каалаганыбызды кылбай, Ыйса эмне кылса ошону гана, Анын жетекчилигине жараша кылышыбыз керек. Ыйса Жакандан Жакшы Кабар 20:21де:

«…Атам Мени жиберген сыяктуу, Мен да силерди жиберем»

деп жазылган. Ыйса Өз Атасынын жетекчилиги болмоюнча, эч нерсе кылган эмес. Ошол сыяктуу эле, биз дагы Ыйса кылганды гана кылышыбыз керек. Биз Ал сыяктуу жашашыбыз керек - Кудайдын Рухуна жетектелишибиз керек жана Ал бизди жетектегендей гана жасашыбыз керек. Ал үчүн биздин денебиз Ыйык Рухка, - Машайактын Рухуна баш ийиши керек. Анан Рухтун жашашы жана жетектеши үчүн машыгуучу эң чоң аянт чөл болуп эсептелет. Бул чакырыкка толгон жер, Теңирге жол даярдалып жаткан жер болуп эсептелет.

Кырк жыл чөлдө даярдангандан кийин Мусага Кудай минтип айтты:

> «Ошондуктан баргын, Мен сени фараонго жиберем. Мисирден Менин элимди, Ысрайыл уулдарын, алып чык». Муса Кудайга: «Фараонго барып, Мисирден Ысрайыл уулдарын алып чыккыдай, мен киммин?» – деди. Ошондо Кудай ага: «Мен сени менен болом...» , – деди” (Чыгуу 3:10-12).

Эми өзүлөрүн өзүлөру жиберген адамдар жөнүндө Кудай эмне дегенин карап көргүлө:

> «Мен бул пайгамбарларды жиберген эмесмин, алар өздөрү жүгүрүп кетишти. Мен аларга сүйлөгөн эмесмин, алар өздөрү пайгамбарчылык кылышты. Мына, Мен жалган түш көргөн пайгамбарларга каршымын, – дейт Теңир. Мен аларды жибербесем да, аларга буйрук бербесем да, өздөрүнүн түштөрүн айтып берип, Менин элимди өздөрүнүн куру кыялы менен, азгырыгы менен тескери жолго салып жатышат, – дейт Теңир. Алар бул элге эч кандай пайда алып келишпейт», – дейт Теңир» (Жеремия 23:21, 32).

Кандай катуу! Биздин эч кимибиз Теңирден ушундай кат албасак экен.

Кырк жаш курагында Муса биринчи жолу ысрайылдыктарды куткаргысы келгенде, аларга жардам берип же пайда келтире алган эмес, анткени Кудай али аны жибере элек болчу. Мисирде алган эң жакшы билими, лидерлик сапаттары жана акылы болсо дагы, Кудайдын колдоосу болмоюнча, Кудай аны эмнеге чакырганын билмейинче, Муса аларды бошото алган эмес. Анын бекер корогон аракети болгону бир мисирлик адамдын өлүмүнө алып келди. Ниети жакшы болгондугуна карабай, анын өз мессиясын аткарууга аракеттенген алгачкы аракеттери пайдага караганда зыянды көбүрөөк алып келген. Дагы кырк жыл өткөндөн кийин чөлдө жаңы Муса пайда болду. Ал Кудайдын буйругусуз эч нерсе кылгысы келбейт эле. Ошентип, Кудай белгилеген убакытта Мусанын жетекчилиги менен, бүт мисир аскерлери Кызыл деңиздин түбүндө калышты. Мына биздин күчүбүз менен Кудайдын күчүнүн ортосундагы айырма – бүткүл армия бир жоокерге тең болуп калды.

Жакан Чөмүлдүрүүчү алты айлык кызматка отуз жыл бою даярданган. Бирок, Ыйса Жаканды аялдан туулгандардын ичинен эң улуу деп атаган.

Так ошондой! Өз күчү менен жигерденип алтымыш жыл иштеген адамга караганда, Кудай Ал аркылуу жиберилген адам менен алты айдын эле ичинде көп нерсени кыла алат.

Ыйса минтип айтуу менен эмне дегиси келген: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн: Ата кылган нерсени көрмөйүнчө, Уул өзүнөн өзү эч нерсе кыла албайт: Ал кылган нерселерди, Уул дагы кыла алат».

Келгиле, кайрадан Ышайанын сөздөрүн окуп чыгалы:

Ээн талаада жар салган адамдын үнү:

«Теңирге жол даярдагыла,
талаага биздин Кудайга түз жол жасагыла.
Ойдуңдун баары толтурулсун,
тоолор менен дөңдөрдүн баары текшиленсин,

ийри-буйру жерлер түздөлсүн,
өңгүл-дөңгүл жолдор тегизделсин.
Ошондо Теңирдин даңкы келет,
ар бир адам Кудайдын куткаруусун көрөт,
анткени муну Теңир Өз оозу менен айтты».

Үн мындай дейт: «Кабарла!»
Ар бир адам – чөп,
анын сулуулугу талаа гүлдөрү сыяктуу.
Чөп куурайт, гүл соолуйт,
Теңирдин деми элди үйлөгөндө,
ал да чөпкө окшоп соолуйт.
Чөп куурайт, гүл соолуйт,
ал эми биздин Кудайыбыздын сөзү түбөлүк турат”
(Ышайа 40:3-8).

Кудай, чөл – бул Теңирге жол даярдала турган жер деп айтат. Теңирдин жолу адамдын күчүндө эмес. Ал текебердик төмөндөшү керек, жооштор (ким Теңирди күтүп жаткан болсо) – жогорулаш керек, кыйшыктар (алдагандар, акыйкатсыздык жана чынчыл эмес жактар) түздөлүш керек, түз эмес жерлер (сүйбөгөндөр, оройлор, кескин-курчтар) тегиз-сыйда болуп калышы керек.

Университетте студент болуп жүргөндө, Ыйсага жаңы кайрылганымда, мен бата алып, «ийгиликке» жеткем. Башкаларга кызмат кылып атканым менен, менин жашоомдо чөгө турган тоолор, ошондой эле түз эмес ойдуңдар, түздөлө турган, сыйда боло турган жерлер бар болчу. Кээ бир кемчилдиктерди түздөш үчүн мага чөлдө убакыт өткөрүү керектигин Кудай билген.

Биздин жашообуздагы ар бир чөл сезонунда Кудайга Ал каалагандай аракеттенишине мүмкүнчүлүк берилиш керек. Бир жолу Далласта кайтаруучума кызмат кылып жүргөн кезимде Теңир мага: «Джон, эртең келе турган насаатчыны күтүп атып, бүгүн Мен сага кыла турган нерсени өткөрүп жибербе» деди. Чынын айтканда,

ошол мезгилдеги менин убактым бекер эле өтуп аткандай сезилгендиктен, мен ушунчалык насаат айткым келчү.

Силер ушул тузакка түшүп калбагыла! Кудай убакытты бекер *өткөзбөстүгүн түшүнгүлө!* Ал дал Ошол, Ал Ошол убакытка кун төлөөчү! Бүгүн кайсы жерде экениңерди жакшылап түшүнгүлө, ал силердин бараткан жагыңардын ажырагыс бөлүгү. Бул силердин машыгуучу аренаңар. Бул убададан кыймылга, б.а убадалангандын аткарылышына өтүү болуп саналат. Ага баарын жасоого жана бириктирип чогултууга мүмкүнчүлүк бергиле… жөн гана Аны менен баргыла! Ал Кудай - Жетекчи жана Жаратуучу. Биз тараптан

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #11 Чемоданыңарды жыйнап тургула

Мен силерге андай кылгыла деп кеңеш бербесем да, жолдогу мезгилиңер узарып же түбөлүктүүдөй сезилип жатканда, силер чемоданыңарды ачып, ал жакка жайгашып алсаңар болот. Мага ишенип койгула, Кудай жылууга убакыт жетти деп чечкенде, Ал муну өтө тездик менен кылат. Жусуп жөнүндө ойлогула: ал өмүрүнүн аягына чейин жертөлөдө-зынданда калышы керек болчу, бирок капысынан эскертпей туруп эле бир гана күндүн ичинде Кудай берген кыялга карата жылууну баштады!

Бир жолку менин чөлүмдө мага дагы кырк жыл бою ошол жакта кала берчүдөй болуп сезилди. Бирок, Теңир мага капысынан эле ал кездеги кызматымды калтырып, саякаттаган насаатчы болоорумду айтты. Бул өзгөрүү бир саатта эле боло койгон жок, бирок, ал келгенде башкача болуп келди. Анан мен өзүмдүн чакырылгандагы максаттарымдын кийинкисине өтүүгө даяр элем. Менин чемоданым даяр турган.

кылына турган нерсе, бул Ал бүгүн бизге көрсөтүп жаткан нерсеге ишенишибиз керек, баш ийишибиз керек!

Ар дайым Ал мени насаатчынын кызматына бекитерин түшүнгөнүмдө, Ал сүйүү менен гана: «Джон, сен бул болбой турган дагы бир жолду таптың!» дечү. Бул чындык болчу; Ал мага бул кызматты таптакыр эле күтпөгөн жерден берип койду. Кудай бизди чындап толуктуктагы жашоого ээ болушубуз үчүн, шүгүр кылганга үйрөтөт (өзүнө канааттанып калууга эмес).

## Кудай кандай кааласа, ошондой кылгыла

Качан Кудай Өз бийлигин жана күчүн адамга бергенде, ал курчалган күч менен бийлик канчалык күчтүүрөөк болгон сайын, Теңирдин Рухуна кулак салбай койгондук үчүн сот да ошончолук күчтүү-чоң болот. Муса кырк жашка толуп, өз билгениндей кылганда Кудай аны соттогон эмес, анткени, Кудайдын бийлиги жана күчү анын үстүндө эмес болчу. Анткен менен, кийинчерээк баары өзгөрүлүп кетти. Чөлдө элдер Мусага каршы чыгышып, аларды алып келген жер үчүн наалышты. Алар чаңкап, сууну каалап турушкан. Анан Кудай Мусага эмне кылуу керектигин айтты:

> «Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Таякты колуңа алып, бүт жамаатты чогултуп, бир тууганың Арун менен алардын көз алдында аскага айт, ошондо ал өзүнөн суу чыгарып берет. Ошентип, сен аскадан суу чыгарып, жамаатка да, анын малдарына да суу ичиресиң» (Сандар 20:7-8).

Кудай Мусага аскага суу бер деп айт деп буйрук берди. Бирок, Муса эмне кылганын окуп көргүлө:

> «Анан Муса колун көтөрүп, таягы менен асканы эки чапты эле, шаркырап суу агып чыкты. Ошондо жамаат да, алардын малы

> да суу ичти. Ошондо Теңир Муса менен Арунга мындай деди: «Мага ишенбей, Ысрайыл уулдарынын көз алдында Менин ыйыктыгымды көрсөтпөгөндүгүңөр үчүн, Мен берип жаткан жерге бул элди силер алып кирбейсиңер» (Сандар 20:11-12).

Ушунун баарын карап турган миллиондогон адамдарга Кудай суу берген. Таң калыштуу! Аскадан чыккан суу – мындай кудуреттүү керемет жөнүндө жыйырма биринчи кылымда ким угуп көрүптүр? Муса аскадан кантип суу чыгаруу жөнүндөгү Кудайдын буйругун укпаса дагы, бул улуу керемет ишке ашты. Суу адамдардын муктаждыгына болгон жооп болчу. Кудай Мусаны жазалоо үчүн адамдарга сууну бербей койбоду. Бирок, анын тил албастыгы өз изин калтырды: Кудай Мусага убадаланган жерге кирүүгө уруксат берген жок.

Бул Кудайдын белгилегендери ким ал жөндөмдүүлүккө ээ болсо, ошолордун жогору көтөрүлүшү үчүн эмес, адамдардын муктаждыгын канааттандыруу үчүн экендиги тууралуу эң сонун мисал! Балким, Муса элдерден көңүлү калгандыр, анан да ал ушундай кежир элди ээрчитип жүрүүгө мажбур болгондугу үчүн Кудайга да бир аз нараазы болгондур. Муса мурда Син чөлүндө ушундай кылгандай (Чыгуу 17:1-7) кылып, асканы чапты. Же болбосо, Муса өзүнүн лидерлигине анчалык олуттуу эмес мамиле кылды; балким, Кудай ал туура деп эсептегендердин баарын туура кабыл алат деп ойлой баштагандыр. Ал кайрадан эле өзүнүкү боюнча жасады, бирок, бул жолу анын издери көрүнөөрлүк түрдө эле көбүрөөк болду. Муса Кудайдын кудуретинде жана күчүндө жүрдү; анын бардык күчү Кудайдан болгон көз карандылыгынан чыгып жаткан. Эми Кудайдан көз каранды болбой кылган аракеттери үчүн Муса айыптоого кабылды.

Так ошондуктан, Жакып 3:1де минтип жазылган: «Бир туугандарым, бизге, окутуучуларга сурак катуураак болорун билесиңер, ошондуктан, баарыңар эле окутуучу боло бербегиле».

Жоопкерчилик менен даңк канчалык көп болгон сайын, айыптоо да ошончолук көп.

Чөл бизди айыптоого жана тил албастыкка ыктап кетпей, Теңирдин даңкы менен бийликте жүрүүгө даярдап жатат. Кургак чөлдө текебердик төмөндөп, момундук көтөрүлөт. Чыныгы момун адам Ыйса кандай жүрсө, ошондой жүрөт жана минтип ойлойт: «Эгерде ал нерсени Теңирдин Руху кылып жатканын көрбөсөм, мен эч нерсе кылбайм. Мен өзүмдүн жөндөмдүүлүктөрүм, өз күчүм менен эч нерсе эмесмин».

Балким, Кудай өз даңкынын жана күчүнүн көрүнүшүн азыркы көптөгөн жыйындардан убактылуу жашырып жатканынын себеби, бизди чоң соттон сактап жатканыдыр. Ал так ошол чөлдө денелик табиятты рухтан бөлөт, бизди Аны угуп, ага кайрылууга чакырат. Анткени, качан даңк келгенде биз Анын атын даңктап, Ал каалагандай гана иш кылышыбыз үчүн ошентет.

Рухтун үнүн уккула. Ал силер үчүн даярдаган ишти кантип аягына чыгарышыңарды каалагандыгын көрсөтүп берсин. Теңир айтканын жана жасаганын көрүп, уккула:

> «Мен өз күзөт ордумда турдум, мунара үстүндө туруп, Теңир мага эмне деп айтарын билиш үчүн, менин даттануума эмне деп жооп берерин билиш үчүн, күтүп турдум. Ошондо Теңир мага мындай деп жооп берди: «Көрүнүштү жаз, окуй турган адам оңой окуй алыш үчүн, аны таш лоокторго даана жазып кой. Анткени, көрүнүш белгилүү бир мезгилге таандык, ал акыркы күн жөнүндө айтат, алдабайт. Анын аткарылуу убактысы создуктурулуп жатса да күт, анткени, ал сөзсүз ишке ашат, аткарылбай койбойт. Текебер адам тынч ала албайт, ал эми адил адам өз ишеними менен тирүү болот» (Хабакук 2:1-4).

Пайгамбар минтип айткан: «Ал менде эмне бар дээр экен деп, байкап жаттым». Кудайдын Руху айта турган бир ыкма, бул аян.

Ыйса Атасы эмне кылганын көрсө, Ал дагы ошолорду гана кылгандыгын айткан. Хабакук дагы, Ал эмнени укса, ошону жазат, эмнени көрсө, белгиленген убакта ошону менен чуркайт. Ал бой көтөргөн адамдын (текебер) жаны тынчтанбастыгын айтып сөзүн улады (бул Теңирден Сөз күтпөй эле, бирок, Кудай айткан нерсеге аян албай эле чуркай берген киши жөнүндө жазылган). Бирок, адилеттүү адам бирөөнүн эмес, өз ишеними менен тирүү болот!

Качан биз Кудайдын айтканыны угуп, андан кийин ошого баш ийгенибизде ишеним келет. Мына, Кудай ысрайылдыктарды эмнеге чөлгө алып келген, аларга: «адам бир гана нан менен жашабайт, бирок Теңирдин оозунан чыгып жаткан ар бир сөз менен жашайт» экендигин айтуу үчүн (Мыйзам Кайталоо 8:3). Анын «чыгып жаткан» деген сөзүнө көңүл бургула, анда өткөн чак тууралуу эмес, учур чак тууралуу айтылып жатат.

Кудайдын Сөзү бизге мындай дейт:

«Силерге сүйлөгөн Кудайдан баш тартуудан (учур чак) сак болгула. Эгерде тигилер жер үстүндө сүйлөгөн Мусага кулак салбай жазаланышкан болсо, андан бетер биз, эгерде асмандан сүйлөгөн Кудайга кулак салбасак, жазадан качып кутула албайбыз» (Эврейлерге 12:25). Бирок, анын айткандары ар дайым Ыйык Жазуу менен дал келерин эч качан унутпагыла.

Анткен менен, эгерде силер өз оюңарды бекемдөө үчүн, Библиядан үзүндү издей турган болсоңор, ал туура эмес. Ыйса Өзүнө минтип айтса болмок: «Мен ооруларды айыктырууга майлагам; ошондуктан, мен барам да, мурда кылгандай эле Лазарга колумду коём». Бирок, ал минтип айтуунун ордуна Кудайдын Рухунун кыймылын күттү, ошондон кийин гана жөнөдү.

Чөл деген бул Бизди Кудай үйрөтүүгө алып келген жер. Бул жерде Ал бизди Анын жетектөөсү болмоюнча, Ал үчүн эч нерсе кылуунун кереги жок, баары бекер экендигине үйрөтөт. Качан биз чынында эле, дене түбөлүк үчүн эч нерсе кыла албастыгын түшүнгөндөн кийин, Ал бизге ишенип берген пландарды ишке ашырууга

аракеттенебиз. Чөл – бул убадаланган нерсенин аткарылуу процессине даярдануучу жер. Келгиле эми, Ыйсанын мисалына карайлы биз өзүбүз каалагандай эмес, Кудай каалагандай кылып жана Рухтун жетегинде бололу.

12

# ЧӨЛДӨГҮ ЖЕҢИШ

*«Бардык кайгы-капалар биз сыяктуу эле чектелүү. Өлбөс адамдар үчүн өлбөс кайгы-капа да жок. Алар келет жана Кудай жалгап, алар кайрадан кетет. Асмандагы чымчыктар, биздин башыбыздан учуп өтүшөт, бирок алар биздин жан дүйнөбүзгө кире албайт. Биз бүгүн азап тартабыз, ал эми эртең кубанабыз».*

**- Чарльз Сперджен**

*«Кудайдан аян болмоюнча, эл ооздукталбайт, ал эми Кудайдын мыйзамын сактаган адам бактылуу».*

**- Накыл 29:18**



Чөл – бул биз белгилеп койгон жер эмес, биз боло турган жер. Эгерде силер туура кыла турган болсоңор, анда жеңишке жетишип жана чөлдөн чыгасыңар!

Бир жолку менин чөлүмдө аракеттеримдин баары какшып калды. Мен жаштардын кайтаруучусу элем, анан бул чөл убактысы абдан эле узарып кетти. Мен анан бул кырдаал качандыр бир күнү бүтөр бекен деп ойлоп да кеттим. Бирок, бир жолу жетекчим менен жагымсыздыктар баштала электе, Кудайдын Руху мага жашоомдо өзгөрүүлөр болорун айткан болчу. Так ошол маалда мага Кудай менин «шаардын чыгыш жээгиндеги жыйындардан Американын батыш жээгине чейин, канадалык чек арадан мексикалык чек арага чейин, Аляска жана Гавайиге чейин…» жиберилеримди айткан.

Бирок, мен айтып өткөндөй, бул нерсе бир күндөн кийин же кийинки аптада да болгон жок! Анан башка эч кандай кошумча бекемдөөлөр болбостон эле, дагы алты ай өттү. Андан кийин менин улуу кайтаруучум, Теңир ага биздин кайтаруучулардын бирөөсү (биздин жыйындагы штатта он бир кайтаруучу бар эле) жакында толугу менен саякаттаган насаатчы болот да, мындан ары биздин жыйындын штатында кызмат кылбайт деп айтты.

- Джон Бивер, ошол адам – сенсиң, - деп айтты ал.

Дагы чөлдө адашып жүргөн убакыт (эгерде тактап айта турган болсом, дагы алты ай өттү) өттү. Анан капысынан эле үч жуманын ичинде жети жерге насаат айтуу үчүн чакыруу келди. Бир жыйын

канадалык чек арадан бир саат алыстыкта болчу, башка жыйын чыгыш жээкте, Флоридада, үчүнчүсү – Тынч океанынан бир сааттык жолдо, анан төртүнчүсү мексикалык чек арада болчу! Мен кайтаруучумдун офисине кирип, бул чакырууларды эмне кылайын деп сурадым, ал жылмайып туруп:

- Джон, мен сага айтпадым беле, Теңир мага муну көрсөткөн. Болжолу, сенин бул жердеги убактың бүткөн окшойт.

Көп өтпөй (1990-жылы январда) арналуу кызматында кайтаруучу мага жана Лизага колун коюп сыйынды жана ошол мезгилден баштап биз толугу менен саякаттап жүрөбүз! Мен даяр болдум дегендей сезип, өзүбүзчө кызмат кыла баштаганыбызга караганда, Кудайдын убактысын күткөнүбүздө жашообузда бир топ көбүрөөк (мен бир топ көбүрөөк деген сөздү жогору баалай алам) түшүмдү көргөнүбүздү мен ишеним менен айта алам.

Силерге да чын жүрөгүмдөн ошондой натыйжаларды каалайм. Мына, Кудайды абдан сүйгөн, алтымыш жашка чыгып калган, чынчыл, ачык адам силер менен мүмкүн болушунча ачык бөлүштүм! Менин каалоом силер дагы өз чакырылган максатыңарда ийгиликтүү болгула. Ошондуктан, маанилүү ойлорду силер менен бөлүшүүгө уруксат бергиле.

## Туура максат жана дайындоо

Биздин көңүлүбүз Кудайдын максатына бурулушу керек, ага карай каршылык көрсөткөн, ага жетүүдөн бизди кармаган нерселерге эмес. Эгерде биз туура тапшырык ала турган болсок, туура аянга ээ болушубуз керек. Аралыкты басып өтүп, анан акырында туура эмес аяктай турган жерге барып калсак, эң жаман! Куралды туура эмес жакка багыттап мээлеп алып, анан аны зыянга учуратып койгон жаман!

Фарисейлер абдан кызганчаак жана тырышчаак болушкан, бирок, алардын максаты өзүмчүл болгон. Аларда туура аян болгон

эмес; ошондуктан, алар максатка жеткен эмес.

Кудайдын биз үчүн, Анын эли үчүн максаты жана дайындоосу кандай? Ал Эфестиктерге 1:11, биз «Өзүнүн эрки менен бардыгын ишке Ашыруучунун белгилөөсү боюнча … дайындалган» болушубуз тууралуу айтат.

Көптөгөн адамдар «дайындалган» же «дайындоо» деген сөздү укканда, такталбагандыкты сезишет. Бул идеяны түшүнүү үчүн, келгиле, бул сөздү уңгу жана алдында турган сөздөр боюнча карап көрөлү. Алдында же башында турган сөздү карайлы. Дайындоо деген уңгу бул «аягына чыкчу жер» же «акыркы чек» дегенди билдирет. Аларды бириктирүү менен биз «башталганга чейин акыркы чекти бекитүү» деген сөздү алабыз. Эфестиктерге 1:11ге ылайык, Кудай адамзатка карата болгон Өзүнүн максаттарын Ал бизди жаратканга чейин эле алдын ала аныктап койгон.

Римдиктерге 8:28-29 да жазылган:

> «Анын үстүнө, Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болорун билебиз. Анткени Кудай мурунтадан билген адамдарын Өзүнүн Уулуна окшош кылууну алдын ала белгилеп койгон. Анткени Ал бир туугандарынын туну болушу керек».

Дүйнө башталганга чейин эле биздин максатыбыз – бул Кудайды сүйүү жана Ыйса Машайактын бейнесине окшошуу. Биздин жашообуздагы жана кызматыбыздагы кылынган бардык нерсе ушул максатка арналышы керек! Силерди жаратып аткандагы Кудайдын биринчи максаты силердин ийгиликтүү кызматка кошуулуңар эмес, Кудайдын Падышачылыгына миллиондогон долларларды курмандыкка чалууңар эмес, белгилүү сүрөтчү же ар кандай башка карьералардан өтүүңөр эмес. Анын максаты ал тургай ооруларды айыктыруу, гуманитардык жардам таратуу, сексуалдык жактан эзүү үчүн сатылган адамдарды куткарып калуу, көз карандылыктагы

адамдарды бошотуу жана жоголуп бара жаткан адамдарды Ыйсага алып келүү эмес. Канчалык жакшы, такыбаа болсо да, кээ бирлери ушул иштерди кылса да, акыркы чекти кесип өтө алышпаган. Себеби, алар өз жолдорун ийгиликсиз аякташкан, алар кызматка көңүл бурушкан, бирок кызматтын чыныгы максатына көңүл бурушкан эмес.

Азыр болсо бул суроолорго жооп берүү зарыл: «Кудай биздин Ыйса Машайактын бейнесине окшоштугубузду алдын ала аныктагандыгынын максаты эмнеде?» Жооп өтө эле жөнөкөй – анткени, Ал бизди сүйүп жана биз менен баарлашууну каалаган, анткни «Кудай муну Машайак Ыйса аркылуу бизге көрсөткөн жакшылыгын жана Өз ырайымынын ченемсиз молдугун келечек кылымдарда көрсөтүш үчүн жасады» (Эфестиктерге 2:7).

Лиза экөөбүздүн Лекси деген кличкасы бар итибиз бар эле. Ал абдан сонун, шыйпаңдаган шамдагай күчүк. Анын үстүнө, биздин аны менен баарлашуубуз чектелүү. Кээде мен аны менен сүйлөшкөн деңгээлде баарлаша албаганым үчүн кубанам. Бирок, биздин балдарыбыз менен бардыгы башкача. Алар канчалык чоңойгон сайын, алар менен баарлашуудан ошончолук ырахаттанабыз. Алар биздин жашообузга ушунчалык көп нерсени алып келишти. Бизди Кудай так ошол үчүн да жараткан. Ал мен Лекси менен чыдагандай ылдыйкы деңгээлдеги баарлашууну каалабайт. Ал уулдары менен кыздарынын Аны менен Анын жүрөгүнүн деңгээлинде баарлашууну каалайт.

Бул башынан баштап эле Анын максаты болчу. Теңир кишини жаратканда аны Эдем багына жайгаштырып, Өзүнүн ага карата сүйүүсүнүн айынан Адам менен менен сейилдечү. Адамдын тукумунун бирөөсү Кудайдын оюн билип, ага жармашып алган: «Энох Кудай алдында түз жүрдү. Анан жок болуп кетти, анткени аны Кудай алып кетти” (Башталыш 5:24). Эврейлерге кат жазган автор минтип жазат, “ал (Энох) Кудайга ишенгендердин күбөлүгү” (Эврейлерге 11:5). Эмне үчүн Энох Кудайга жагып калган? Анткени,

анын кызматы өзгөчө болгондуктанбы? Жок, бирок ал Кудай менен жүрүп жана Аны менен жакын мамиледе болгон.

Кудай мурда эмнени кылган болсо, азыр да кылып жатат жана келечекте да кыла берет, анын баары ушул себептен жасалат. Ошентип, чөлдүн максаты – бизге Ыйса Машайакка кантип окшошууну көрсөтүү болгон.

Эгерде биз Кудайдын бизге карата ой-максатын өткөрүп жибере турган болсок, анда ооздукталбай калабыз да, рухий кулоого учурайбыз. Жыйын катары эгерде биз Кудайдын максатын көз алдыбыздан жоготсок, биз кургап калабыз, биз уюмга айланып, ушул дүйнөнүн жетегинде калабыз. Машайактын бейнесине окшогон шакиртчиликтин ордуна - келген адамдардын көптүгү же имараттын чоңдугуна карап - биз натыйжаны белгилейбиз (Матай 28:10).

Келгиле, Накыл сөздөр 28:19ду кайрадан окуп чыгалы: «Жерин иштеткен адам нанга тоёт, бекерпоздорду туураган адам жокчулукка тоёт».

Бул аятта Кудай качан биздин аяныбыз болгондо, ал биздин Анын бейнесине окшобогон төмөнкү деңгээлдеги максаттар менен канааттанып калышыбызга жол бербестиги тууралуу айтып жатат. Биз Анын бейнесине ылайык келмейинче жана Анын жүзүнө карап, Анын даңкын көрмөйүнчө, канааттанып калууга аяндар бизге жол бербейт. Аяндар бизге Анын жеткилең эркинен ылдый болгон бардык нерсени кабыл алууга жол бербейт. Ал бизге бул дүйнөгө окшоп, дененин каалоосу боюнча кош көңүл болшубузга жол бербейт.

Аян тууралуу сүйлөп атып, Ыйса минтип айткан: «Дененин чырагы - көз. Эгерде көзүң таза болсо, анда бүт денең жарык болот. Эгерде көзүң жаман болсо, анда бүт денең караңгы болот. Эгерде сендеги жарык караңгы болсо, анда ал кандай коркунучтуу караңгылык!» (Матай 6:22-23). Ал биздин физикалык көзүбүз тууралуу айтып жаткан жок, жүрөгүбүздүн көздөрү жана кабыл алуубуз тууралуу айтып жатат.

Силер өз жүрөгүңөрдө чындыкты кандай кабыл алсаңар, ошондой болуп каласыңар, «анткени анын жүрөгүндөгү ойлору кандай болсо, өзү да ошондой...» (Накыл 23:7).

Өзүңөр дуушар болгон кырдаалды кантип көрсөңөр, ал силердин андан кантип өтөөрүңөрдү аныктайт. Убаданлаган жерди карап келүүгө он эки чалгынчы барышкан, алар да бекемделген шаарды, ошол чоң-дөөдөй кишилерди, ошол эле ханаан элинин аскерлерин көрүшкөн. Ошентсе да, алардын экөө – Нундун уулу Жашыя жана Халев, бул нерсени калган онуна караганда таптакыр башкача көрүштү. Бул экөө кырдаалды Кудай көргөндөй кабыл алышты, ал эми калгандары болсо, убадаланган жерди өзүлөрүнүн тажрыйбасына жана өз жөндөмдүүлүктөрүнө жараша кабыл алышкан. Алардын көздөрү жаман болгондуктан, алардын жүрүм-туруму (же Ыйса айткандай, «бүт дене») да жаман болгон. Алардын сөзү менен кылган иштери Кудайдын эркине туура келген эмес, анан алардын кабары да «жаман» же «ачуу» болгон:

> «Аларга мындай деп айтып кой: “Мен тирүүмүн, – дейт Теңир,
> – Мага кандай айтсаңар, так ошондой кылам. Өлүгүңөр
> ушул чөлдө калат, Мага наалыганыңар үчүн эсепке кирген
> жыйырма жана андан жогорку жаштагыларыңардын баары
> өлүп, ушул чөлдө каласыңар. Жепундун уулу Калеп менен
> Нундун уулу Жашыядан башкаңар Мен колумду көтөрүп,
> алып барам деп ант берген жерге кирбейсиңер»
> (Сандар 14:28-30).

Он чалгынчыны мындай кабар алып келүүгө мажбурлаган нерсе алардын Кудай убада кылган нерсени эч качан көрө алышпагандыгы эмеспи? Мунун себеби алардын кабыл алуулары болчу; алардын аяндары пайгамбарчылык эмес болчу, табийгый болчу. Алар болгону эмне көрүшкөн болсо, ошону айтышкан.

Чөлдөн жеңүүчү болуп чыгуу үчүн, биз баарын Кудай кандай көрсө, ошондой көрүшүбүз керек. Кудай чалгынчыларды

убадаланган жерге жибергенден бери бир жылдан ашык убакыт өттү. Алардын кабыл алуусу терс болгондуктан, алар оздуксуз болчу. Ошондуктан, Кудай аларга бал жана сүт аккан жерди көрүүгө мүмкүнчүлүк берген кезде, алар көргөн нерселеринен бардык жакшы нерсени четке кагышкан. Мунун ордуна, алар тигил өлкөдөгү дөөлөргө көңүл бурушкан.

> Жалаң гана чөлдү көргөн адамдар (жана ага байланышкан кыйынчылыктар дагы), өзүнүн чөлүндө өлүшөт. Ал эми, убада Бергенден жана аларга Анын берген көрсөтмөсүнөн көз албагандар болсо, чөлдөн жаркыраган жоокер болуп, алардын алдында турган убадаланган Жерди жеңип алууга жана ал жерде Кудайдын даңкы үчүн жашаганга даяр турушат. «Ошондуктан биз көңүлүбүздү чөгөрбөйбүз... анча оор эмес кыйынчылыктарыбыз түбөлүктүү даңкты эбегейсиз көп жаратат. Анткени биз көрүнгөн нерсеге эмес, көрүнбөгөн нерсеге назар салабыз. Көрүнгөн нерсе убактылуу, көрүнбөгөн нерсе болсо түбөлүктүү» (2 Корунттуктарга 4:16-18).

Чөлдө өткөргөн убакыт жана биз ал жакта өткөргөн кыска мөөнөттүү азаптар, биз ээ боло турган нерсеге караганда абдан жеңил жана кыска болуп саналат. Албетте, эгерде чөлдөн өткөндөн кийин силерди эмне күтүп тургандыгы жөнүндө аян-ачылыштарыңар жок болсо, чөлдө жүргөн кездеги силердин толгонууңарды оңой деп айтууга болбойт.

Мурда мен кургакчылыктын кайнаган жеринде жүргөнүмдө, албетте алар кыска мөөнөттүүдөй болуп көрүнгөн эмес. Кээде мен минтип ойлочумун: «Бул качандыр бир мезгилде бүтөр бекен? Кудай убада берген нерсе аткарылар бекен?» Мындай учурларда мен мындай ойлорду эртерээк таштап жана өзүмдү Теңирде сергектентчүмүн. Мен мага айтылган пайгамбарчылыктарды эстедим жана ошолордун жардамы менен кыйынчылыктарга каршы күрөшө баштадым (1 Тим. 1:18). Бул пайгамбарчылыктар мага Ыйык

Руху менен Өзүнүн Сөзү аркылуу ачылып берилгендиктен, бул пайгамбарчылыктар менин жашоомо Кудайдан болгон аян катары болчу.

Чөлдө салгылаша турган талаа – бул силердин жан дүйнөңөр. Силердин жан дүйнөңөр аң-сезимден, эмоциядан жана эрктен турат. Эрк деген – бул жан дүйнөнүн Кудайдын жолун же дененин жолун тандайсыңарбы, б. а. чындыкты Кудай көргөндөй көрөсүңөрбү же өзүңөрдүн чөлдөгү кыйынчылыгыңарга көңүл бурасыңарбы, ошону чече турган бөлүгү. Петр минтип жазат: «Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана келгинсиңер, ошондуктан силерден өтүнөрүм, жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла» (1 Петр 2:11).

Бардыгы силердин көңүлүңөрдүн борборунда Теңирби же силерби, ошого байланыштуу болот. Силердин акылыңарда жана сезимиңерде күрөшүп жаткан денелик каалоо, өзүмчүлдүк кызыкчылыкка багытталган. Алар силерди Кудайдан берилген аяндан алаксытат, анткени Кудайдын жолу – өзүмчүлдүк эмес, өзүнөн баш тартуу.

Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар айтып жаткан кабар, эч кандай камкордуксуз жашоо. Бүгүнкү күндө айтылып жүргөн кабарлар биздин денебизди кадаганга шыктандырбайт; алар андан көрө өз денесин аяп жана чындыгында биздин түпкү максатыбыз менен – Ыйса Машайакка окшошуу каалоосу менен салгылашат. Бул кабардагы негизги ойдун көбү: «Ал менден эмне алгысы келет?» деген суроо эмес, «Кудай мага эмне кылып бере алат?» дегенден турат. Бул кабар айтуу, биз Машайактын артынан бара жатып, куугунтуктарга да туш болобуз дегенди белгилебейт. Ушундай кабарларга байланыштуу көпчүлүгү камырабаган, өзүнө ыраазы болгон жашоого көнүп да алышты. Ал ишенгендерди Кудайдын жоокерлери катары куралдандыра албады.

Элчи Пабыл бул теманы өзүнүн Тиметейге жазган катында козгоп кетет:

> «Ыйса Машайактын жакшы жоокериндей болуп кыйынчылыктарга чыда. Эч бир жоокер өзүнүн аскер башчысына жагуу үчүн, тиричилик иштерине байланбайт» (2 Тиметей 2:3-4).

Ушундай «камырабаган кабардын» айынан, кыйынчылыктар жана каршылыктар менен кездешкенде, биз кыйынчылыктарды аларды жеңип өтүү менен каршы албай, баш тартуучу жолду издейбиз. «Камырабаган кабар менен жаралган аян – бул асмандык же пайгамбарчылык кабар эмес – бул өзүмчүлдүк аян.

Пабыл ошондой эле, минтип жазат:

> «Ошон үчүн, Агрипа падыша, мен асмандан болгон ошол көрүнүшкө каршы чыккан жокмун. Тескерисинче, адегенде Дамасктын жана Иерусалимдин тургундарына, андан кийин бүтүндөй Жүйүт аймагына жана бутпарастарга: “Тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла, тобо кылганыңарга ылайык иштерди кылгыла”, – деп насааттап жүрдүм. Ошон үчүн жүйүттөр мени ийбадатканадан кармап алып, өлтүрүүгө аракет кылышты» (Элчилердин иштери 26:19-21).

Бул дүйнөдө көптөгөн аяндар бар, бирок, бир гана «асмандагы аян» бар жана ал Атанын эрки. Пабыл айткан нерсеге көңүл бургула: «Мен бул тууралуу насаат айтканымда, бир нече жүйүттөр мени ыйбадатканада туткундап алышты жана өлтүрүүгө аракеттеништи». Ал асмандагы аянга умтулду жана чоң каршылыктарга дуушар болду. Эгерде ал бүгүнкү күндө көпчүлүгү ишенип жүргөн жана айтып жүргөн камырабаган кабарга ишенгенде, анда ал эч качан өз аяндарын ишке ашыра алмак эмес. Ал тургай, ал Агриппа падышага да жете алмак эмес, анткени ал бир аз мурдараак дуушар болгон каршылыктардан улам, баш тартып кетүүгө карай жолго түшүп калмак.

Жеремия – бу асман аянын ээрчиген, өзүнүн тил алчаактыгынын

## Чөлдөн кантип өтүү керек

### #12 Дыкаттык менен белгилегиле

Мен азыр ушул саптарды жазып жаткан учурумда элүү тогуз жаш курактамын. Баары кандай болду эле? Артыма карап кылчайып көрүп, мен алдыга жылбай эле артка кеттим дегендей сезген чөлдөгү мезгилим, жашоомдогу ушунчалык улуу өсүү учуру болгон экен. Мына, биздин эски досубуз Аюб эмнеге минтип айткан: «Мен алдыга баратам – Ал жок... Бирок, Ал менин жолдорумду билет; мейли сынай берсин мени – алтындай болуп чыгамын» (Аюб 23:10).

Ишенимдүүлүк менен айта ала турган нерсе, китептеримдеги материалдардын 90 пайызын (мен жыйырма китеп жазгам) молчулуктун учурунда эмес, кургакчылык учурунда, чөлдө жүргөндө билип калгам. Ошондуктан, менин силерге кеңешим, чөлдө жүргөнүңөрдө керектүү неселерди дыкаттык менен белгилеп койгула. Силер ошол сезондо билип калган нерселериңер көптөгөн адамдарга күч берет (жылдар өтүп, силерге дагы). Анан ким билет... балким, силер өз толгонууларыңар тууралуу китеп жазган кездер да келер!

*Досум, мен дароо азыр эле пайгамбарчылык кылгым келет! Мен айтканы жаткан нерсеге, өзгөчө көңүл бургула. Кудай белгилеген учурда жашооңордо Ал көптөгөн адамдарга таасир эте тургандай кандайдыр бир маанилүү нерсени ишке ашырат. Эгерде силер Ага силердин чөл сезонуңарда Өз ниетин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бере турган болсоңор, ал болуп өтөт. Ал кылган нерсе көптөгөн адамдарга таасир этип жана силер өзүңөр да өзүңөрдүн тил алчаак болгонуңар үчүн түбөлүккө кубанычта болосуңар. Досум, сен ишенимдүү, күчтүү болуп жана сыналган алтындай болуп чыгасың.*

натыйжасында сөз жана ой-пикирлердин куугунтуктарын башынан өткөргөн Библиядагы дагы бир адам. Бир жолу ал ушунун баарынан тажап, анан кичине наалый баштаган. Ал: «…Эмне үчүн мыйзамсыздардын жолу ийгиликтүү? Эмне үчүн ишенимсиз адамдардын баары жыргап жашашат?» (Жеремия 12:1).

Кудай ага боор оору менен жооп берген эмес. Ал минтип айткан: «Сен жөө жүргөндөр менен чуркаганда, алар сени чарчаткан болсо, анан кантип сен аттар менен жарышка чыгасың?» (Жеремия 12:5). Б. а. «Жеремия, эгерде сен жөө жүргөндөр менен чуркагандан чарчасаң, анда алардын атчан аскерлери келгенде эмне кыласың?»

## Согуш салгылашуулардан турат

Биз эсте сактап кала турган нерсе: улуу салгылашуу болмоюнча, улуу жеңиштер да болбойт. Жеремиянын абалы дагы да оорлошот. Сөз жүзүндөгү кордоонун үстүнө кошулуп, аны түрмөгө камашат, кийинчерээк аны өлө турган зынданга таштап салышат. Ага карабастан, Кудай аны бардык кыйынчылыктан жана куугунтуктардан бошотту.

Бүгүнкү күндө Машайактын Денесиндеги куугунтуктар Пабылдын учурундагыдай физикалык эмес, акыл-эске карата куугунтуктар. Эгерде каршылыктардын түрү өзгөрө турган болсо, кандай кылуу керек? Келечектеги чоң салгылаштарда жеңилип калбаш үчүн, азыркы баштан кечирип жаткан кыйынчылыктар бизди бекемдеши керек.

Чөл деген – бул келечектеги салгылашуу үчүн машыгуучу аянт жана аскердик окуу лагери. Биз согушка даярдоо үчүн, жоокерлерди окуу лагерлерине жөнөткөн сыяктуу эле, Кудай Өз жоокерлерин алар Анын падышачылыгын курууда эмнеге чакырылган болсо, ошого даярдоо үчүн чөлгө жиберет. Жоокерлер окуу лагеринде жеңип чыгууга тийиш болгон эң бир чоң тоскоолдуктар, бул коркунуч, алсыздык жана кайгыруулар. Биз чөлдө кире турган эң

бир улуу салгылашуу, бул жан дүйнө жаатында болот.

Биз чөлдө дуушар болгон эбегейсиз чоң тоскоолдуктардын бири – бул кайгыруу (муңаюу). Бир жолу мен сыйынып жаткан учурда Теңир менден кайраттуулуктун карама-каршысы эмне деп сурады.

Мен: «Албетте, коркунуч» деп жооп бердим.

Ал: “Кайгыруу” деп шыбырады. Мен эч качан “кайраттуулук” деген сөздү минтип карап көрбөптүрмүн. Мен Жашыяга сегиз жолу кайраттуу бол, бекем жана эр жүрөк бол (Сандар 13:20; Мыйзамды кайталоо 31:6, 7,23; Нундун уулу Жашыя 1:6,7,9,18) деп айтылганы кайгырба деген сөз турбайбы деп, дароо эле түшүндүм. Качан биз Кудайга жана биздин миссиябызга эмес, өзүбүзгө гана көңүл бура турган болсок, анда салгылашуу учурунда да кайгыруу келет.

Душмандын максаты, силерди өзүнө көңүл бурдуруу; ал чөлдө так ушуну кылууга аракеттенет. Ыйса ачка болду, анткени ал кырк күн бою тамак жебеген, ошондо шайтан келип мындай деген: “Эгерде Сен Кудайдын Уулу болсоң, анда мына бул таштарга нанга айланууну буйру!” (Матай 4:1-11). Азгырык бул жерде, Кудайдын күчүн Кудайдын планын ишке ашыруу үчүн колдонбостон, Анын денесинин каалоосун канааттандыруу үчүн колдонгусу келгенинде. Биз билип ала турган нерсе, качан Кудай бизге жөндөмдүүлүк бергенде, аны менен кошо жоопкерчилик да берет: биз аны туура эмес пайдаланбашыбыз керек, бирок, аны Кудай каалагандай башкарышыбыз керек. Кудай Ыйсанын муктаждыгын канааттандыргысы келген, бирок, Анын каалоосуна карата. Качан шайтан кеткенден кийин periштелер келип, Ыйсага кызмат кылышты.

Келгиле, Ыйса Өзүнүн кызматы жөнүндө эмне дегенин дагы бир жолу окуп көрөлү:

> «Ошондо Ыйса аларга мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз

алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Уулу Атасы кылганды кылат» (Жакан 5:19).

«Көрбөсө» деген сөзгө көңүл бургула. Ыйса Кудайдын эркисиз эч нерсе кылган эмес.

Кургакчылык мезгилиндеги азгырыктардын бири, Кудайдын жолдорун күтпөстөн, баарын өз билгениндей кылуу болуп саналат. Бул Кудайдын күчүн Кудай белгилеп койгон убакыттан эртерээк алууга аракеттенүү дегендик. Элестетип көрсөңөр, согушта офицердин буйругусуз аракеттенген жоокер кандай болмок?

Бул ал үчүн да, аны менен чогуу салгылашып жаткан адамдар үчүн да олуттуу чыгаша алып келиши мүмкүн. Окуу лагеринде жана өзүнүн даярдануу учурунда жоокер өз өмүрүн жана жолдошторунун өмүрүн тобокелге салбашы үчүн, буйруктарды аткарууга үйрөнүшү керек.

Бизге асман ачып берген нерселерди унутпашыбыз керек. Кээде «Мен азыр жооп беришим керек!» же «Мен азыр кадам таштащым керек, эмесе баары талкаланат!» деп ойлогон кырдаалдар болот. Эгерде силерге Кудай эч нерсе деп жооп бербесе, бул Ал силер менен сүйлөшпөй жатат дегенге жатпайт! Кудай биздин жашообуздагы көптөгөн мамилелерге олуттуу түрдө карап турат. Мындай учурда Ал төмөнкүлөрдү «маалымдайт: «Сага азыр эч нерсе кылуунун кереги жок». Мындай жагдайларда биз өз күчүбүз менен кырдаалды өзгөртүүгө аракеттенбестен, Теңирди күтүшүбүз керек:

«Теңирден үмүттөн, кайраттуу бол, жүрөгүң бекем болсун,
Теңирден үмүттөн» (Забур 26:14).

Эгерде биз Ага эмес, муктаждыктарыбызга көңүл бура турган болсок, анда жүрөгүбүзгө оордук жана кайгыруу келет. Биз өзүбүздүн «жеңил азаптарыбызга» гана көңүл буруугa жана

алаксып кетишибизге жол бербешибиз керек. Анын ордуна биз кыйынчылык кездерибизде бизде пайда болуп жаткан ченелбеген түбөлүк даңктан көзүбүздү албашыбыз керек (2 Корунттуктар 4:17).

Алдыда турган кубаныч мына ушул, анан ушул нерсе биздин аяныбыз болушу керек.

## Алдыдагы кубаныч

> «Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла. Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер. Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек» (Жакып 1:2-4).

Кубаныч деген – бул биздин сыналууларды жана азаптарды көтөрүп кетүүгө күч берген рухий күч. «Муну кубанычтын жана кайгынын бир бөлүгү» дебестен, «Улуу кубаныч менен кабыл алгыла» дегенге көңүл буруңуздар. Биз жүрөгүбүздө кубаныч да, кайгы да болушуна жол бербешибиз керек. Буга төмөнкүдөй карагыла. Силерде кубанычтан турган токсон тогуз чынжыр болушу мүмкүн, бирок, анын бирөөсү гана кайгыдан турса, анда ошол звенонун бекемдиги так ошол алсыз звено менен аныкталат. Силердин жашоодогу кырдаалга зарыл болгон чынжырдын жүзү тең кубанычтан гана турушу керек, анда кайгынын бир дагы звеносу болбошу керек.

Баары жакшы болуп турган кезде улуу кубанычка ээ болуу оңой экенин билебиз. Бирок, бул жерде ал жөнүндө айтылып жаткан жок. «Улуу кубаныч менен кабыл ала турган убак» - бул сыноо убактысы – чөл, куугунтук, кыйынчылык, азап тартуу жана башка бактысыздыктар. Кудай бул тууралуу айтып жатат, «Анткени Теңирдин алдында кубануу силерге күч болот» (Некемия 8:10).

Бизди Аны менен болгон жакын мамиле бекемдейт.

Менин аялым, бүт үй-бүлөм – уулдарым, келиндерим, неберелерим мага кубаныч алып келишет! Мен үйдөн алыс жүргөнүмдө алардын сүрөтүн карап, ар бир жолу ушундан кубаныч алам. Бул дагы мага күч берет.

Мына, Некемия өз адамдарына эмне тууралуу айтып жатат. Алар кыйын учурларды башынан өткөргөн жана Некемия минтип айткан: «Кыйынчылыктар үчүн кайгырбастан, көздөрүңөрдү Теңирге бургула. Анткени, силер Ага жакындаганыңарда, жүрөгүңөр кубанычка толуп, анан күч аласыңар» (менин айтканым).

Мактоо ырлары көүңүлүңөрдү өзүңөрдөн алагыды кылып, Теңирге багыттайт. Сыноо күч алган кезде дуушар болгон басымдардын айынан Кудайдын күчү жөнүндө оңой эле унутуп калууга болот. Дөөт өзүнүн забырларынын көпчүлүгүнкыйынчылыктардын арасында жазган. Абдан жагымсыз кырдаалдарда да Кудайды даңктоо аркылуу ал күчтүү бойдон калган.

Ышайа 61:3тө Кудай Ал бизге эмне берери тууралуу мындай дейт: «күл ордуна … жасалга, кайгынын ордуна – кубанычтын майы, муңаюунун ордуна – даңк кийими».

Мен абдан күчтүү кургакчылыкты баштан өткөрүп жатканымда бул аятты жаңыча түшүнгөн учур эсимде. Мен үйдө жалгыз элем, анан абдан оорчулукту сездим. Библиямды алып, аны жөн эле окуп жаттым. Сыйына баштадым, ого бетер баары жаман боло баштады. Ичимден Кудайдын Руху мага минтип айтканын сездим: «Өзүңдөгү даңктоосу бар компакт-дисктеридин бирин кой». Мен биздин стреосистема бар бөлмөгө кирдим, даңктоону койдум да, анан кошулуп ырдай баштадым. Бул жетишпей жаткандай болду, анан мен Теңирдин алдында бийлей баштадым. Бирок, жүрөгүмдө оордукту сезип жаттым. Мен күрөшүп жаттым десем, ашыктык кылбайт.

Ыр бүткөндө аны кайрадан коюу керектигин түшүндүм. Экинчи жолу мен ырдаганымды уктум. Капысынан эле анан мен жүрөгүмдө

тактыда отурган Ыйсанын жарк эткенин жана Анын улуу сүйүүсүн көрдүм. Менин жүрөгүм кубанычка толуп жана кыйналбай эле бийлей баштадым. Мен көңүлүм өзүмдөн алаксып, Ыйсанын улуулугуна бет алганын баамдадым. Кийинки отуз мүнөттүн ичинде мен ырдап, бийлеп жана биздин кичинекей үйүбүздө жапайы сыяктуу чуркап жүрдүм. Оорчулук кетип, мен отуз эле мүнөт мурда болбогон өмүргө жана күчкө толдум.

Мен Аны даңктаганымда, кайрадан Ага көңүл бурдум. Мен Ышайа жазган нерсени башымдан өткөрдүм: «Куткаруу булагынан кубаныч менен суу сузуп аласыңар» (Ышайа 12:3) жана Теңирдин кубанычы аркылуу куткарылуу булагынан күч сузуп ала баштадым.

Даңктоо биздин көз карашыбызды бизди курчап турган кырдалдарга эмес, алдыда турган кубанычка багыттайт.

> «Ушундай көп күбөлөрдүн курчоосундагы биз ар кандай түйшүктөн жана оңой эле чырмап алчу ар кандай күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы. Ишенимибиздин баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны карайлы. Ал алдыда күтүп турган кубанычтын ордуна, шылдың болгонуна карабай, айкаш жыгачка керилип, азапка чыдады, андан кийин Кудайдын тактысынын оң жагына отурду. Алдан тайып, кайратыңардан жазбашыңар үчүн, күнөөкөрлөрдөн ушундай кордук көргөн Ыйса жөнүндө ойлогула. Күнөөгө каршы силер кан төгүлгүчө күрөшө элексиңер” (Эврейлерге 12:1-4).

Ыйса кадалуудан кийинки алдыда турган кубанычка – тирилүүгө кароо менен эч ким, эч качан дуушар болбогон улуу сыноолорду башынан өткөргөн. Бул Анын моюн сунуудагы азаптарынын артынан келген даңк, ал акыры көптөгөн уул-кыздарды Анын падышачылыгына алып келген, алардын катарында силер жана мен да бармын!

Биз ушинтип Анын издери менен барабыз. Өзүбүздөн баш

тартуу жана денебизди керүү аркылуу тирилген өмүр күтүп турат. Азап тартуунун арт жагында бизге зарыл болгон жеткилеңдик турат, ал аркылуу биз Ыйса менен жакын мамиледе болобуз. Чөлдөгү кыйынчылыктан кийин чоң даңк турат. Пабыл минтип жазат: «Анткени келечекте биздин ичибизде ачыла турган даңкка салыштырганда, азыркы учурда тартып жаткан азаптар эч нерсе эмес деп ойлоймун» (Римдиктерге 8:18).

Кудайдын даңкы жыйындарда Ал кайтып келгенге чейин көрүнөт. Анын масштабы ушунчалык кеңеет, ал шаарлар менен өлкөлөрдү куткарылууга тартат. Анын күчү Кудайга өзүн тазалоого мүмкүнчүлүк берген Машайактын жолдоочулары аркылуу көрүнгөндөй болуп, буга чейин эч качан көрүнгөн эмес. Бул Анын Рухунун төгүлүшү, ал адамдын колдоосуна муктаж болбогон улуу түшүмгө алып барат. Кудайдын күчү менен даңкы аны колдойт!

> «Сүйүктүү бир туугандар, сыналышыңар үчүн жиберилип жаткан оттуу сыноону жат нерсе катары өгөйлөбөгүлө. Тескерисинче, Машайак тарткан азапка ортоктош болуп жаткандыгыңар үчүн кубангыла, анткени Анын даңкы көрүнгөндө, кубанычка жана шаттыкка бөлөнөсүңөр" (1 Петр 4:12-13).

Кайра карап көрөлү, биздин алдыбызда турган кубаныч деген эмне? Бул биздин арабыздан ким Машайакка тил алчаак болуу менен азап тарткан болсо, ошолор аркылуу көрүнчү Анын даңкы. Билип алгыла, каршылык канчалык көп болсо, даңк дагы ошончо көп болот; силердин азап тартуу ченемиңер кубанычыңардын ченемине барабар болот!

## Өз жашооңорду жоготкула

Досум, каршылыктар келгенде, Кудайды ээрчүүнү токтотпогула! Мен билем, Ал силерди жашоодогу кыйын кырдаалдарга алып

барат, анткени салгылашуу канчалык көп болсо, Кудайдын падышачылыгы үчүн жана силер үчүн жеңиш да чоң болот. Бирок, ошол каршылыктардын күч алып турган кезинде, дайыма бул бүтүм тууралуу эстегиле:

> «Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет» (1 Коруттуктарга 10:13).

Сыноо кандай болгондугуна карабастан, силерде андан ийгилик жана даңк менен өтө турган күч бар. Андай болбогондо, силер бул сыноолорго дуушар болбойт элеңер; Кудай жол бермек эмес!

Эгер өз өмүрүңөрдү сүйсөңөр, кыйынчылык келгенде багынып бересиңер. Силер Анын артынан ээрчигенди токтотуп коёсуңар да, жашооңордо түшүм болбой калат.

Аян 12:11де жазылып турат: «Алар аны Козунун каны менен, өздөрүнүн күбөлөндүрүүсү менен жеңишти. Алар өз өмүрлөрүн аяшкан эмес, өлүмгө баш байлашкан”.

Өз өмүрүн сүйгөн адамдар деген Кудайдын эрки жөнүндө эмес, өзү үчүн көбүрөөк кам көргөндөр, бирок, Ыйса минтип айтат: «Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат» (Матфея 16:25).

Бизди алдыда күтүп турган нерсени кармап калуудагы жалгыз ыкма, бул өз жаныбызды жана өмүрүбүздү жоготуу. Мен силерге алдыга умтулууну уланта бергиле демекчимин, «Бизге жогорудан Рух төгүлгөнгө чейин, чөл бакка айланганга чейин, бакты токой деп эсептешкенге чейин ошондой болот» (Ышайа 32:15).

Чөл – бул биз куралдарды ары таштап коюп, багынып берчү жер эмес. Чөлдө биз Кудайдын эркин аткаруу үчүн күчтүү, кайраттуу, эр жүрөк болушубуз керек. Бул биз туруктуулук менен Кудайга баш ие

турган жана шайтанга каршы тура турган жер.

Эгерде силер азыр чөлдө болуп жатсаңар, Кудай силерди бул жерге жүрөгүңөрдө эмне бар экендигин билип алышыңар үчүн алып келген. Мен шайтандын азгырыгы деп эсептеп келгендеримдин бир бөлүгү, чынында менин жашоомдун Машайаккка баш ийдиришим керек болгон жашыруун жактары экен.

Асмандагы сыйлыкка умтулууну улантып жатып, бул аятты эстегиле:

> «Машайак аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген... Кудайга ыраазыбыз!» (2 Коруттуктарга 2:14).

> «Бизди Машайактын сүйүүсүнөн ким ажырата алат? Кайгыбы, кысымчылыкпы, куугунтукпу, ачкачылыкпы, жылаңачтыкпы, коркунучпу, кылычпы? Бирок мунун бардыгын бизди сүйгөн Кудайдын күчү менен жеңебиз» (Римдиктерге 8:35, 37).

> «Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу бизге жеңиш берген Кудайга ыраазыбыз!» (1 Корунттуктарга 15:57).

Кудайдын артынан ээрчигенди токтотпогула. Кырдаалдарга карабастан, Ал силерге берген аянды сактагыла.

Жусуптун бөтөн өлкөдө болуп жана аны зынданга ыргытып салышкандагы абалы үмүтсүз эле. Анын өмүрү ошону менен бүткөндөй сезилген. Анын кандай келечеги болушу мүмкүн эле? «Адамдар муну кыла алышпайт, бирок Кудай кыла алат. Анткени Кудай бардыгын кыла алат» (Марк 10:27).

Кырдаал канчалык оор болгондугуна карабастан, силерге да бул тиешелүү, эсиңерде болсун: «Эгерде сен бир аз ишенсең, ишенген адамга баары мүмкүн» (Марк 9:23).

Алдыда турган кубанычка, силерде көрүнө турган Анын даңкына карагыла. Бул силерге дуушар болгон бардык сыноолорду жеңип чыгууга күч берет. Ал Өзүнүн Руху менен Өз

Сөзү аркылуу силерге айткандарынын баарына бүткүл жүрөгүңөр менен ишенүүнү уланта бергиле. Эгерде силер ушундай кыла турган болсоңор, анда чөлдө жеңишке ээ болосуңар.

> «Кылымдар мурун жана азыр,
> түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик
> силерди жыгылуудан сактай ала турган,
> Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып,
> кубанычыңарды сактап тура ала турган,
> биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу
> Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы!
> Оомийин» (Жүйүт 1:24-25).

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

Эгерде силер бул китепти «Чөл» деген окуу курсу менен бирге окусаңар (бул абдан жакшы идея), мен силерге жума сайын видеосабакты көрүүнү жана тайпада талкуулоо үчүн тиешелүү суроолорго жооп берүүнү сунуш кылаар элем. Видеосабактар бул китептеги негизги идеяны кайталап жана өстүрөт. Ошондуктан, бардык катышуучулар китепти окуу менен бирге видеону да көрсө эң жакшы болмок.

Ырахаттангыла!

## 1-сабак

### *1-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Кудайдын бардык жерде болуучу табияты менен Анын ачык жаныбызда болушунун кандай айырмасы бар? Эмне үчүн бул айырмачылыкты билгенибиз маанилүү?
2. Биздин кайсы сезондо турганыбызды айырмалай билүүбүз жана биз чөлдө турган, турбаганыбызды билүү эмне үчүн маанилүү?
3. Силер кандай ойлойсуңар, эмне үчүн биз өз ишенимибизден баш тартышыбыз же билип туруп күнөө кылышыбыз үчүн шайтан чөл сезондорун колдонот?
4. Эмне үчүн биз убактыбызды чөлдө өткөрүүбүзгө Кудай жол берип коёт?

# 2-сабак

## *2, 3-Бөлүмдөрдү окуп чыккыла*

1. Чөл бир нече максаттарга ээ. Бул сабакта айтылган жети максаттын кайсынысы силерге өзгөчө таасир этти жана эмнеге?

2. Эмне үчүн чөлдө Кудайга тил алчаак болуу рухий өсүүгө алып барат, силер кандай ойлойсуңар?

3. Чөл - бул өзүңдү таанып-биле турган мезгил. Силер өзүңөр жөнүндө жана өзүңөрдүн чөлдө Кудай менен жүргөнүңөрдөн билген кээ бир нерселерди көрсөткүлө.

4. Ушул жоошутуучу сезондо силер кантип Кудайда бекемделүүгө үйрөндүңөр?

# 3-сабак

## *4-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Убада берүү менен аны ишке ашыруунун ортосунда дайыма процесс болот. Эмне үчүн ушул процесс маанилүү деп ойлойсуңар?

2. Силердин жашооңордо даярдануу процесси ишке ашырган жумушту байкап көрдүңөр беле?

3. Силердин оюңар кандай, эмне үчүн Кудай даярдануу процессинен өткөнгө чейин убада берет?

4. Эмне үчүн силер түзгөн беш жылдык планга караганда, жашооңорго Кудай берген убадага ээ болуу маанилүү?

## 4-сабак

### *5,6-Бөлүмдөрдү окуп чыккыла*

1. Кудайдын чөл аркылуу тазалоосунун маанилүү экендигин түшүнүүдө Шабыл менен Дөөттү салыштыруу бизге кандай жардам берет?
2. Алтынды тазалоо аны көбүрөөк ийилчээк кылат жана Кудайдын тазалоосу да бизди Ага карата болгон мамиледе көбүрөөк ийилчээк кылат. Кудайга карата көбүрөөк ийилчээк болуу кандай болоорун сүрөттөгүлө.
3. Кудайдын тазалоо процессинде жашыруун күнөөлөр жана алсыздыктар көрүнсө, биздин ага карата таасирленүүбүз кандай болуш керек?
4. Тазалоо процесси Ыйсаны айкыныраак көрүүгө бизге кандайча жардам берет?

## 5-сабак

### *7-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Эмне үчүн Кудай наалыганды жаман көрөт? Силердин жашооңордо налуу кандай орунду ээлейт?
2. Малахиянын китебиндеги адамдардын наалуусу менен Жеремиянын арызданусунун кандай айырмасы бар? Эмне үчүн Кудай биринчи топко каарданып, бирок, Жеремиянын арыз-муңуна жооп берди?
3. Сот деген айыптоо дегенди эмес, чечим дегенди түшүндүрөт. Качан сот Кудайдын үйүнөн башталган кезде, Ага кызмат кылууга ким татыктуу экендигин Ал чечет. Силердин оюңарча бул чечимди чыгарып жатып Кудай эмнеге карайт?
4. Кудай кызматка ылайык келген идиштерди издейт.

Чакырылган жана тандалган дегендин ортосундагы айырмачылыкты кантип сүрөттөөр элеңер?

## 6-сабак

### *8-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Азап чегүү – бул белек дегенди биринчи жолу укканыңарда силердин таасирленүүңөр кандай болду эле? Сабактын аягында силердин көз карашыңар кандай болуп өзгөрдү?
2. Кудай силерге көтөрө албай турган сыноону бербейт. Ушул чындык силерди шыктандырабы, кандайча?
3. Кудай силердин күчүңөр азыркы деңгээлде эле кала бергенин каалабайт. Силердин жашооңорго карата болгон Кудайдын бул планы эмнени айтып турат?
4. Биз алдыда дуушар боло турган нерсе басым көргөзөт. Эми Кудай ошол басымга окшогон сыноолордон өтүшүбүзгө жол берет. Кудай силердин келечегиңер тууралуу эмне деди жана ошол нерсе азыр силер баштан өткөрүп жаткан басым тууралуу ой жүгүрткөнгө кандайча жардам берет?

## 7-сабак

### *9-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Кудайдын артынан ээрчүү дайыма эле логикалуу болот. Эмне үчүн Ал биздин көнүп калган жашоо-турмушубузду «бузуп» жатканда, бизге Кудайга ишенүү кыйын болот?
2. Кудай силер күткөн мезгилде аракеттенбесе өзүңөрдү кандай сезесиңер? Кудайдын баарлашуусу кечигип жаткандай сезилгенде кандай басым, кандай азгырыктарды башыңардан өткөрөсүңөр?

3. Төмөнкү чындыкка өз жашооңордо көзүбүз жетти деп айта аласыңарбы: «Эгерде дене бир нерсени жаратса, анда так ошол дене аны колдоо керек. Жашооңордо Кудай жараткан нерседен бул эмнеси менен айырмалант?

4. Силердин жашоодо Кудайдын жолу менен жүргөнүңөргө эмне ишенимдүүлүк берет?

## 8-сабак

### *10-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Чөл – бул Кудай Өзүн көргөзө турган жер. Андай болсо, эмне үчүн Кудай чөлдө абдан алыс сыяктуу сезилет?

2. Биринчи кезекте баталарга эмес, Кудайга умтулуу деген эмнени түшүндүрөт?

3. Силердин убадаңар жана чакырылган максатыңар Кудайдын Өзүнөн маанилүүрөөк болгону эмнеге опурталдуу?

4. Кудай Өзүн Жазуунун каармандарына кантип көргөзгөнүн көргөнүңөрдө, бул силердин чөлдөгү убакыттан күткөн нерселериңерди кантип өзгөртөт?

## 9-сабак

### *11-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Эмне үчүн биздин өзгөчө кургакчылык мезгилинде сооронуу алган жактарга этиет болгонубуз маанилүү?

2. Биз өзгөчө каалабай турган кезибизде Кудайдын Сөзү менен сыйынууга ого бетер сүңгүшүбүз рухий тамырыбызды кантип бекемдейт?

3. Түшүмүңөр пайда болор алдында ага улуу чабуулдар келет

деген билим, силерди канчалык деңгээлде шыктандырат?

4. Эмне үчүн Кудайдын ишенимдүүлүгү тууралуу ойлонуу чөлдөгү убактыңарга айланат?

## 10-сабак

### *12-Бөлүмдү окуп чыккыла*

1. Басып өткөн чөлдүн бирөөсү жашооңордун кийинки деңгээлине өтүүгө силерди кандайча даярдады?
2. Өзгөрүү эмне үчүн кыйынчылык менен келет? Өзгөрүлүүгө ылайыкташуубуз үчүн биздин эң бир чоң тоскоолдуктарыбыз болуп эмнелер эсептелет?
3. Чаначтардын жаңыруу процессинде эмне сизди өзгөчө таасирлентти? Бул эмне үчүн силердин көңүлүңөрдү буруп калды?
4. Жаңы нерсеге ээ болуу үчүн, биз эскиден арылышыбыз керек. Жаңыны кабыл алуу үчүн, биз кайсы нерселерди калтырышыбыз керек?

# ТИРКЕМЕ
## Баарына жете турган куткарылуу

*«Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби, адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат".*

**– Римдиктерге 10:9, 10.**

Кудай силердин толуктуктагы жашоодо жашашыңарды каалайт. Силерди бүткүл жүрөгү менен сүйөт жана силердин жашооңор үчүн Анын планы бар. Бирок, өз тагдырыңа бара турган жолду тандоонунун бир гана жолу бар – Кудайдын Уулу, Ыйса Машайак аркылуу куткарылууну каабыл алуу керек.

Кудай Өзүнүн сүйүктүү уул-кыздары катары Ыйсанын өлүмү жана тирилүүсү аркылуу силер үчүн Анын Падышачылыгына жол сунуштады. Машайактын айкашкан жыгачтагы курмандыгына ылайык, силер түбөлүк молчулуктагы жашоого ээ болосуңар. Куткарылуу деген – бул силерге деген Кудайдын белеги, аны силер сатып ала албайсыңар же иштеп таба албайсыңар.

Бул кымбат баалуу белекти алуу үчүн, жашоосунда Жаратуучудан көз каранды болбой жашаганы үчүн өз күнөөлөрүн моюнга алуу керек (анткени, ошол күнөөлөр качандыр бир кезде силер жасаган күнөөлөрдүн тамыры). Тобо кылуу – куткарылуунун маанилүү бир бөлүгү. Петр бул тууралуу беш миң киши куткарылганда Элчилердин иштери китебинде даана айткан: «Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла,

Кудайга кайрылгыла» (Элчилердин иштери 3:19). Жазуу айтып жаткандай, биз аририбиз күнөөнүн кулу болуп туулганбыз. Бул кулчулуктун тамыры өзүм билемдик кылып, тил албаган Адамга барып такалат. Тобо кылуу – бул тандоо, эми мындан кийин өзүнө жана шайтанга, калптын атасына, баш ийбестен, өзүнүн Теңирине, Ыйса Машайакка – силер үчүн Өз өмүрүн арнаганга баш ийүү дегенди билдирет.

Силер эми өзүңөрдү Машайакка баш ийдирип, Аны өзүңөрдүн Тенириңер кылып, өз жеке жашооңордун үстүнөн (Ага рух, жан, денеңерди баш ийдирип), өзүңөрдө эмне болсо, ошонун баарынын үстүнөн бийлик кылууга мүмкүнчүлүк берүүңөр керек. Анын бийлиги силердин жашооңордун үстүнөн чексиз болот. Ушундай кылган маалыңарда Кудай силерди караңгылыктан бошотуп, жарыкка жана Өзүнүн Падышачылыгынын даңкына алып келет. Силер өлүмдөн өмүргө өтөсүңөр жана Анын балдары болуп каласыңар!

Эгерде силер Ыйса аркылуу куткарылуу ала турган болсоңор, анда төмөнкү сыйынуу менен сыйынгыла:

*«Асмандагы Кудай, мен күнөөкөр экенимди мойнума алам жана Сенин адилеттигиңдин стандартына ылайык жашай албайм. Өз күнөөлөрүм үчүн мен түбөлүк жазага татыктуумун. Ырахмат Сага, мени ушул абалда калтырып койбогонуң үчүн. Анткени, мен Сенин Ыйса Машайакты, Кыз Мариямдан туулган, Өзүңдүн Жалгыз Уулуңду мен үчүн өлүп жана айкашта менин жазамды тартыш үчүн жибергениңе ишенем. Ишенем, Ал үчүнчү күнү тирилип жана Сенин оң кол жагыңда отурат. Ал менин Теңирим жана Куткаруучум. Ушул күнү мен Сенден көз каранды экендигимди мойнума алам жана өз жашоомду толугу менен Теңир Ыйсага тапшырамын.*

*Ыйса, мен Сени өзүмдүн Теңирим жана Куткаруучум деп айтам. Өз Рухуң менен менин жүрөгүмө кир жана мени Кудайдын баласы кылып өзгөрт. Мен ушул кезге чейинки*

*караңгылыктан баш тартам жана ушул көз ирмемден баштап өзүм үчүн жашабайм, бирок, Сенин ырайымың менен Сен үчүн жашайм, анткени менин кылымдар бою жашашым үчүн Сен Өзүңдү бердиң.*

*Ырахмат, Сага Теңир. Эми менин өмүрүм Сенин колуңда жана Сенин Сөзүңдө жазылып тургандай, уятка калбаймын. Ыйсанын ысымынан, оомийин».*

Үй-бүлөгө кош келгиле! Башка ишенгендерге азыр эле силер менен эмне болгонун айтып бергиле. Силерди ишенимде шыктандырууга даяр болгон, Библияга ишенишкен, кайсыдыр бир жергиликтүү жыйынга барып ишенгендер менен баарлашкыла. Силер биздин кызматыбыз менен (MessengerInternational.org.ro киргиле) байланышкыла, анан биз силер жашаган жерден жыйын таап берүүдө жардамдашабыз.

Силер эң бир керемет саякатты баштадыңар. Күн сайын аянда, ырайымда жана Аны менен болгон достукта өсүшүңөрдү Кудай жалгасын!




**«Мессенджер Интернэшнл»** адамдарга, үй-бүлөлөргө, жыйындарга жана элге Кудайдын Сөзүнүн өзгөртүүчү күчүн баштан өткөрүүгө жардам берүү үчүн түзүлгөн. Муну аңдап-билүү менен адамдардын жашоосу күчкө толот, коом өзгөрө баштайт, дүйнөдөгү адилетсиздикке карата катуу жооп айтылат.

---

CLOUD LIBRARY

**Cloud Library** — бул дүйнө жүзүндөгү бардык кызматчылар өз эне тилдеринде бекер сан ариптик каражаттарды ала ала турган онлайн-платформа.

**CloudLibrary.org** сайтынан силер Джон жана Лиза Биверлердин **100дөн** ашык каражаттарын таап жана оңой эле жүктөп ала аласыңар.


**Электрондук китептер, видео жана аудио окутуулар, аудиокитептер, Библиялар...**

Көптү билгиңер келеби? Бул жерден сканируват этип алгыла:

**Cloud Library.org**

# Түбөлүктүүлүк Менен Жетектелгендер

**Бүгүнкү күндө жана  бүткүл түбөлүктүүлүктө мааниге ээ болгон өмүр**




Жер жүзүндөгү жашоо – көз ирмем гана. Бирок, биздин көпчүлүгүбүз ушул жашоодон кийин эч нерсе жоктой жашайбыз. Бирок, түбөлүктүүлүктү кантип өткөрөрүбүз, ушул жер жүзүндө кантип убакыт өткөргөнүбүзгө жараша болот. Машайактын Өзү менен падышачылык кыла турган мезгил келгенге чейин, адамдын бардык иштеринен баштап бардыгы сот алдында күйүп кетери, ишенгендер ар кандай сыйлыктарга ээ болоору тууралуу айтат Ыйык Жазуу.

Корунттуктарга жазылган экинчи Катка ылайык (5:9-11), Джон Бивер бардык машайакчылар жашоосунда эмнеге ылайык жашаган болсо, ошону алуу үчүн, Машайактын алдында турушат деп бизди эскертет. Биздин арабыздан көпчүлүгү ошондо убактыбыздын көп бөлүгүн бизге түбөлүк сыйлык бербей турган нерселерге сарптаганыбызды көрүп эстен тангандай абалда болушат.

Биз кантип өз жашообузду татыктуу жашай алабыз? «Түбөлүктүүлүккө жетектелгендер» деген китептен силер Кудай берген нерселерди кантип көбөйтсө болорлугу жана  эмне максат менен жаралгандыгын кантип билсе болорлугун билесиңер. Качан силер өз өмүрүңөргө түбөлүктүүлүктүн перспективасы менен караган маалыңарда, түбөлүк боло турган жемишти алуу үчүн эмгектенүүгө күч аласыңар.

Джон жана Лиза Биверлердин ушул жана башка китептери Messenger кызматынын сайтында. Ал жактан каражаттарды жүктөп алуу жана видеолордун агымын бекер көрүү мүмкүнчүлүгү да бар:

CloudLibrary.org

## «КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!» ДЕП СУРОО МЕНЕН, ЖАШООНУН ТАТААЛ БАСКЫЧЫНДА ӨЗҮҢӨРДҮ ЖОГОЛГОНДОЙ СЕЗЕСИҢЕРБИ?

Балким, силер Кудайдын үнүн уккандырсыңар, бирок, азыр Ал унчукпай эле. Балким, силер ишеним менен алгалагандырсыңар, бирок, азыр Анын жаныңарда бар экенин сезбей эле турасыңар. Анда, Кудайдын убадаларын алуунун жана анын аткарылышынын ортосундагы чөлгө кош келгиле.

Бирок, Чөл – бул максатсыз жана бош жер эмес деген жакшы жаңылык бар. Эгерде силер чөлдөн туура өтө турган болсоңор, анда Кудай ал чөлдү силерди чакырылып алынгандагы максатыңарга даярдоо жана куралдандыруу үчүн колдонот. Көпчүлүгү кандай ойлогонуна карабастан, биз бул сезонду жөн гана Кудайды күтүү менен эле өткөрбөйбүз. Силер чөлдөн өтүп бара жаткандагы өз ролуңарды аткарышыңар керек жана силердин ролуңар маанилүү. Эгерде силер куру бекер эле айланып жүрө берүү менен убакыт өткөргүңөр келбесе, анда чөл эмне экендигин билип алган маанилүү.

Бул китепте бестселлерлердин автору Джон Бивер силерди негизги библиялык билим менен жана маанилүү таржымалдар менен куралдандыргысы келет. Ал силерге жашооңордун татаал жана кургак сезонунан өтүүгө, ошондой эле, Кудай силер үчүн даярдап койгон бардык нерселерге кирүүңөргө жардам берет.



**ДЖОН БИВЕР** - Кудайдын Сөзүнө карата компромисске барбаган мамилеси менен белгилүү болгон, эл аралык насаатчы жана бестселлерлердин автору. Джон жана анын аялы Лиза «Мессенджер Интернэшнл» кызматынын негиздөөчүлөрү. Бул кызматтын максаты - биздин дүйнөнү өзгөртүүчү, Машайактын компромисске барбаган шакирттерин даярдоо. Джон Колорадодо үйүндө болгон учурда өзүнүн төрт уулу менен столдогу карточкалык оюндарды ойнойт, же болбосо, Лизаны өзү менен гольф ойногонго ынандырууга аракеттенет.

Cloud Library

Видеолорду бекер жүктөп алуу үчүн CloudLibrary.org го кириңиз.

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Бул китеп - автордон берилген белек. Сатууга болбойт.

Көпту билгиңер келби?
Ада ушул жерден скайнирувать этип алгыла.

CLOUD LIBRARY